**Список исползованной литературы:**


1. Савельев И.В. Курс физики. Том 2. –М.: Наука, 1989,- 404с.
2. Корякин Н.И. и др. Краткий справочник по физике.– М. :,Высшая школа, 1969, -600
3. Физика металлов. 1.Электроны. под. ред. Дж. Займана. –М.: изд. «Мир», 1972,-444с
4. Смирнов И.А., Томарченко В.И., Электронная теплопроводность в металлах и полупроводниках, -Л.:1977
5. Берман Р., Теплопроводность твердых тел, пер. с. англ. –М.: 1979
6. Григорьев М.А. Материаловедение для столяров, плотников и паркетчиков. – -------- М.:,1989
7. Утепов Е.Н. Разработка демпфирующих материалов и конструкции для снижения шума и вибрации машиностроительного оборудования. Автореферат диссертации на соиск. уч. степ. кандидата техн. наук. Бишкек-2015.-23с.
8. Большая советская энциклопедия. Том.24. 26. 27. –М, изд. Советская энциклопедия. 1975.


* * *

УДК 004.65

# DELPHI ПРОГРАММАЛОО ЧӨЙРӨСҮНДӨ ADO ТЕХНОЛОГИЯСЫ МЕНЕН МААЛЫМАТТАР БАЗАСЫН ДОЛБОРЛООНУ УЮШТУРУУ
# ОРГАНИЗАЦИИ ПРОЕКТИРОВАНИЯ БАЗЫ ДАННЫХ С ПОМОЩЬЮ ТЕХНОЛОГИИ ADO В СРЕДЕ ПРОГРАМИРОВАНИЯ DELPHI
# ORGANIZATION OF DATABASE DESIGN USING ADO TECHNOLOGY IN DELPHI PROGRAMMING ENVIRONMENT

***Раева Б.Ж. – улук окутуучу ЖАМУ, БАС кафедрасы,***
***konung-batina@mail.ru***

***Аннотация:*** *Delphi программалоо чөйрөсүндө ADO технологиясын колдонуп, MS Excel жана MS Access офистик программаларында реляциондук маалыматтар базасын долборлоону уюштуруу.*

***Аннотация:*** *Организовать проектирования реляционные базы данных в офисных программ MS Excel и MS Access, с помощью технология ADO в среде программировании Delphi.*

***Annotation:*** *Organize relational database design in MS Excel and MS Access office programs, using ADO technology in Delphi programming environment.*

***Ачкыч сөздөр:*** *корпорация, маалыматтар базасы, процессор, маалыматтар базасынын сервери, маалыматтык – логикалык модель, визуалдык, визуалдык эмес, провайдер, компонент.*

***Ключевые слова:*** *корпорация, базы данных, процессор, серверы информационных баз, информационный – логический модель, визуалный, не визуалный, провайдер, компонент.*

***Key words:*** *corporation, database, processor, information database servers, information - logical model, visual, non-visual, provider, component.*

Бүгүнкү күндө Inprise корпорациясынын программалык өзгөчөлүгү программалык камсыздандырууларды иштеп чыгуу боюнча өз ордун туура тандап алды, алардын динамикалык өнүгүшүнүн бирден-бир себеби, анын жөнөкөйлүгү менен түшүнүктүүлүгү болуп саналат. Inprise-дин ошондой өзгөчөлүктөрүнүн бири MS Windows жана NT операциондук системалардын ортолорунда кызмат аткара турган маалыматтар базасы менен жумуш аткарууга арналган тиркемелерди түзүү куралы – Delphi болуп саналат. Delphi чөйрөсү - ар түрдүү мүнөздөгү жана жогорку деңгээлдеги тиркемелерди тез өнүктүрүүгө туура тандалган кубаттуу чөйрө болуп саналат. Delphiнин күчтүү жагынын бири - маалыматтар базасы менен жумуш жасоого арналган тиркемелерди түзүү мүмкүнчүлүгү: Delphiнин Borland Database Engine контакттык процессор же BDE, Microsoft Active Date Objects (ODBE) же Flat file (эки өлчөмдүү файлдар) куралдары аркылуу байланыштын аткарылышы.

Delphi программалык чөйрөсүндө маалыматтар базасы менен иштөөнү BDE, ADO, PostgreSQL ж.б. технологиялары менен аткарууга болот. Эмесе алардын ар бирине кыскача токтолуп өтөлү:

ADO (Active Date Objects) Microsoft фирмасынын жана жогорку денгээлдеги технологиясы болуп саналат. Ал тиркемелерге туура келген типти маалыматтарга байланыштырууга мүмкүндүк берет. ADO технологиясы боюнча жумуш жасай турган тиркеме же MS Access программалары, же MS SQL маалыматтар базасынын сервери, Oracle, же XML – файлдары жана ж.б.у.с. маалыматтарды пайдалана алат.

Маалыматтар базасы реляциондук, сеттик жана иерархиялык болуп бөлүнүшү баарыбызга белгилүү. Реляциондук маалымат базасы дегенибиз өз ара байланышкан эки өлчөмдүү таблица. Ар бир таблица зат, кубулуш, объект ж.б. тууралуу маалыматтар тобун түзөт. Access реляциондук маалымат базалар менен жумуш жасоого арналган система болуп эсептелет. Мындай маалыматтар базасы өз ара байланышкан реляциондук таблицалардан түзүлөт. Маалыматтар базасы аткаруудан мурун тандап алган предметтик чөйрө боюнча түшүндүрмөсү болушу мүмкүн. Алар чыныгы объектилер менен процесстерди камсыздоо менен колдонуучуга керектүү сурамжалоо маалыматтарды канааттандыра турган керектүү топко ээ болуу керек.

Ошондой маалыматтарды проектирлөөнүн жүрүшүндө маалыматтар базасынын курамы предметтик чөйрөнүн базасы менен түзүлүүсү аныкталат. Алар маалыматтар базасын киргизип, колдонуучуга керектүү болгон сурамжалоону катасыз аткаруу керек. Предметтик чөйрө маалыматтарынын курамы маалыматтык – логикалык модель түрүндө көрсөтүлүшү мүмкүн. Ошондой моделдин негизинде релятивтик маалыматтар базасын түзүү жеңил.

Маалыматтар моделин түзүүнү эки жол менен аткарууга болот:

– негизги милдеттерди чечүүгө арналган база аныкталат.
– заттын, чөйрөнүн (негизги) типтик объектилери жайгаштырылат.

Эң негизгиси – ошол эки жолду бирдей колдонуу, анткени мындай технологияны колдонуу учурунда – келген процесске өзгөртүү киргизүү, маалыматтар базасы курамына алдыңкы маалым кайта киргизүү жана у.с. аракеттер аткарылат. Маалыматтар моделин түзүүдө алдын ала маалыматтык объектилерди белгилөө керек. Бул моделде реляциялык маалыматтар базасын кайталоо бир гана ирет маалыматтарды киргизүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Ошондой маалыматтар базасында Access маалыматтардын байланышууларына өзгөртүүлөр киргизилсе да, эч кандай өзгөрүүсүз аткарылган.

Delphiнин башка компоненттери сыяктуу маалыматтар базасы менен жумуш аткарууга арналган компоненттери визуалдык, визуалдык эмес болуп бөлүнөт. Визуалдык эмес компоненттер маалыматтар базасына катышып уюштурууга арналган. Алар визуалдык компоненттер менен таблица арасындагы байланыш бөлүгү болуп саналат. Визуалдык компоненттер колдонуучунун интерфейстик бөлүгүн куруугa арналган. Колдонулушу - алардын жардамы менен маалыматтар базасынын таблицаларын көрүү, эсептөө амалдарды өздөштүрүүнү аткаруу.

Маалыматтарды көрүү менен жумуш жасоого арналган компоненттер Data Controls, dbExpress, DataSnap, BDE, ADO, InterBase, Decision Cube, Rave, InterBase Admin жана Data Access барактарында жайгашкан.

ADO барагында ADO (Active Data Objects) технологиясын колдонуу аркылуу маалыматтарды башкаруучу компоненттер жайгашкан: ADOConnection (кошулуу); ADOCommand (команда); ADODataSet (даректер жыйыны); ADOTable (Table даректер жыйыны); ADOQuery (Query даректер жыйыны); ADOStoredProc (сервердеги сакталган процедураны чакыруу); RDSConnection (RDS кошулуу).

ADO деген сөз бул ActiveX Data Object деген сөздөрдөн кыскартылып алынган. ADO - OLE DB интерфейсин куруугa негизделген. OLE DB интерфейсинин жыйынтыгы Microsoft компаниясынын операциялык системасына кирет. ADO-технологиясында жумуш аткарган колдонмо программалар Microsoft Access, Microsoft SQL, XML файлдары жана башка программалардын таблицалары болуп маалыматтарды колдонушат.

DataSource - бул маалыматтар булагы болуп саналат. Enumerater ADO Profaider камсыздоо үчүн колдонулат. Error - бул пайда болгон ката тууралуу маалымат. Rowset - команданын аткарылуу натыйжасы болуп табылган маалыматтардын жыйынтыгы болот. Session бир маалыматтар булагынан жумуш жасай турган объектилер тобу. Transaction OLE DB - транзакцияны башкаруу.

ADO - технологиясында жумуш аткаруу үчүн Delphi программалоо чөйрөсүндө мындай компоненттер бар: TADOConnection – маалыматтар базасына байланышуу үчүн колдонулат; TADOQuery – маалыматтар булагын бириктирүү үчүн жана транзакцияны аткаруу үчүн колдонулат; TADOTable – ADO куралдары менен байланышууга боло турган таблицалар; TADOStoredProc – процедуралар булагы менен жумушка арналган компонент; TADOCommand жана TADODateSet маалыматтык провайдерге SQL тилиндеги командаларды аткарууга мүмкүндүк бере турган ADO-технологиясында жумуш аткара турган компоненттери.

Бул макалада биз ADO технологиясынын жардамы менен MS Excel жана MS Access офистик программаларында түзүлгөн маалыматтар базасын Delphi программалоо чөйрөсүндө долборлоону карайбыз.

Ал үчүн MS Access жана MS Excel офистик программаларда реляциондук база түзүп аларды бир папкада сакталат.

Андан соң Delphi программалоо чөйрөсүн ишке киргизип төмөнкүдөй негизги меню түзөбүз:




MS Access жана MS Excel менюларын басуу менен өз өзүнчө форма ачылып, ал формаларга маалыматтар базасы менен иштөөчү төмөнкү компоненттер жайгаштырылат:

1. ADO кутучасынан TADOConnection жана TADOQuery компоненттери;
2. Data Access кутучасынан TDataSource компоненти;
3. Data Controls кутучасынан TDBGrid компонентин;
4. Standard кутучасынан 3 TButton компоненти - "Жаңы", "Сактоо" жана "Жабуу" деген кнопкалар.




Ал эми MS Excelде төмөнкүдөй талаалардан турган таблицаны түзүп, деп MS Excel 2007 үчүн 1.xlsx же MS Excel 2003 үчүн 1.xls деп сактайбыз.

| | A | B | C | D |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Фамилиясы жана аты | Туулган куну | № Паспорт | Жашаган жери |
| 2 | Акылбекова Нурпейил | 17.04.1994 | AN3445692 | р. Базар-Коргон с. Бешик-Жон |
| 3 | Амирбеков Дилшод | 01.02.1994 | AN7156327 | р. Сузак с. Ынтымак |
| 4 | Бердибеков Ибраим | 03.01.1994 | AN1860260 | Р. Ноокен с. Жаңы-Айыл |
| 5 | Имодилаев Фахридин | 15.08.1995 | AN2691911 | р. Сузак с. Арал-Сай |
| 6 | Нурланбекова Периште | 28.09.1992 | AN1747180 | р. Базар-Коргон с. Арстанбап |

Компоненттерди төмөнкүчө аткарабыз:

- ADOConnection1 компонентин MS Excel таблицасынын базасына байланыштыруу үчүн ADOConnection1 компонентин белгилеп алып, объектилер инспекторунан ConnectionString касиети тандалып MS Excel 2007 үчүн төмөнкү сап киргизилет:
  Provider =Microsoft.ACE.OLEDB.12.0;
  Data Source =1.xlsx;
  Extended Properties ="Excel 12.0 Xml;
  HDR=YES";
- 1.xlsx файлы тиркеме менен бирге бир папкада жайгашуусу керек.
  Файлга чейинки толук иш аракет төмөнчө аткарылат:
  Provider =Microsoft.ACE.OLEDB.12.0;
  Data Source =c:\myFoider\1.xlsx;
  Extended Properties ="Excel 12.0 Xml;
  HDR=YES";

Ал эми база MS Excel 2003 тө түзүлсө, төмөнкү сапты аткарабыз:

- Provider=Microsoft.Jet.OLEDB.4.0;
  Data Source=1.xls;
  Extended Properties=Excel 8.0;

Ошондой эле ADO технологиясынын иш аракетин мастер аркылуу аткарылгандыгын карап көрөлү:









«Использовать строку подключения» -> Сборка… командасын тандайбыз.





«Источник данных компьютера» -- > «Файлы Excel» -- > командасын тандалып мыштын сол кнопкасы эки жолу басылат. Төмөнкүдөй "Выбор книги" диалогдук терезе пайда болот, андан 1.xlsx базасын тандап, Ок кнопкасын басабыз.



ADOConnection1 компонентин байланыштыруу аяктагандан кийин Connection компонентин белгилеп, объектилер инспекторунан ADOConnection1 касиетин, SQL → TString → касиетин белгилеп SELECT * FROM [Лист1$]; сурамжалоону жазабыз жана Active → True тандайбыз.

Жогорудагы компоненттер Delphi программалоо чөйрөсүндө төмөнкүчө байланышат:

DataSource1 белгилеп Инспектор объектен DataSet - ADOTable1,

DBGrid1 белгилеп Инспектор объектен DataSource - DataSource1,

ADOConnection1 белгилеп Инспектор объектен: база ачылганда пароль сурабоо үчүн LoginPromt - False, Connection - True.

ADO технологиясынын жардамы менен MS Excel офистик программаларында түзүлгөн маалыматтар базасын Delphi программалоо чөйрөсүндө чыгарууга боло тургандыгы көрсөтүлдү:







Жыйынтыгында маалыматтар базасын аз убакытты талап кылган жана тез аткарылган долборлоону иштеп чыгууну аяктоо, жогорку татаалдыкты талап кылат. Маалыматтар базасын башкаруу системасынын толук иштөө принциптерин иштеп чыгуу үчүн бир гана маалымат системасын түзүү жеткиликсиз. Ошондуктан ар дайым мыкты билим алууга умтулуубуз керек.

Эгер маалыматтар базасынын дизайнын б.а. технологиясын толук өздөштүргөн болсок, анда биз аз убакытта системада тиркемени долборлоону иштеп чыгара алабыз.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Шейкер Т.Д. Разработка приложений баз данных в системе Delphi: Учебное пособие. - Владивосток, 2009. - 138 стр.
2. Мухина Ю.Р. Базы данных: основы SQL: практикум. – Челябинск: Изд-во НОУВПО РБИУ, 2014. – 32 с.
3. Гофман В. Работа с базами данных в Delphi – СПб.: БХВ – Петербург, 2003г. – 624 с.
4. Фаронов В. Система программирования Delphi – СПб.:БХВ-Петербург, 2004. – 888 с.

* * *

УДК 37.091.33+51

## РОЛЬ НАГЛЯДНОСТИ В ИЗУЧЕНИИ ТЕМЫ "МОМЕНТ СИЛЫ В ПЛОСКОСТИ"
## “ТЕГИЗДИКТЕГИ КҮЧТҮН МОМЕНТИ” ДЕГЕН ТЕМАНЫ ҮЙРӨНҮҮДӨГҮ КӨРСӨТМӨЛӨРДҮН РОЛУ
## ROLE TO CLARITIES IN STUDY OF THE SUBJECT "MOMENT OF POWER IN PLANES"

***Шайдуллаев Р.Б. – Кыргызский государственный университет строительства, транспорта и архитектуры имени Н.Исанова,***
***Осунбеков С.С. – Майлуу-Сууйский колледж ЖАГУ***
***e-mail:oss_81@mail.ru***

***Аннотация:*** *В статье излагается способ проведения учебных занятий в СПУЗах. Изучение технических дисциплин имеет свои особенности. Для студентов очень важно не только изучить абстрактные понятия, формулы, рисунки, схемы и чертежи. Очень важно, чтобы студенты увидели эти образы, понятия, то есть сами детали и узлы. Поэтому при изучении темы "Момент силы в плоскости" мы использую не только математическую схему, но и реальную схему расчета на примере после чтения или объяснения пройденного материала.*

***Аннотация:*** *Макалада ОКОЖдордо окуу сабактарын өтүүнүн ыкмалары баяндалат. Техникалык сабактарды үйрөнүүдө өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар. Студенттерге эң керектүү формулаларды, сүрөттөрдү, схемаларды жана чиймелерди абстракттуу*

*түшүнүктүү үйрөнүү гана эмес. Студенттерге абдан керек ошол образдарды көргөнү, түшүнүүнү, андагы алардын тетиктерин жана түйүндөрүн. Ошондуктан "Тегиздиктеги моментин күчү" деген таманы окууда, биз бир гана математикалык схеманы эмес, аныктык схемалырдын эсебинин мисалында өтүлгөн материалды окуудан кийин түшүндүрүү.*

***Annotation:*** *Way of the undertaking scholastic occupation is stated In article. The Study of technical discipline has their own particularities. For student much it is important not only to study the abstract notions, formulas, drawings, schemes and drawings. Much it is important that students have seen these images, notions that is to say themselves detail and nodes. So at study of the subject "Moment of power in planes" we use not only mathematical scheme, but also real scheme of the calculation on example after reading or explanations of the passed material.*

***Ключевые слова:*** *Учебно-методический механизм, инновационные технологии, интенсивные технологии обучения, интерактивные методы обучения, модернизация, квалификация, практика.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Окуу-усулдук механизм, инновациондук технологиялар, ургаалдуу технологияларды окуу, интерактивдүү усулду окутуу, модернизация, квалификация, практика.*

***Key words:*** *Scholastic-methodical mechanism, innovations to technologies, intensive technologies of the education, интерактивные methods education, modernization, qualification, practice.*

Наша страна с каждым годом расширяет и усиливает свои позиции в глобальных образовательных процессах. Кыргызская Республика в 2004 году ратифицировала Лиссабонскую Конвенцию о признании квалификаций, относящихся к высшему образованию в Европейском регионе (ETS №165), тем самым она заявила о своем твердом намерении активно участвовать в мировых образовательных процессах по обновлению содержания и модернизации системы высшего профессионального образования.

Обеспечение качества, фундаментальность высшего образования - это важнейший принцип современного качественного высшего образования. Особое значение начинают приобретать не только прочность и глубина, но и востребованность фундамента, на котором выстраивается профессиональная подготовка. Будущий специалист должен обладать умениями и профессиональной мобильностью, оперативно реагировать на постоянно возникающие изменения в практической и научной деятельности. Это станет возможным, если СПУЗ вооружит своего выпускника общей интегральной (междисциплинарной) методологией профессиональной деятельности. Иначе говоря, подготовит его как специалиста, умеющего востребовать и использовать аппарат каждой отдельной дисциплины (методологию, основные понятия и положения) в интерактивной (междисциплинарной) связи с другими, как средство решения задач (проблем) в познавательной и профессиональной деятельности.

Для этого необходимо:

- разработка и переход на научно обоснованную концепцию междисциплинарной интеграции, отвечающей требованиям объективного закона качественного развития образования;
- интегральная подготовка и переподготовка преподавателей;
- создание учебно-методического механизма реального внедрения данной концепции в учебный процесс, технологию обучения студентов.

У нас, в республике, все проводимые реформы в сфере народного образования направлены на повышение качества обучения и улучшение методики преподавания студентам ВУЗов и СПУЗов или учащихся средних школ. В этой сфере большие работы

проделаны кыргызскими учеными и исследователями направленные на улучшение качества образования. Для этой цели проводятся научные конференции, семинары, защищаются кандидатские и докторские работы. При проведении занятий преподавательским составом высших и средних учебных заведений применяются различные методы преподавания для улучшения качества занятий. Существует много методов, с помощью которых проводятся учебные занятия студентам или учащимся средних школ Кыргызстана. У каждого метода имеются как положительные, так и отрицательные моменты при применении в учебном процессе.

Например, в институте педагогики Кыргызской Республики под руководством к.п.н. Ибраевой Г. разработаны так называемые "коллективная технология", и "куликуливная технология", которые применяются в учебном процессе ВУЗов и школьникам республики.

А учительница по математике Кыргызской Республики Дайырбекова Г. средней школе №68 применяет на своих учебных занятиях в городе Бишкека, технологии как "компьютерная технология" или "мультимедийная технология". В результате многолетнего опыта преподавания в школе она выявила так называемую "предметную компетентность учеников" (успеваемость), которая дает положительные результаты в процессе обучения.

Как известно в настоящее время в процессе обучения применяются так называемые "инновационные технологии" обучения.

В настоящее время преподаватели различают:

А) Интенсивные технологии обучения (опираясь на первоначальные знания студентов, предлагается изучить и освоить новый материал "ускоренно" т.е. интенсивно). Для реализации этого метода предложены различные методы проведения занятий. При этом особое внимание уделяется на самостоятельную работу студентов. Такая организация занятий требует от преподавателя большой объем предварительной подготовки. Необходимо обратить особое внимание на организацию контроля успеваемости студентов.

Б) Интерактивные методы обучения, в которых основной фигурой во время занятий является "студент", а преподаватель организует и контролирует ход занятий. Предложенные различные методы организации занятий предполагают различные формы выступления студентов. Они могут выступать самостоятельно, т.е. лично от себя или от имени подгруппы. При этом преподаватель должен направлять ход занятия "в нужное" русло. Для этого необходимо подготовить большой объем раздаточного материала для каждого студента. Это означает, что организация интенсивного занятия требует значительных расходов.

Следует отметить, что при использовании инновационных технологий обучения необходимо выполнить:

1. Поминутную детализацию организации занятий:
   - организационный период или сценарий;
   - повторение пройденного материала;
   - освоение и закрепления нового материала;
   - предварительная оценка знаний студентов;
   - заключение занятий.
2. Четкое определение объема информации и организационных работ в точном соответствии со сценарием занятий.
3. Неукоснительное соблюдение сценария занятий.
4. Разработка групповых методов (тесты, карточки и т.п.), групповых опросов.

Из выше сделанного обзора можно сделать итог, что у нас в республике уже проделаны определенные шаги в сфере профессионального образования и учащимися средних школ.

Учитывая вышесказанное, нами предложен следующий способ для проведения учебных занятий в Майлуу-Сууйском колледже ЖАГУ: изучение технических дисциплин имеет свои особенности. Для студентов очень важно не только изучить абстрактные понятия, формулы, рисунки, схемы и чертежи. Очень важно, чтобы студенты увидели эти образы, понятия, т.е. сами детали и узлы. Поэтому при изучении темы "Момент силы в плоскости" мы использую не только математическую схему, но и реальную схему расчета на примере после чтения или объяснения пройденного материала. Это вызвано тем, что как показывает опыт работы, данная тема является для студентов наиболее сложным. На рисунках 1 и 2 (а, б) показаны общий вид и расчетная схема по теме.




*Рис. 1*






*Рис 2.*

Сценарий занятий или организационный период:
- ознакомление студентов с планом работы занятий (от 3 минут до 6мин.);
- проверка домашних заданий (от 5 мин до 7 мин.);
- повторение пройденного материала или устный опрос студентов (до 10-12 мин.);
- закрепление нового материала по данной теме знаний студентов (от 50-55 мин.);
- заключение занятий и ответы на вопросы студентов (от-5 мин.).

**Выводы:**

1. В данной статье рассмотрены классические методы и технологии обучения студентов СПУЗов;
2. Рассмотрены некоторые способы, применяемые в учебном процессе СПУЗа и общеобразовательных школ Кыргызской Республики.
3. Рассмотрены инновационные и интерактивные методы обучения студентов при проведении занятий.

4. Предложен способ передачи информации во время занятий в Майлуу-Сууйском колледже ЖАГУ по дисциплине "Техническая механика".
5. Во время проведения занятий необходимо: во-первых, подготовить самих студентов, а потом детально (реально) показать пример решений задач по данной проводимой теме. Во- вторых четко показать студентам реальный пример по теме занятий.
6. На практике проверено, что применение предложенного способа улучшает успеваемость студентов.

**Список использованной литературы:**


1. Голубев Ю.Ф. «Основы технической механики» М, МГУ, 2000 г.
2. Диевский В.А «Теоретическая механика» М, Лань, 2009 г.
3. Евтушенко С.И. «Техническая механика» М; Феникс, 2013 г.
4. Лойцянский Л.Г «Курс теоретической механики» М, «Дрофа», 2006 г
5. Олофинская В.П «Техническая механика» М, «Форум», 2014 г.
6. Сетвов В.Л «Сборник задач по технической механике» М, Академия, 2012 г.
7. Батурин А.Г. «Детали машин», М, МГУ, 2000 г.


* * *

УДК 32.019.52.

# БИЛИМ БЕРҮҮ – МАДАНИЯТТЫН ФЕНОМЕНИ
# ОБРАЗОВАНИЯ – ФЕНОМЕН КУЛЬТУРЫ
# EDICATЮN THE PHENOMENON OF CULTURE

***Алымкулов Б.Н. – "Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы" кафедрасынын окутуучусу Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары***
***a.begijan @ mail.ru***

***Аннотация:*** *Билим берүү чөйрөсү рынок экономикасынын жана демократиянын шарттарында улуттук маданиятты, тилди, салттарды, этникалык аң-сезимди сактоого, диний аң-сезимди кайра жаңыртууга, социалдык-укуктук абалды өзгөртүүгө жана элитаны калыптандырууга кызыкдар экендиги саясий өңүттө анализденди. Ошондой эле билим берүү системасынын абалы, аны реформалоо аракеттери, коомдук мамиле системасындагы өз ара таасирлердин контекстинде карoo зарылдыгы байкалды. Ошондуктан, саясат таануу илиминде билим берүү жана маданияттын айкалышы тууралуу маселелерди иликтөөнүн актуалдуулугу артты.*

***Аннотация:*** *В этой научной статье были проанализированы на политическом аспекте национальные культуры, образование, язык, традиции, этнические сознание, возрождение религиозные сознание, изменение социальные-правовые положение и формирование элиты. А также состояние системы образования, попытки его реформирования в последние десятилетия, который требует анализа не только «изнутри» проблемы, но и в контексте взаимодействия с другими элементами системы общественных отношений. Поэтому в политической науке возникло направление, рассматривающее связи образования с другими подсистемами, в рамках которого актуализировался вопрос о соотношении образования и культуры.*

***Annotation:*** *In this scientific article, national cultures, education, language, traditions, ethnic consciousness, the revival of religious consciousness, the changing social and legal situation and the formation of the elite were analyzed on the political aspect. And also the state of the education system, attempts to reform it in recent decades, which requires analysis not only "from within" the problem, but also in the context of interaction with other elements of the system of social relations. Therefore, a direction appeared in political science that considers the links between education and other subsystems, within which the question of the relationship between education and culture was actualized.*

***Ачкыч сөздөр:*** *цивилизация, транзиттик коом, трансляция, резолюция, улуттук стартегия, интеграциялык комитет, поляризация, элита, баалуулук компоненттери*

***Ключевые слова:*** *цивилизация, транзитное общество, трансляция, резолюция, национальная стратегия, интеграционный комитет, поляризация, элита, ценностные компоненты.*

***Key words:*** *civilization, transit society, broadcasting, resolution, national strategy, integration committee, polarization, elite, value components.*

Кыргызстанда коомдун социалдык түзүмүндө демократиялык кайра түзүүлөрдү ишке ашыруу билим берүү чөйрөсүндө мамлекеттин жүргүзүлгөн саясаты аркылуу көрүнөт. Кыргызстан коомунун социалдык түзүмүн өзгөртүүдөгү билим берүү институттарынын ролунун маңызы туруктуу өнүктүрүүнү киргизүү менен Кыргыз Республикасынын жүргүзгөн саясаты аркылуу пайда болот.

Билим берүү институттары – мектепке чейинки мекемелер, мектептер, ЖОЖдор – баары адамдын инсандык сапаттарын, анын билимин, жөндөмүн, көндүмдөрүн, көз караш жана жүрүм-турум артыкчылыктарын, ошондой эле коомдун, жалпысынан цивилизациянын экономикалык, адептик, руханий дараметин аныктайт. Билим берүү чөйрөсү транзиттик коомдо тигил же бул тенденциялардын өнүгүүсүнө таасирин тийгизет жана бышып жетилген социалдык-саясий көйгөйлөрдү, анын ичинде коомду Туруктуу өнүктүрүү концепциясын ыңгайлаштыруу көйгөйүн чечүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү издейт.

Социалдык саясаттын кризиси өнөр жай өндүрүшүнүн төмөндөшүнөн, инфляциянын өсүшүнөн улам болгон, коомду кирешелеринин деңгээлдери боюнча поляризациялоо орун алды. Социалдык чөйрөнүн түз дотациялык режимин сактоо анын кризисин дагы терендетти жана инфляцияны күчөттү. Рынок экономикасына карата өткөөл мезгилди башынан кечирген Кыргызстанда негизги кризистик чөйрөлөр саламаттыкты сактоо, экология жана билим берүү жааттары болуп саналган.

Ушуга байланыштуу Кыргызстан коомун туруктуу өнүктүрүүнүн фактору катары билим берүү институттарынын ролун талдоого алалы. Билим берүү жана илим ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүн кайра түзүүдөгү курамдык бөлүктөр болуп саналат, анын аркасында коомдук стереотиптердин алмашуусу, жаңы коомдук аң-сезимдин пайда болушу жана калктын рыноктук сабаттуулугу орун алышы керек.

Билим берүү – руханий өндүрүштүн түрү, билимдерди трансляциялоо, б.а. иштөөнүн өздүк мыйзамдары бар, предметтин жана эмгек каражатынын өзгөчөлүгү менен шартталган, өз алдынча чөйрө [1, 125-б].

Россиялык академик Б.С. Гершунскийдин «Билим берүүнүн философиясы» китебинде берилген аныктаманы ала турган болсок, Билим берүү - социалдык-маданий, социалдык-экономикалык жана педагогикалык көрүнүш [2, 133-137-б].

Дагы бир ирет белгилей кетсек, 2013-жылдын январында Кыргыз Республикасын 2013-2017-жылдарга карата Туруктуу өнүктүрүү улуттук стартегиясын кабыл алуу билим берүү жаатында акыркы жылдары көрүлгөн реформаларды өнүккөн, туруктуу коомду жана демократиялык мамлекетти түзүүгө багытталган, бирдиктүү өлкөнү өнүктүрүү

стратегиясына интеграциялайт. Анткени билим берүү өздүк пикирге ээ болууну жана туруктуу өнүктүрүү кызыкчылыгында тандоону шарттаган, өлкөлөрдүн өзүнчө адамдарынын, топторунун, уюмдарынын дараметин өнүктүрөт жана бекемдеп, жашоонун сапатын жогорулатуу менен, коопсуз, дени сак, гүлдөп-өскөн дүйнө үчүн адамдардын көз караштарын өзгөртүүгө шарт түзөт. [3].

Бул контекстте билим берүү тутумунун, коомдук өнүктүрүүнүн деңгээлинин, экономикалык кубаттуулуктун жана өлкөнүн улуттук коопсуздугунун критерийи катары адам ресурстарынын ролу жана мааниси жогорулайт. Коомдук мамилелер тутумундагы өзгөрүүлөр билим берүүгө таасирин тийгизет.

Өнүгүп келе жаткан дүйнө жана маалыматтар агымынын жогорулоосу шарттарында фундаменталдуу предметтик билимдер милдеттүү болуп саналат, бирок билим берүүнүн жетишээрлик максаты болбойт. Билим берүү институттарынын ролу инсандын менталдуулугуна таасирин тийгизген бардык коомдо чоң. Билим берүү чөйрөсү маданияттын баалуулук компоненттерин аккумуляциялоого, реалдуу таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүнө ыңгайлашуу максатында аларды өзгөртүүгө жана андан ары адамдын активдүү жашоо-тиричилиги процессин уюштурууга жөндөмдүү. Билим берүү фактору тарых, дин, философия, илим, искусство жана адабият сыяктуу маданияттын компоненттерине салыштырмалуу кыйла натыйжалуу жана узак болуп саналат, анткени ал тийиштүү баалуулук ынанымдарын жана эрежелерин, жаңычылдыктарды, улуттук салттарды жана каадаларды кабылдоо сыяктуу таасирге сезгич келген объективдүү-субъективдүү чөйрө менен – негизинен балдар жана жаштар чөйрөсү менен иштейт. Билим берүү чөйрөсүндө гана инсанды тарбиялоо, окутуу жана өнүктүрүү максаттарынын категориясына өзгөрүү менен, социалдык жана индивиудалдык зарыл адамдык сапаттарды калыптандырууга шарт түзгөн, инварианттуу жалпы адамзаттык гуманисттик баалуулуктар мурасталат жана мурасталышы керек [4, 18-б].

Белгилей кетсек, билим берүү институттары прогрессивдүү, же тескерисинче регрессивдүү багытта анын өнүгүүсүн басып өтүп, коомдо өзгөрүүлөрдүн негизин түптөйт...» [5, 136-б.].

Муну менен катар билим берүү чөйрөсүнө чакырык артыкчылыктарын жана баалуулуктарын бекемдөө тейлөөчү функциясы белгиленет. Маалыматташтыруу кылымы билим берүүдөн таптакыр башка максатарды жана милдеттерди талап кылат.

Билим берүү суроо-талаптарына жооп кылган жана бир убакта аларды канааттандыруу үчүн кошумча билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн кеңири спектрын сунуштаган, билим берүү тутумуна болгон зарылчылык аныкталат. Ушуга байланыштуу окутуу диверсификациялоо идеясы ишке ашырыла турган, б.а. ал инсандын өзүн көрсөтүүсүн, анын кесиптик жана жалпы маданий өнүгүүсүн камсыздоого багытталган, мекемелердин жаңы моделин сунуштай турган вариативдүү билим берүү институтун түзүү маселеси актуалдашат [5, 137-б].

*Билим берүү чөйрөсү жарандык коомдун демократиялык баалуулуктарына карата социумдун багыты болуп калат*. Маанилүү социалдык-экономикалык кайра түзүүлөргө байланыштуу постиндустриалдык коомдун өнүккөн маалыматтык коомго эволюциясы байкалууда. Биздин жашоо бардык деңгээлдерде глобалдаша баштайт:

- жалпысынан экономика (өндүрүш, соода, финансылык чөйрө);
- билим берүү, анткени билим берүү өзүнүн багыты боюнча тез өзгөрүүчү чөйрөнү башкарууга жөндөмдүү кадрларды даярдоого багытталган.

Ушул жерден жогорку мектептин милдети – атаандашууга жөндөмдүүлүктү даярдоо милдети келип чыгат. Атаандашууга жөндөмдүүлүктү басынуу тоскоолдугун, жашоо келечегиндеги анык эместикти жеңүүнү, рыноктук мамилелерге өтүүнүн шарттарында бардык жашоо-тиричиликти иретке келтирүүнү шарттаган баалуулуктардын

катарына киргизүүгө болот. Бул милдетти аткаруу үчүн билим берүү мекемелеринде өзүнүн түзүмүн модернизациялоо, окутуу программаларынын мазмунун сапаттык жактан өзгөртүү керек [6, 45-52-б].

Кыргыз Республикасында билим берүү тутумун реформалоону улантуу максатында билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана бүтүрүүчүлөрдү эмгек рыногунда атаандашууга жөндөмдүү кылуу үчүн, колдонуудагы стандарттардын, программалардын, окуу пландарынын талдоосуна таянуу менен, компетенттүү мамилеге негизделген жаңы муундун стандарттарын иштеп чыгууну баштоо зарыл. Алсак, ИӨА – институционалдык өнүктүрүү планы иштелип чыкты, ал билим берүү тутумунун бардык деңгээлдеринде башкаруучулардын квалификациясын ырааттуу жана негиздүү жогорулатууну карайт.

Ийгиликтүү өзгөртүүлөрдү бекемдөө үчүн, мектептерде жаңы уюштуруу маданиятын түзүү керек. Адистердин пикиринде, уюштуруу маданиятында реалдуу өзгөртүүлөрдү жүргүзүү үчүн жети жылга жакын убакыт талап кылынат. Бирок мугалим жана окуучу өздөрүн ыңгайлуу сезип, өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жүзөгө ашыруунун реалдуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон чөйрөнү түзүү зарыл. Бул үчүн жетекчинин балдарды окутуу жана тарбиялоо милдеттерин чечүүдө өзүнүн позициясы, ыйгарым укуктарды өкүлдөй билүүсү, жоопкерчиликтерди бөлүштүрүп жана командалык ишти камсыздай билүүсү чоң мааниге ээ. Квалификацияны жогорулатуу деңгээлинде акыркы жылдары мугалимдерди курстар менен камтуу негизги маселе болгон – ал 2008-жылдагы 3 536 адамдан 2012-жылы 7 064 адамга чейин өстү. Ошентсе да, 5 жылда бир жолудан кем эмес ар бир мугалимдин квалификациясын жогорулатууну талап кылган, “Билим берүү жөнүндө” мыйзамдын ченемдерин толук аткарылуусун колго алуу керек [7].

Билим берүү тутумуна демократиялаштыруу процесси олуттуу таасирин тийгизүүдө. Коомдун руханий жашоосунда көп өзгөрүүлөр болууда, алар билим берүү тутуму тарабынан аткарылуучу милдеттерди актуалдаштырат. Бул этапта реформалоо бул:- социалдык-экономикалык чыңалуулар менен татаалдашкан, жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыгын түшүнүү.- калктын диний аң-сезимин кайра жаратуу, ар-намыстын реалдуу эркиндиги үчүн шарттарды түзүү, билим берүүнүн динден тышкаркы мүнөзүн сактоодо коомду бир тараптуу багыттоодон баш тартуу [8, 253-б].

Каралган Кыргызстандагы социалдык-экономикалык факторлор билим берүү саясаты үчүн, жана ага ылайык Туруктуу өнүктүрүү концепциясын жүзөгө ашыруу үчүн жаратмандыктын ордуна, кыйратуучу болуп саналат. Мындай шарттарда башкаруу органдарынын жана билим берүү мекемелеринин реформалар процессине алып бара турган жагымдуу мүмкүнчүлүктөрдү толук ченемде пайдалануу жөндөмдүүлүгү маанилүү болуп саналат. Кыргыз Республикасында 2020-жылга чейин билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы мамлекет тарабынан Кыргыз Республикасынын билим берүү саясатын өнүктүрүү үчүн негизди түптөө менен, билим берүүнү жалпы улуттук приоритет катары аныктайт. Бул Концепция билим берүүнүн улуттук мыйзамдарына, саясатына, каржылоо тутумуна, мазмунуна, билим берүү тутумунун түзүмүнө, билим берүүнү башкаруу тутумуна, кадр жана социалдык саясатка өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү үчүн негиз болуп саналат [9, 24-б].

ЕвАзЭК Интеграциялык комитетине караштуу Билим берүү боюнча кеңештин алкагында ЮНЕСКО Кластердик бюросунун (Алматы ш.) жана Кыргыз Республикасынын ЮНЕСКО улуттук комиссиясынын колдоосунда “Чогуу жашаганга үйрөнөбүз. Билим берүү коомду бириктирүүнүн, жаңжалдардын алдын алуунун жана чечүүнүн шарты катары” эл аралык форуму өткөрүлгөн, ага 10дон ашык өлкөнүн өкүлдөрү катышкан. Анын жыйынтыгы коомду бириктирүүнүн, сабырдуулукту калыптандыруунун, заманбап көп түрдүү дүйнөдө жашай билүүнүн маанилүү жолу катары билим берүүнүн ролу белгиленген, Резолюциянын кабыл алынышы болгон. Резолюциянын маанилүү

пункттарынын бири жаңжалдардын алдын алуу жана чечүү үчүн билим берүү боюнча Регионалдык ресурстук борборду түзүү жөнүндө сунуш болгон.

Кыргызстандын демилгеси боюнча 2012-жылдын декабрында Евразиялык экономикалык шериктештик Интеграциялык комитетине караштуу Билим берүү боюнча кеңештин 22-жыйынында Ресурстук борборду түзүү идеясынын бет ачары болгон. Уюмдун катышуучулары бул борборду колдоо зарылчылыгына макул болушкан. Анын ачылышына жана иштөөсүнө карата кызыгууларын Кыргызстандагы БУУнун өкүлчүлүгү жана башка уюмдар билдиришкен [10, 24-б].

Ошондой эле Кыргызстанда КМШ жана ШКУ тармактык университеттеринин, Евразия университеттер ассоциациясынын алкагында ЖОЖдогу билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жана студенттердин жана окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүн колдоого багытталган өз ара аракеттенүү боюнча иштер улантылды.

Кыргыз Республикасы үчүн илим жана инновация чөйрөсүндөгү негизги максат туруктуу социалдык-экономикалык өнүктүрүү үчүн талап кылынган билимдерди алууну, генерациялоону жана берүүнү камсыздаган илим жана инновация тутумунун атаандашууга жөндөмдүүлүгүнө жана тендемдүүлүгүнө жетишүү болуп саналат.

Акыркы жылдары Кыргызстанда табигый, ошондой эле гуманитардык илимдерди өнүктүрүүдөгү приоритеттүү багыттар аныкталды. Жыйынтыгында илимий долбоорлорду кылдат тандоо жана ирилештирүү орун алды – 2008-жылдагы 450дөн көп илимий долбоорлордон 2011-жылы каржыланган 167, 2012-жылы 49 илимий-изилдөө уюмдары, анын ичинде Кыргыз Республикасынын ЖОЖлары тарабынан 201 млн. 560 миң сом суммасында аткарылган 143 илимий долбоорлорго чейин [8].

Инклюзивдик билим берүү маселелеринин үстүнөн ЕврАзЭШ Интеграциялык комитетине караштуу Билим берүү боюнча кеңеште жигердүү иштешкен. Жыйынтыгында Кыргызстан ЕврАзЭШ калган өлкөлөрү менен катар инклюзивдик билим берүү чөйрөсүндө Евразия экономикалык шериктештигинин мүчө-мамлекеттеринин кызматташтыгы жөнүндө макулдашууга кол койгон. Бул Макулдашуунун негизинде педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатууда уникалдуу мүмкүнчүлүктөр пайда болот. Кыргызстан үчүн макулдашуунун алкагында инклюзивдик билим берүү чөйрөсүндө окуу жана окуу-методикалык адабияттар биргеликте иштелип чыгып жана басып чыгарылышы мүмкүн. Бул макулдашуу инклюзияны медициналык көйгөй катары түшүнүүдөн аны билим берүү процессине ар бир баланы камтууну жана анын дараметин өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүүнү камсыздаган, социалдык кепилдик катары түшүнүүгө өтүүнү ченемдик жактан бекемдейт.

Кыргызстандын социалдык-экономикалык кайра түзүүлөр жолуна өтүшү Туруктуу өнүктүрүү концепциясын жүзөгө ашырууну камсыздаган, билим берүү институттарынын тутумунда уюштурууга карата жаңы мамилелерди талап кылат. Жаштардын гана эмес, чоң адамдардын объективдүү социалдык-экономикалык, илимий-техникалык жана өндүрүштүк-технологиялык керектөөлөрү, руханий, социалдык-маданий чөйрөлөрүн жана жеке билим алуу суроо-талаптарын өнүктүрүү тенденциялары биринчи планга үзгүлтүксүз билим берүү тутумун өнүктүрүү перспективаларын илимий негиздөө, бул жаатта дисциплиналар аралык изилдөөлөрдү олуттуу кеңейтүү көйгөйүн чыгарды. Маанилүү социалдык-экономикалык жана технологиялык кайра түзүүлөргө байланыштуу азыркы дүйнөдө постиндустриалдык коомдун маалыматтык жана глобалдык коомго эволюциясы байкалууда. Билим берүү институттарынын таасиринин өзгөчөлүгү саясий модернизациялоону озууда, экономикалык, технологиялык жана көп маданияттык чөйрөлөрдү өзгөртүүдө аныкталат. Жыйынтыктап айтканда; биринчиден, Кыргызстан коомунун социалдык түзүмүн өзгөртүүдөгү билим берүү институттарынын ролунун маңызы туруктуу өнүктүрүүнү киргизүү менен Кыргыз Республикасынын жүргүзгөн

саясаты аркылуу пайда болот, экинчиден Кыргызстан коомун туруктуу өнүктүрүүнүн фактору катары билим берүү институттарынын ролу талдоого алынды, анда билим берүү жана илим ишмердүүлүктүн бардык чөйрөлөрүн кайра түзүүдө курамдык бөлүк болуп саналат, анын аркасында коомдук стереотиптерди алмаштыруу, жаңы коомдук аң-сезимдин пайда болушу орун алышы керек, үчүнчүдөн 2013-жылдын январында Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдары Туруктуу өнүктүрүү улуттук стартегиясын кабыл алуу билим берүү жаатында акыркы жылдары көрүлгөн реформаларды өнүккөн, туруктуу коомду жана демократиялык мамлекетти түзүүгө багытталган, бирдиктүү өлкөнү өнүктүрүү стратегиясына интеграциялайт, анткени билим берүү туруктуу өнүктүрүү кызыкчылыгында тандоону шарттаган, өлкөлөрдүн өзүнчө адамдарынын, топторунун, коомдоштуктарынын, уюмдарынын дараметин өнүктүрөт жана бекемдейт.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Политическая энциклопедия в 2-х томах. Т.2 / Национальный общественный научный фонд; / [Текст] Рук. Г.Ю.Семигин. -М.: Мысль, 1999. - 701 с.
2. Реформа высшего образования / [Текст]. Программный документ // Всемирная Конференция по высшему образованию. - Париж, 1998. – 77 с.
3. Национальная стратегия устойчивого развития КР на 2013-2017 гг. (Утверждена Указом Президента Кыргызской Республики от 21 января 2013 года N 11) [Электронный ресурс: http://patent.kg/index.php/ru/innovation/91-npa-innovatsii/1001-natsionalnaya-strategiya-ustojchivogo-razvitiya-kr-na-2013-2017-gg.html].
4. Вульфсон, Б.Л. Стратегия развития образования на Западе на пороге XXI века / [Текст] Б.Л. Вульфсон.- М., 1999. - С. 18. - 205 с.
5. Гершунский, Б.С. Философия образования / [Текст] Б.С. Гершунский. - М., 1998. - С. 7-40.
6. Максимова, В. Н. Тенденции и перспективы развития исследований в области образования взрослых // Образование взрослых: перспективы развития в XXI веке / [Текст] В.Н. Максимова. Материалы международной научно-практической конференции. - СПб: ИОВ РАО, 2003. - 172 с. - С.45-52.
7. Закон КР (1992г.) «О образовании» www http://online.adviser.kg.
8. Текущий архив министерства образования и науки Кыргызской Республики. (2009г.) / [Текст] -Б., – 497 с.
9. Концепция развития образования в Кыргызской Республике до 2020 года. www http://online.adviser.kg.
10. О состоянии развития системы высшего образования и интеграции высшей школы в мировое образовательное пространство / [Текст] // VII Конференция Министров образования государств-участников СНГ. - Алматы, 29-30 мая 2002 г., Алматы: МОН РК, 2002. - С. 24-27.


* * *

УДК 301.185.1

# АДАМ, ИНСАН ПРОБЛЕМАСЫ
# ПРОБЛЕМА ЧЕЛОВЕКА, ЛИЧНОСТИ
# THE MAN'S AND PERSONALITY PROBLEM

***Атамурзаева Б.М. – ЖАМУ ТИПФ***

***Аннотация:*** *Бул макалада адам маселесине талдоо жүрөт, «индивид»,»инсан» түшүнүкторуно анализ жасалып,адам проблемасынын теоретикалык жана практикалык аспектилери каралган.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматривается проблема человека, даётся анализ понятиям «индивид», «личность», приводятся теоритеческие и практические аспекты проблемы человека.*

***Annotation:*** *This article deals personality issues, defined concepts as "individual","moral values" and "society"have also been researched. There were examples of the theoretical and practical aspects of the human problem.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Адам, инсан, индивид, бар болуу, ээ болуу, моралдык сапаттар, абийир, жоопкерчилик, руханий, ички дүйнө.*

***Ключевые слова:*** *Человек, личность, индивид, быть, владеть, моральные качества, достоинство, ответственность, духовный, внутренний мир.*

***Key words:*** *Personality, individual ,to be and to have,moral values, the meaning of life, man's fate.*

Адам проблемасы – философиянын түбөлүктүү проблемасы. Байыркы мезгилде эле философтор адамды таанып билүүгө аракеттенген. Протагөр: «Адам-бардык нерсенин чени» деп белгилеген. Дегеле, философиянын өзүнүн пайда болушу адамдын өзүнүн болмушу жана айлана-чөйрөдөгү табияттык жана социалдык реалдуулуктун болмушу жөнүндөгү ойлонуусу, ой жүгүртүүсү менен байланышкан. Өзүнө табышмактуу болгон реалдуулукту изилдөөдөн мурда, ал өзүн өзү таанып билүүгө умтула баштаган жана бул нерсе миң жылдар бою созулуп келе жатат. Адам жөнүндө жазгандар аябай көп, дагы да жазышат, адамзаты болгон сон. Кээ бирин улуулата мактайбыз, кээ бирин ылайга шыбайбыз. В.О.Ключевский болсо «адам-дүйнөдөгү эн зор, улуу айбан» деп баса белгилеген.

Философиялык адабиятта «индивид», «адам», «инсан» түшүнүктөрү көп колдонулат. Бул терминдерди туура пайдаланыш үчүн алардын ортосундагы сызыкты көрсөтүп, алардын айырмачылыгын ажыратып белги жана касиеттерин бөлүп карoо зарыл. Индивид – адам уруусунан экендигин көрсөтүүчү түшүнүк. Жаныбарларга карата колдонууга болбойт, эч бир жаныбарды индивид дей албайбыз. Мындан индивид – бул социалдык түшүнүк деген келип чыгат. Бирок бул абстрактуу мүнөздөө, анткени ал анын индивидуалдуулугун көрсөтүүчү спецификалык белгилерине ээ эмес. Индивидуалдык мүнөздөрүнүн калыптанышы табигый жана социалдык факторлор менен байланышкан. Адам түшүнүгү дагы социалдык түшүнүк болуп эсептелинет, адам – биосоциалдык жандык болуп саналса да, ал жаратылыштын бир бөлүгү, анын калыптануусу татаал жана узак процессте жүрөт. Адам, башка жаратылыштагы жаныбарлардай эле ооруйт, карыйт, өлөт. Ал дайыма өзүнүн керектөөлөрүн канаттандырыш керек, ачка калбаш үчүн, үйсүз калбаш үчүн, кийиниш үчүн, бут кийим кийиш үчүн, суктан тонуп, ысыктан өлүп калбаш үчүн аракеттенет. Адам – биологиялык эле эмес, социалдык дагы жандык. Демек, ал

коомдо гана, белгилүү социалдык шарттарда гана адам болуп калыптанат. Адам болуп калыптаныш үчүн адам адамдардын арасында гана жашап тарбия алыш керек.

Адам проблемасынын эки аспектиси бар: практикалык жана теоретикалык. Практикалык аспекти деп адам үчүн керек шарттарды түзүү, анын маныздык күчтөрүнүн, б.а. интеллектуалдык жана физикалык (дене) жөндөмдүүлүктөрүнүн өсүшү үчүн. Бул проблеманын үстүнөн жазуучулар, философтор, саясатчылар ойлонуп келишет, алар дайыма адамдын жашоосуна, анын тагдырына, күнүмдүк турмушуна кайдигер карабай, ага практикалык кенеш берүүгө аракеттенген.

Тарых тастыктагандай, адам ар дайым өзүнүн жашоосу үчүн, жашоо шарттарын жакшыртыш үчүн күрөшүп келет. Ал өзүнө татыктуу мамиле жасоону талап кылуу үчүн кээ бирде каршы чыгууга муктаж болот.

А.Камю каршы чыккан адам жөнүндө мындай жазат: «бул адамдык тартипти талап кылган адам, жооптор дагы акыл-эстүү түзүлгөн, адамдыкындай болуш керек» деп белгилеген. Эгерде керектүү жоопторду таппаса, анда ал же депрессиягя кирет, же кылмыш жолуна түшөт, же революция жолуна түшөт, же бакубат жашоону убада кылган саясий партияга ишенип, ага кошулат. Башкача айтканда, каршы чыккан адам, ал кыялдагы эмес, аракеттенген адам. Албетте, анын аракеттери, жорук-жосундары терс натыйжаларды коом үчүн жана өзү үчүн да бериши мүмкүн. Бирок адам ар дайым эле натыйжалар кандай болуп кетээрин биле бербейт.

П.Паскаль белгилеп кеткендей адамдык улуулугу анын ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүндө. Бул бир жагынан адамдын улуулугу анын чыгармачылыгында материалдык жана руханий баалуулуктарды жаратканында, өзүнүн ички субьективдүү дүйнөсүн байыта алганда. Менин оюмча, адамдын жашоо манызы мына ушунда болушу керек, материалдык байлык эмес, адам үчүн руханий жактан ички дүйнөсү бай болсо. Албетте жашоо ар кандай, анткени көз караштар бирдей эмес. Биреөлөр коркпой эле өзүнүн максаттарын көздөп башка адамды өлтүрүп коёт, өзүнүн кызыкчылыктары үчүн, биреөнү кемсинтип коёт. Адамдын ой жүгүртүүсү менен адам бул дүйнөдө, ошол эле учурда жараткыч. Ал табияттан экинчи табиятты, материалдык жана руханий дүйнөнү жаратат. Аны ал бардык адамдар үчүн, алардын өзүлөрүнүн керектөөлөрүн канааттандырыш үчүн аракеттенишет. Иши кылса, адам – табияттын табияттагы катасы.

Жаратуучу адам чон татаал сүроону өзүнө берет-эмне жакшы: бар болуубу же бир нерсеге ээ болуубу? Көп адамдар – болуу дейт, анткени болууга – адам болуу турат. Бирок ошол эле учурда, ээ болуу дагы өтө манилүү. Машинага, квартирага, же көп акчага ээ болуу – жагымдуу нерсе. Э.Фроммдун оюу боюнча «болуу» дурусураак, анткени бир нерсеге ээ болуу адамдын ички дүйнөсүн көрсөтө албайт. Ал эми сенин «мениндиги» көрсөтүүчү касиеттерге ээ болсон сенин ички дүйнөндүн байлыгыңды көрсөтө аласын. Сен бир нерсеге ээ болсон, аның жок болуп кетиши мүмкүн. Мисалы: машина сынып бузулуп калат, үйүң өрттөнүп кетет, акчаң жоголуп кетет. Ал эми ички дүйнөңдөгү билимдерин, сезимдерин – ал дайыма сени менен. Ал сенин «дүйнөң».

Теоретикалык жактан карай турган болсок, көп ойчулдар (Гоббс, Гольбах, Гелвеций ж.б.у.с.) адамды социалдык реалдуулуктан ажыратып карашкан. Мисалы: Гелвеций адамды машина менен салыштырат, ал эми Фейербах адам калыптануусун универсалдуу илим катары көрөт. Маркс болсо өзүнүн тезисинде адамды, жаратылыштын бир бөлүгү катары кароо менен, адам коомдо гана адам болуп калыптана алат деп баса белгилеген.

Коомдук мамилелер адамды изилдөөнун булагы, бирок, бир эле социалдык шарттарда, адамдар окшош боло албайт. Ар бир адам өзгөчө индивидуалдуулукка ээ, анда табияттан берилген жөндөмдүүлүктөр болот, аларды ал социалдык чөйрөдө гана чагылдырат, көрсөтө алат.

Адам руханийликти жана табигыйлыкты өзүнө камтыган, өзүнө өзү имманенттү жеке Мени менен айырмаланган экилтиктүү жан. Бул жандын адамдыгы коомдук турмуштагы социалдыгын көрсөткөн инсандыгынан жана табияттагы биологиялык жагын билдирген нидивиддигинин биримдиги.

Киши социалдык ролу, орду, коомдук функцияларды аткаруусунда анын социалдык жана жагы басымдуулук кылган адам. Адам – жалпылык, киши – жекелик, индивидуалдык. «Киши болор кишинин киши мене киши бар» деген философема адамдын социалдык жагын аныктап, аны инсан катары баалайт. Кыргыз философиясынын эгемендүүлүк жылдарынын өнүгүүсүндө бул түшүнүктөр тигил же бул аспектиде талдоого алынып келе жатат. Буга карата төмөндөгүдөй маани-маныз берип келишүүдө: «…киши деп акыл эске, ой-жүгүртүүгө, жоопкерчиликке баш койгон адам баласын тушунушкон. Демек, киши өзүнүн социумдагы орду аркылуу жеке Менин аныктай алган адам.

Инсан түшүнүгү коомдук турмуш, социум мнен тыгыз байланышта талданат.Анткени адамдын социалдык жагы аны инсан катары көрсөтөт. Батыш философиясынын көз карашы менен алганда инсан же личность түшүнүгү тарыхый-логикалык жактан такталлып, өзүнүн маани-манызын өзгөртүп келген категория.

Адамдын жөндөмдүүлүгү жок болсо ага эн сонун коомдук шарттарда да, өзүн көрсөтө албашы мүмкүн. Канча деген улуу адамдар, гениалдуу музыканттар (Моцарт, Бах, Бетховен), жазуучулар (Л.Толстой, Ч.Айтматов), сүрөтчүлөр (Л.да Винчи, Пикассо, же Репин) ж.б.у.с коомдук чөйрөдө эле калыптанып калган жок, аларда табияттан гениалдуу жөндөмдүүлүктөрү болгон, ошондуктан алар улуу адамдар генийлер деп аталышат. Эгерде адам биосоциалдык жандык болуп эсептелсе, инсан социалдык гана жандык болуп эсептелинет. Адам коомдо гана инсан боло алат Ар бир инсан адам. Бирок ар бир эле адам инсан эмес. Психикалык жактан Оорулуу адам инсан эмес. Инсан болуу үчүн адам белгилүү мүнөздөргө ээ болуш керек. Биринчи кезекте инсанда акыл-эс болуш керек. Инсан конкреттүү акыл-эстүү, ан-сезимдүү адам. Бала-инсан эмес, бирок анда ан-сезим пайда болгондон баштап, ал инсан болуп калыптана баштайт. Канчалык адамдын ан-сезими жогору жана өзүн өзү андап сезүүсү өнүккөн болсо, инсандын инсандыгы басымдуу болот. Инсандын дагы бир белгиси анын коомдогу ориентациясы, ал анын акыл-эси мнен байланышкан. Акыл-эстүү адамдын коомдо өзүнүн багыты эле эмес, ага тийгизген пайдасы да болот. Инсандын дагы бир белгиси – анын жеке кадыр-баркы.Чыныгы инсан башкалардын кадыр баркын, намысын сыйлайсаң, ошондой эле сыйды өзүнө талап кылат. Принципи жок адам, өзгөрүлүп турган социалдык шарттарга өзүн ыңгайлаштырган адам, өзүнүн пикири жок болсо, бирөөлөрдүн айтканын, ойлогонун кайталай берсе, ал чыныгы инсан эмес. Чыныгы инсандын өзүнүн жузү, ишенимдери, принциптери бар, жана аларды кандай кырдаал болбосун коргой алат.

Инсандын дагы бир белгиси – өзүнүн кылган иштерине, жорук-жосундарына жоопкерчилиги. Өзүн өзү тарбиялоонун натыйжасында инсан да моралдык жоопкерчилик сезими бекемдейт. Бул инсандын өзүнүн жасаган иши үчүн коомдук пикирдин алдындагы жоопкерчилиги. Андан тышкары инсан өзүнүн абийиринин алдында да жооптуу, бул сапаттын бардыгы же жоктугу адамдын моралдык турпатын мүнөздөйт.

Коомдук мамилелер өнүккөн сайын социалдык эркиндиктин чектери кенейип, ага байланыштуу адамдын журум-туруму салыштырма өз алдынчалыкка ээ болуп, тышкы факторлорго азыраак, ал эми инсандын Жеке нравалык аң-сезимине көбүрөөк көз каранды болот.

Илимий-техникалык прогресстин өнуккөн доорунда айрыкча телекоммуникациясынын, интернет желесинин устөмдүгү өкүмсүруп турганда учурдун философиясындагы түйшөлткөн маселе болуп адамдын уникалдуулугүн, өзгөчөлүгүн сактап калуу эсептелет.

Адам болмушу түрдүү шартта жана кырдаалда болуп, көп баскычтуу жолдордо жүрөт. Жашоо өйдө-төмөн «агып» турат. Анын «өйдө-төмөнү» - кубаныч-кайгысы, жакшылык-жамандыгы, жорук-жосундары, адилетүү-адилетсиздиги. Адам жашоосүн баалуулуктарга багыттоо аркылуу өмүрүн өткөрүүсү – жашоонун маңызын түшүнгөндүгү. Анын жашоосунун баалуулугу - адамдыкты, адилеттүүлүктү, нравалуулукту, инсандыкты сактоо менен өмүрүн өткөрүү.

Нравалуулук жана аморалдуулук эмнени түшүндүршүнө карата адам журум-турумун өзү пландаштырып баалайт. Улуу немис философу Гегель жакшылыкты адамдын ички дүйнөсү аркылуу аныктоо процессин абийир катары талдаган. Ошентип адам жакшылыкты же жамандыкты жасоо алдында, ал кийин сөзсүз анын абийирине, анын моралдык сапатттарына таасир этишин андап сезиш керек, жоопкерчилик сезими болуш керек. Ал эми адамдын өздүк көз карашына, ан сезимине, акыл эсине, дүйнөтаанымына ылайык, анын инсандыгы калыптанат.

Учурдагы философия деп талдоону баштаганда эле планетардык масштабда ой жүгүрткөн, гуманист-философ Чынгыз Айтматов жөнүндө ой жаралат. Кыргыз философиясынын учурдагы өнүгүшү дал ушул ойчул менен тыгыз байланышкан.

Чыгныз Айтматов заманбап адам жөнүндө ой жүгүртүүнү философиялык денгээлге көтөргөн гуманист ойчул болуп калды. Ал адам деген эмне деген сүроого жооп берүүнү: «Адамга эн кыйыны күн сайын адам болуу» деп баштайт. Бул учурдагы адам проблемасындагы негизги идеясы, философиялык ойдун өзөгү болуп эсептелет. «Канткен-де адам уулу адам болот» деген суроосу да адам тануунун алдына философиялык милдетти аткарат.

Адам-табигый жана социалдык өнүгүүдөгү акыл-эстүү белгини алып жүргөн болмуштун көрүнүшү, ал эмгек ишмердүүлүгү, адилетуу жүрүм-туруму менен айырмаланган социалдык реалдуулуктагы баалуулук. Социалдык манызы аркылуу гана өзүнүн инсандыгын көрсөтө алат.

Инсан адамдын социалдык манызы, социо-маданий реалдуулуктун субьектиси. Адамдын социалдык сапаттары аркылуу инсандыгы мүнөздөлөт.

Индивид адамдын табигый жактары, инсан социалдык жагы. Адам өзүнүн уникалдуулугу, универсалдуулугу, индивидуалдуулугу, өзүнүн «мени» менен айырмаланат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Атамурзаева Б. М. Этнические ценности кыргызкого народа. Бишкек, 2012
2. Акманбетов Г.Г. Проблемы нравственногө развития личчности.Алма –Ата.1971.
3. Гегель.Сочинения.т.7.150с.
4. Гельвецкий К.А.Сочинения.2т.М.1974 т.2.с.103.
5. Камю А.Бунтующий человек.М.1990.с.133.
6. Ключевский В.О.Сочинения.т.9.с.363.
7. Маркс.К.,Энгельс.Ф.Т.3.с.3.
8. Соловьёв В.С.Сочинения.1974.т.12.с.97.
9. Токоева, Г.С. Кыргыз философиясындагы адам болмушу [Текст] / Г.С.Токоева. – Б.: "Maxprint" басмасы, 2015. – 244 б.
10. Фром Э.Иметь или быть?1974.т.2.с.31
11. Фейербах .Избранные философ.пр.1955.т.1.с.202.

* * *

УДК 947.1(575.2) (043.3)

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ
# КОНСТИТУЦИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
# CONSTITUTION OF KYRGYZ REPUBLIC

***Кадыралиева В.А. – философия багыты боюнча магистр,***
***Назарбаева Б.С. – тарых багыты боюнча магистр. Кочкор-Ата колледжи.***
**sanirabiyga_shaiyrbekovna@mail.ru**

***Аннотация:*** *Макалада Конституция жөнүндө түшүнүк. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынышы. Конституциялык өзгөртүүлөр жана толуктоолору. Конституциялык өзгөртүүлөрдүн жыйынтыктары.*

***Аннотация:*** *В данной статье изложены общее понятие о Конституция. Принятие Конституции Кыргызской Республики. Изменения и дополнения к Конституции. Результаты изменения и дополнения к Конституции*

***Annotation:*** *Concept of the Constitution. Adoption Constitution of Kyrgyz Republic. Changes and amendments to the Constitution. Results changes and amendments to the Constitution.*

***Ачкыч сөздөр:*** *саясий тарых, эгемендүү Кыргызстан, Кыргыз Республикасынын Конституциясы, мыйзамдуулук, демократия, референдум.*

***Ключевые слова:*** *политическая история, независимый Кыргызстан, Конституция Кыргызской Республики, законодательства, демократия, референдум.*

***Key words:*** *political history, independent Kyrgyzstan, Constitution of Kyrgyz Republic, legislation, democracy, referendum.*

Кыргызстандын соңку мезгилдеги саясий тарыхы бул XX кылымдагы кыргыз элинин көз карандысыздыкка ээ болушу, мурдагы советтик системанын кулашы жана көз карандысыз өлкөнүн пайда болушу менен мүнөздөлөт. Акыркы 25 жылдагы кыргыз элинин тарыхый басып өткөн жолу улуу өзгөрүүлөргө бай жана Кыргызстан мамлекеттүүлүктүн жаңыча тиби менен өнүгүп келе жаткан Борбор Азиядагы алдыңкы катардагы өлкө. Ал эми мамлекеттин курулуш башаты жана анын түзүмү дал ушул Конституция менен башталат жана аныкталат. Мамлекеттин түзүлүшүн, түзүмүн анын келечегин жана өнүгүү жолун аныктай турган негизги эрежелер менен стейтменттердин өзөгү – Конституция. Конституция бул бардык көз карандысыз деп таанылган өлкөлөрдө мамлекеттин укуктук негизин аныктап, аны кармап турган фундаменти болуп эсептелет[2,3, 4, 5, 6, 7, 8, 9, 10].

Кыргыз Республикасынын азыркы мезгилин жана анын өнүгүшүнүн ар тараптуулугу, өлкөдөгү укуктук маселелердин негизи тууралуу сөз болгондо сөзсүз түрдө Кыргызстандын Конституциясы жана андагы беренелер менен Конституциянын бүгүнкү күнгө чейинки өзгөртүүлөрү жана толуктоолору биринчи көңүлгө алынуу менен маанисин ачуу зарыл. Анткени, Кыргызстандын соңку мезгилдеги башкача айтканда эгемендүүлүк жылдардагы саясий өнүгүшү бул түздөн-түз анын укуктук өзөгүн түзгөн Конституция менен байланышта болгондугу менен түшүндүрүлөт. Конституциянын маани-маңызын ачууда кайсы гана мамлекет болбосун анын биринчи кадам таштаганынан тартып атрибуттук күчкө жана мааниге ээ болгон символу болуп Конституция эсептелинет.

Конституция бул негизги мыйзам. Аны менен өлкөнүн көз карандысыздыгы, өз алдынчалыгы, башкаларга күнкорсуз экендиги аныкталат. Кыргыз Республикасынын Конституциянын бардык редакцияларында Кыргызстандын өз алдынчалыгын, мамлекеттүүлүгүн аныктаган берене (статья) биринчи берене болуп саналат. Анда Кыргыз

Республикасы (Кыргызстан) – эгемендүү, демократиялык, укуктук, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, унитардык, социалдык мамлекет (КРнын Конституциясы 1993-2010). Ошондой эле Конституция бул мамлекетти сырткы дүйнөгө укуктук жактан тааныткан жана анын мамлекет катары кайсы бир территорияда орногондугун белгилеген жападан жалгыз укуктук-нормативдик документ. Бул нерсе Башмыйзамдын экинчи беренесинде төмөнкүчө берилген. Кыргыз Республикасы өзүнүн аймагында толук мамлекеттик бийликке ээ, ички жана тышкы саясатты өз алдынча жүргүзөт. Ошондуктан Конституция бул белгилүү бир аймактагы гана мамлекеттин бардыгын аныктабастан ал ошол эле учурда ал мамлекеттин өнүгүү приоритетин дагы аныктайт. Ал мамлекеттин ар бир структурасынын функционалдык милдеттери менен укуктарын так көрсөтөт.

Конституция бул бир гана адамдын же башкаруучунун кызыкчылыгын, мүдөөсүн көздөбөгөн жалпы мамлекеттик мааниге ээ болгон укуктук-ченемдик акт жана жалпы коомдун кароосуна талкууга коюлуп, жогорку мыйзам чыгаруучу бийлиги тарабынын колдоого ээ болуп (же мамлекет башчы тарабынан) бекитилген укуктук документ. Башка мыйзам актыларына салыштырмалуу күчү жана салмагы боюнча дагы жогору турат жана андагы ар бир берене (статья) так жазылган. Конституция дээрлик бардык укуктук мамлекеттерде мамлекеттин жана анда жашаган элдин башкача айтканда өлкө калкынын эң негизги укуктук гаранты болгондуктан ал мамлекеттин же коомдун өнүгүшүнүн векторун аныктоочу укуктук өзөгү болуп саналат.

Кыргыз мамлекетинин баш мыйзамы - Конституциясынын кабыл алынышы көз карандысыз Кыргыз Республикасынын коомдук, тарыхый, саясий жана укуктук турмушун, өлкөнүн келечектеги койгон максатын жана анын өнүгүү жолун көрсөткөн күн 1993-жылдын 5-майы эсептелинет. Конституция бүгүнкү күнгө чейин жалпысынан 8 жолу өзгөртүлүп толукталды. Бул өзгөртүүлөр менен толуктооло 1994, 1998, 2003, 2006, 2007, 2010, 2016- жылдары болду.

Макаланын алкагында Кыргыз Республикасынын Конституциясынын кабыл алынышынын тарыхына жана өзгөртүүлөрүнө токтололу. Анткени 1993-жылы кабыл алынган Конституция 1990-ж. 27-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин XII сессиясы жаңы Конституциянын долбоорун иштеп чыгуу боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти башында турган Конституциялык комиссия түзгөн. Аталган комиссия бир жарым жылдык мөөнөттө Кыргызстандын Конституциясынын биринчи долбоорун иштеп чыгып, жалпы элдик талкууга койгон. Үч айдан ашык талкуу жүрүп, ММКларга жарыяланып, дагы эки Конституциянын долбоорлору альтернативалык негизде сунуш кылынып, алардагы айрым жоболор негизги Конституцияны иштеп чыгууда эске алынуу менен алгачкы Конституциябыз кабыл алынган эле. Жаңы Конституциянын долбоорунун негизинде мурдагы Жогорку Советтин ордуна Жогорку Кеңеш деп Конституцияга киргизилип, XII сессиясында талкууланып, 1993-ж. 5-майда кабыл алынган жана бүгүнкү күнгө чейин бул күн белгиленип келет[2].

Кыргыз Республикасынын Конститутциясы негизги мыйзам катары Кыргызстандын элинин эркине жана кызыкчылыктарына ылайык өлкөбүздүн коомдук түзүлүшүнүн жана саясатынын негиздерин аныктаган. Мындан сырткары бул документте республиканын мамлекеттик органдары такталып, алардын түзүлүшү жана ишмердиктери, атуулдардын укуктары менен милдеттери бекитилген. Конституцияга ылайык республикада чыныгы эгемендүүлүктүн жана көз карандысыздыктын компоненттери - мамлекеттик желек, гимн, герб, бажы кызматы, алтын запасы, улуттук гвардия, улуттук валюта такталган. Ошонун негизинде Кыргызстан 1991-1996-жылдары көз каранды эместиктин чыныгы принциптерин турмушка ашыруу менен реалдуу эгемендүүлүккө карай жол баштаган.

Бул кабыл алынган жаңы Конституциянын маңызын негизги эки принцип түзгөн:

1. бийлик бутактарынын бөлүнүшү;

2. элдик суверенитет.

Ошондой эле бул Конституцияда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлиги үч бутакка: мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлиги болуп бөлүнгөндүгү менен мурдагы советтик Конституциялардан айырмалангандыгын белгилөө менен эгемендүүлүктүн жаңы багыты катары баалоого болот. Партиянын үстөмдүгү жоюлуп, анын ордуна көп партиялуулук система киргизилген. Мамлекет ар бир адамдын жеке укугун жана эркиндигин коргоого милдеттенген. Конституцияда биринчи жолу конституциялык көзөмөлдү ишке ашыруучу жана жогорку сот органы катары Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту киргизилген [1].

Тилекке каршы ошол 1993-жылкы Баш мыйзамдан кийин өлкөбүз бир катар конституциялык реформаларды баштан кечирди. 1994-жылдын 22-октябрында КРнын президентинин 21-сентябрындагы Указына ылайык референдум өткөрүлгөн. Референдумдун жыйынтыгы менен Баш мыйзамга өзгөртүү киргизилип, Мыйзам чыгаруу жыйыны 35 адамдан, Эл өкүлдөр жыйыны 70 адамдан турган. Ошондой эле Президенттин укуктары кеңейтилип, Президен өз бийлингин чындоо максатында кийинки өзгөртүүлөргө жол ачылган[6].

1996-ж. 10-февралындагы «Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү» жөнүндөгү мыйзамдын долбоору боюнча бүткүл элдик референдум бийлик бутактарынын ыйгарым укуктарын бөлүштүрүүгө багытталган [3].

Өлкө Президентинин 1998-жылдын 1-сентябрындагы «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзамдын долбоорун жалпы элдик талкуулоо» туралуу Кыргыз Республикасынын Президентинин №270 Указы менен байланыштуу [7]. Ага ылайык 1998-жылдын 17-октябрында аталган референдум өткөрүлүп, Конституция дагы бир катар өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Бул жолу Жогорку Кеңештин палаталарынын депутаттарынын саны жана структурасы [7] өзгөртүлгөн. Тагыраак айтканда Мыйзам чыгаруу палатасында - 60 депутат, Эл өкүлдөр жыйынына - 45 депутат болуусу бекитилген. Ошону менен бирге, Мыйзам чыгаруу палатасынын 20% (15 орун) шайлоочулардын ишеним көрсөтүүсүнөн 5%тик чектен өткөн саясий партияларга берилген. Эл өкүлдөр жыйынын депутаттыгына шайлануу үчүн, талапкерлер өз шайлоо аймактарында 3 жылдан кем эмес жашоосу керек болгон. Мындан башка депутаттык кол тийбестик институту (парламенттик иммунитет) киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2003-жылдын 13-январындагы №8 «Кыргыз Республикасында референдум (жалпы элдик добуш берүү) өткөрүү тууралуу» Указы менен башталып, 2003-жылдын 18-февралындагы «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам 2003-жылдын 2-февралындагы референдумда кабыл алынган. Албетте бул жолку референдум да президенттин укуктарын кеңейтүүгө багытталган жана өлкө калкынын көпчүлүгү бул мыйзамды колдоп берген [4]. Бирок, Президенттин мындай кадамдарын карапайым калк кеч болсо да түшүнүп, демократиялуу коомдо өлкө жарандары өз укуктары менен эркиндиктерин пайдаланып, мамлекеттеги болуп жаткан саясий оюндарды, үй-бүлөлүк башкаруу системасынын өлкө келечегине жана бийликтин бир колго топтолушуна бөгөт койуу менен 2005-жылдын 24-мартында акаевдик системаны түп тамыры менен жок кыла алды.

Эгемендүү жана көз карандысыз Кыргыз Республикасынын Конституциясына болгон кийинки өзгөртүүлөрү 2006-жылдын 9-ноябрындагы №180 «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү» буйругу, 2007-жылдын 15-январындагы №2 «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндөгү» мыйзамынын негизинде 2005-ж. Март окуяларынан кийинки жаңы бийликтин тушунда болгон.

Конституцияга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү мөөнөтү менен Конституциянын жаңы редакциясын кабыл алуунун мөөнөтү өтө жакын. 2006-жылдагы Конституцияга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык жаңыдан бийлик органдарына гендердик тең укуктуулук киргизилип, аялдар менен эркектер бирдей укуктарга жана эркиндиктерге ээ болушуп, аялдардын бийлик бутактарына жана мамлекеттик кызматтарга келишине шарт түзүлгөн. Ошондой эле мамлекет тарабынан жарандардын кош жарандыкка жол ачылган. Жогорку Кеңеш беш жылга шайланган 90 депутаттан турган, алардын 50% кем эмеси пропорционалдуу система менен шайлануусу милдет болгон. Президент, адилеттүүлүк иштери боюнча Улуттук Кеңештин сунушу менен Жогорку Кеңешке Конституциялык соттун, Жогорку соттун, жергиликтүү соттордун милдетин аткарууга талапкерлерди көрсөткөн. Конституциянын жаңы редакциясында, Кыргыз Республикасынын атуулдарынын бир канча укуктары кеңейип, өлүм жазасы жокко чыгарылган.

Конституциялык соттун 2007-жылдын 14-сентябрындагы чечиминин негизинде 2007-жылдын 21-октябрындагы бүткүл элдик референдумда кабыл алынган жана 2007-жылдын 23-октябрындагы "Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө" мыйзамын кабыл алуу менен мүнөздөлөт [9]. Бул жаңы редакцияга ылайык бир катар өзгөртүүлөр киргизилген: Президенттин ыйгарым укуктары Премьер-министрге, Жогорку Кеңешке өкмөттүн түзүлүшү жана курамын бекитүүгө макулдук берүү укугу менен толукталган. Президент Премьер-министрдин кеңеши менен жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жетекчилерин дайындоого укук алган жана аларды ээлеген ордунан бошото алган. Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары, Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларын кылмыш-жаза жана административдик жоопкерчиликке тартууга макулдук берүүсү менен толукталган. Жаңы редакцияга ылайык, Премьер-министр Президентке Өкмөттүн (коргоо жана коопсуздук суроолору боюнча иш алып баруучу өкүлдөрүнөн сырткары) өкүлдөрүнүн талапкерлигин көрсөтө алуу мүмкүнчүлүгүн киргизе алган. Президент Өкмөттүн жана башка аткаруу органдарынын нормативдик-укуктук актыларын токтотуу укугуна ээ болгон. Мына ушул өзгөртүүлөр жана толуктоолор акаевдик системанын кайрадан бакиевдик системанын кайталанышы болуп калган. Бийликке келген К.Бакиев 24-марттан сабак албастан тескерисинче мурунку системаны кайра алып келип жыйынтыгы 2010-жылдын 7-апрелиндеги кандуу окуянын келип чыгышын шарттады.

2010-ж. Апрель революциясы өлкөнүн жаңы бийлигин, жаңы Конституциянын кабыл алынышына алып келди. Анткени, саясий кырдаалга жараша жаңыча саясий система киргизилип, алар жаңыча мыйзамдык актыларды, өзгөртүүлөрдү жана өлкөнүн баш мыйзамын өзгөртүүнү талап кылган. Ошондуктан 2010-жылдын 27-июнунда ошол кездеги Убактылуу Өкмөт демилге кылып өткөргөн бүткүл элдик референдум аркылуу Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясын кабыл алынды. 2010-жылдагы жаңы Конституциянын өзгөчөлүктөрү катары: өлкө парламенттик – президенттик башкарууга өтүп, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ыйгарым укуктары кеңейип, өлкөнүн ички жана тышкы саясатынын негизги багыттарын тактоо, аныктоо, мамлекеттин Прьемер-министрин бекитүү, Өкмөттүн структурасын жана курамын бекитүү, укук органдарынын Улуттук Кеңешин бекитүү милдеттерге ээ болгон. Жогорку Кеңешке шайлоо көп партиялулук системасы аркылуу жүргүзүлгөн. Мамлекеттик органдар менен жергиликтүү органдардын ыйгарым укуктары, милдеттери так бөлүнүп көрсөтүлгөн. Президент эки мөөнөткө шайланууга укуксуз болгон жана өз ыктыяры менен бүткүл элдик референдум өткөрүү укугу жоюлган[10].

2016-жылы кайрадан[8] А. Атамбаевдин мезгилиндеги жаңы конституциябыз хронологиялык жактан жана өзгөртүп, толуктоолорунун себептери бизге маалым болгондуктан бул Конституцияны анализдөөнүн зарылчылыгы жокко эсе.

Жыйынтыктап айтканда эгемен өлкөбүздүн Баш мыйзамын өзгөртүп, толуктоо өлкөдөгү саясий өзгөрүүлөргө алып келди жана коомдук саясий турмушка терс таасирин тийгизди. Кайсы бир бийликтин жеке кызыкчылыгы үчүн Баш мыйзамдын өзгөртүлүшүн жалпы коомчулук сын көз караштa кароо менен өлкө ичинде мыйзамдуулуктун сакталбашына түртkү болууда. Ошондой эле 1993- жылкы нуска менен бүгүнкү нусканы салыштыруу менен андагы айырмачылыктан эле коомдук өнүгүүнү байкоого болот. Кыргыз Республикасынын Конституциясын бүгүнкү күндө дагы кенен изилдөөгө алаарлык иш.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Конституция Киргизской ССР = Кыргыз ССРнин Конституциясы [Текст]. – Фрунзе: Кыргызстан, 1978. – 63 б.
2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст] // Кыргыз Туусу. – 1993. – 22 май.
3. Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст] // Нормат. акты Кырг. Респ. – 1996. – № 2. – С. 3-20.
4. Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст] // Эркин Тоо. – 2003. – 21 февр.
5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы [Текст]: в ред. Законов КР от 16 февр. 1996 г., № 1; от 21 окт. 1998 г., № 134 // Нормат. акты Кырг. Респ. – 1998. – № 21. – С. 3-21.
6. Кыргыз Республикасынын Конституциясы = Конституция Кыргызской Республики [Текст] – Бишкек, 1994. –42 б.
7. Кыргыз Республикасынын Конституциясы = Конституция Кыргызской Республики [Текст] – Бишкек, 1998. –42 б.
8. Кыргыз Республикасынын Конституциясы = Конституция Кыргызской Республики [Текст] – Бишкек, 2017. –47 б.
9. Кыргыз Республикасынын Конституциясы = Конституция Кыргызской Республики [Текст] – Бишкек, 2006. –45 б.
10. Кыргыз Республикасынын Конституциясы = Конституция Кыргызской Республики [Текст] – Бишкек, 2010. –42 б.

* * *

УДК 338.486

# КЫРГЫЗСТАНДА ТУРИЗМ ТАРМАГЫН ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА АНЫН КӨЙГӨЙЛӨРҮ
# РАЗВИТИЕ ОТРАСЛИ ТУРИЗМА В КЫРГЫЗСТАНЕ И ЕГО ПРОБЛЕМЫ
# DEVELOPMENT OF THE TOURISM INDUSTRY IN KYRGYZSTAN AND ITS PROBLEMS

*Толонов Э.Н. – э.и.к., доцент , ЖАМУ*
***etolonov@bk.ru***

***Аннотация:*** *Илимий макалада туризмдин азыркы абалы жана аны өнүктүрүү маселелери терең изилденип, көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдору сунушталган.*

***Аннотация:*** *В этой статье рассматриваются вопросы современного состояния туризма и изучаются проблемы его развития.*

***Annotation:*** *This article discusses the current state of tourism and study the problems of its development.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Туризм тармагы, туристик потенциал, эл аралык туризм, туристтик инфраструктура, өнүктүрүү.*

***Ключевые слова:*** *Туристическая отрасль, туристический потенциал, международный туризм, туристическая инфраструктура, развитие турстической отрасли.*

***Key words:*** *The tourism industry, tourism potential, international tourism, tourism infrastructure, development of tourism industry.*

Туризм тармагы дүйнөлүк экономикадагы тез өнүккөн сегменттердин бири болуп эсептелип, өзү жогорку деңгээлдеги алектенүүнү, социалдык бейкутчулукту жана жашоонун жогорку деңгээлин камсыз кылган татаал, кирешелүү, тармактар аралык комплексти түзөт. [1].

Салыштырмалуу кыска мөөнөттүн ичинде туризм тармагы Бүткүл дүйнөлүк туристтик уюмдун маалыматы боюнча, дүйнөлүк экономикада экинчи орунду ээлейт жана ал тармакка бардык дүйнөлүк экономиканын 10%ы, дүйнөлүк улуттук дүң продукциянын 6%га жакыны, дүйнөлүк инвестиция 7%ы, ар бир 16- жумушчу орун, дүйнөлүк керектөө чыгымдарынын 11% туура келет жана анын орто жылдык өсүү темпи 4-5%ды түзүп, тармакта иштегендердин саны 250 млн. адамга чамалайт,ошондой эле жалпы дүйнөдө туризм окуяларына катышкандардын саны 800 млн.дон ашат. [2].

Республикага мүнөздөмө берүүдө чет өлкөлүк эксперттер мындай дейт: «...табигый жана маданий белгилери кереметтүү айкалышкан Кыргызстан сыяктуу өлкөлөр жер жүзүндө саналуу. Мындан дүйнөдөгү тоолуу жерлердин ичинен эң ажайып кооздукту көрүүгө болот».

Рекреациялык жогорку потенциалга эгедер Кыргызстандын туризм тармагын жогорку деңгээлде өнүктүрүү үчүн табигый, тарыхый-маданий жана социалдык-экономикалык шарттары бар. Туристтик ресурстардын көп түрдүүлүгү туризмдин ар кандай түрлөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт: альпинизм, тоо туризми, курорттук туризм, жайлоо туризми, рафтинг, спелеотуризм, тоодо лыжа тебүү, аңчылык кылуу (анын ичинде улуттук аңчылыкты уюштуруу), диний жана этнографиялык турлар, экотуризм ж.б. Өлкөнүн бардык аймактары туризм ишмердүүлүгүн жайылтууга ылайыктуу. Айрыкча, туристтик байлыктардын бардык түрүн камтыган Ысык-Көл чөлкөмү тоо-деңиз климаты айкалышкан эл аралык масштабдагы эң сонун курорттук зона болуп саналат.[2].

Кыргыз Республикасында 300дөн ашык туристтик маршруттар бар.Туристтер үчүн республиканын бардык территориясында көп сандаган саякат маршруттары сунушталат.Ошону менен бирге туристтик ишкердиктин учурдагы абалын атайын баалоо үчүн, экономикалык тенденцияларды талдоо зарыл, бул деген анын чарба субъектилерин ар тараптан комплекстүү түрдө изилдөө дегендикте жатат.Жаңы шарттарда чарбачылык жүргүзүү, кечиктирилгис чечимдерди кабыл алуу, бул көптөгөн туризмдин спецификалык көйгөйлөрүн талап кылат, баарынан мурун анын социалдык-экономикалык натыйжалуулугун өлкөдө жана региондордо көтөрүү.[2].

Ошондуктан туризм региондун экономикасын өстүрүүнүн да негизги багыттарынын бири болуп саналат, башкача айтканда жаратылышынын кооздугу, рекреация байлыктарынын молдугу, сапаттуулугу жагынан дүйнө жүзүндөгү ажайып керемет аймактары, адамдын ден соолугуна жагымдуу тоолуу жаратылыш климаттык шарты, көлдөрү, минералдуу суулары, дарылык касиети күчтүү баткактар, көл жээгиндеги кумдуу тилкелер, табийгый кооз үңкүрлөр, этегин чер токой баскан бийик чокулары туризмдин көп тармагын өнүктүрүүгө түрткү берет.

Статистиканын көрсөткүчтөрүнүн негизинде туризм тармагынын ички дүң продукциядагы үлүшүнүн өсүшү, 2015жылды эске албаганда, жыл сайын байкалууда.

Эгерде туризм тармагынан ИДПга карата 1996 жылы 1,9%, 1997 жылы 2,0%, 1998 жылы 2,1%, 1999жылы-2,5%, 2000жылы-2,9% болсо 2013жылы-4,6%, 2014жылы-4,8%, 2015жылы- 4,4% пайызды түздү. [4].

Ошентсе да туризм тармагы өнүккөн башка өлкөлөргө салыштырмалуу, республикабызда туризм ресурстарынын молдугуна карабастан, туризм тармагынын ички дүң продукциядагы үлүшүнүн өсүшү төмөн бойдон калууда. 2015-жылы туристтик ишмердик чөйрөсүндөгү кошумча дүң наркы 19 млрд. сомго жакынды же ИДПга карата 4,4 пайызды түздү.(Таблица 1)

Таблица 1. Туризмдин өнүгүшүнүн негизги индикаторлорунун динамикасы

| Көрсөткүчтөр | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2015ж. 2010ж. карата, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1.Туристтик ишмердик чөйрөсүндөгү дүң чыгаруу, млн. сом: | 20700 | 31465,8 | 33280,5 | 39387,7 | 40106,8 | 429697 | 2,1 эсе |
| 2.Туристтик ишмердик чөйрөсүндөгү кошумча дүң нарк, млн.сом: | 8241,5 | 12877,2 | 14205,5 | 16169,0 | 17318,2 | 18779,3 | 2,3 эсе |
| 3.ИДПдагы туристтик ишмердикчөйр өсүнүн үлүшү, % | 3,7 | 4,5 | 4,6 | 4,6 | 4,3 | 4,4 | 118,9 |
| 4.Туризм чөйрөсүндөгү негизги капиталга инвестициялар, млн. сом: | 6951,7 | 10004,2 | 8040,0 | 8771,7 | 10635,3 | 13812,0 | 198,7 |
| 5.Туристтик | | | | | | | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| кызмат көрсөтүүнүн экспорту, АКШнын млн. долл.: | 147,8 | 347,1 | 410,8 | 513,9 | 408,1 | 410,1 | 2,8 эсе |
| 6.Туристтик кызмат көрсөтүүнүн импорту, АКШнын млн. долл.: | 136,9 | 233,4 | 333,4 | 338,6 | 377,4 | 394,3 | 2,9 эсе |
| 7.Туризм чөйрөсүндөгү чекене сооданы жүгүртүү, млн. сом: | 5443,5 | 10645,2 | 12145,0 | 4002,5 | 16663,4 | 18625,9 | 3,4 эсе |

*Кыргызстандагы туризм, жылдык басылма, Бишкек 2016-ж.*

1 - таблицада көрүнүп тургандай 2015 - жылы 2010 - жылга салыштырмалуу туристтик ишмердик тармагындагы дүң чыгаруу республика боюнча 2,1 эсеге өссө, ошондой эле туристтик ишмердик тармагындагы кошумча дүң нарк 2,2 эсеге,туризм тармагындагы негизги капиталга инвестициялар 198 пайызга, туристтик кызмат көрсөтүүнүн экспорту 2,8 туристтик кызмат көрсөтүүнүн импорту 2,9эсеге, туризм кызматкерлеринин орточо саны 115 пайызга, туризмдеги чекене сооданы жүгүртүү 3,4 эсеге, туризмдеги рыноктук кызмат көрсөтүүлөр 3,1эсеге, туризм кызматкерлеринин орточо эмгек акысы 172,2 пайызга, келген туристтердин саны 198 пайызга, анын ичинде уюштурулган сектордо 197,4 пайызга жана уюштурулбаган сектордо 2,5 эсеге өстү. [5].

Эгерде аймактар боюнча туризм ишканаларынын жана уюмдарынын, эс алуу мекемелеринин дүң кирешесинин үлүшү жана анын динамикасына сереп салсак, анда 2. - таблицада көрүнүп тургандай алдынкы 3-орунда Бишкек шаарынан жана Ысык-Көл облусунан кийинки үчүнчү орунду Жалал-Абад облусу ээлейт. (Таблица 2)

*Маалымат булагы: Кыргызстандагы туризм, Жылдык басылма, Бишкек 2016-ж.*

Туризмдин Кыргызстандагы экономиканын экспорттук тармагындагы артыкчылыктуу болушуна тоскоол болгон негизги маселелердин бири - бул мыйзам чыгаруучу базанын жетиле электиги. Туризм өнөр жайы мыйзамдык укуктун ар кандай: эларалык, унаалык, бажылык, жер, салык, лицензия, жаратылышты коргоо бөлүмдөрү аркылуу жөнгө салынган көп тармактуу комплекс болуп эсептелет. Ошондуктан, бүгүнкү күндүн талаптарына жооп бербей калган Кыргыз Республикасынын «Туризм жөнүндө» профилдик Мыйзамы менен катар ички жана тышкы туризмди, бул тармактагы ишкердүүлүктү өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө багытталган бир катар мыйзамдарды жана мыйзамдык актыларды кабыл алуу зарылчылыгы бышып жетилди.[3].

Туристтик инфраструктуранын өнүкпөй калышынан Кыргызстандын туризм тармагын өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүгү жок болуп жатат. Кыргызстандын негизги эл аралык туристтик рыноктордон алыс жана башка аймактык рыноктордун жеткиликтүүлүгү чектелүү болгондуктан туризм секторуна тике инвестицияларды келтирүү боюнча

Таблица 2. Аймактар боюнча туризм ишканаларынын жана уюмдарынын, эс алуу мекемелеринин дүң кирешесинин үлүшү жана анын динамикасы

*(млн. сом, үлүшү - %, өзгөрүлүшү –(+, - %) )*

| | **2011** | | **2012** | | **2013** | | **2014** | | **2015** | | **2015-ж. 2011-ж. карата,** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **млн. сом** | **%** | **млн. сом** | **%** | **млн. сом** | **%** | **млн. сом** | **%** | **млн. сом** | **%** | **%, эсе** | **-,+%** |
| Кыргыз Республикасы | 698,3 | 100 | 1010,4 | 100 | 1161,4 | 100 | 1288,2 | 100 | 1187,5 | 100 | 170,1 | - |
| 1.Баткен облусу | 0,9 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| 2.**Жалал-Абад облусу** | **42,4** | **6,1** | **50,5** | **5,0** | **56,4** | **4,9** | **57,2** | **4,4** | **59,1** | **5,0** | **139,4** | **-1,1** |
| 3.Ысык-Көл облусу | 216,8 | 31,0 | 298,4 | 29,5 | 314,5 | 27,1 | 339,4 | 26,3 | 313,0 | 26,4 | 144,4 | -4,6 |
| 4.Нарын облусу | 1,7 | 0,2 | 3,4 | 0,3 | 4,7 | 0,4 | 8,2 | 0,6 | 5,3 | 0,4 | 3,1 эсе | +0,2 |
| 5.Ош облусу | 7,3 | 1,0 | 10,1 | 1,0 | 18,3 | 1,6 | 14,5 | 1,1 | 20,9 | 1,8 | 2,9 эсе | +0,8 |
| 6.Талас облусу | 0,3 | 0,0 | 0,6 | 0,1 | 0,4 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,2 | 0,0 | - | - |
| 7.Чүй облусу | 59,1 | 8,5 | 83,6 | 8,3 | 99,9 | 8,6 | 98,5 | 7,6 | 104,0 | 8,8 | 176,0 | +0,3 |
| 8.Бишкек ш. | 349,6 | 50,1 | 453,3 | 44,9 | 642,5 | 55,3 | 739,2 | 57,4 | 659,7 | 55,6 | 188,7 | +5,5 |
| 9 Ош ш. | 20,1 | 2,9 | 110,5 | 10,9 | 24,7 | 2,1 | 31,2 | 2,4 | 25,4 | 2,1 | 126,4 | -0,8 |

ишаракеттерге олуттуу тоскоолдуктар түзүлүүдө.

Ыссык-Көл өрөөнүнүн климаттык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу туристтик мезгил 60-70 күнгө чейин аба-ырайынын шартына байланыштуу узарат. Албетте, чет өлкөлүк тике инвестициялар туристтик объектилердин курулушуна тартылышы керек. Алар жыл бою иштетилгенге жана бальнеологиялык тейлөөнү, жабык бассейндерди жана ысык суу берүүнү камтыган толук комплекстүү кызматтары менен иштеп жаткан курорттук-рекреациондук мекемелерди реконструкциялоого жана жаңыртууга эсептелген.[2].

Туризм тармагын өнүктүрүүнүн жакынкы жылдардагы башкы максаты - кыргыз жана чет өлкөлүк жарандардын туристтик кызматтарга керектөөсүн канааттандыруучу, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы туризмди туруктуу өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүп берүүчү, атаандаштыкка кудуреттүү, заманбап туристтик комплексти куруу болуп эсептелет.Негизги максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкү маселелерди чечүү керек:

- ички жана тышкы туризмди өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү;
- туристтик тейлөөнүн сапатын жогорулатуу.

Туризм белгилүү бир деңгээлде импорт алмаштыруучу жана экспорт багытындагы экономиканын сектору экенин эске алып, аны өнүктүрүү үчүн төмөнкү маселелерди чечүү керек:

- ички жана чет өлкөлүк инвестицияларды келтирүү үчүн, биринчи кезекте, туристтик класстагы (2-3 «жылдыздуу») мейманкана тармактарын, анын ичинде кичи мейманканаларды өнүктүрүү;
- туруктуу өнүгүүнүн негизинде заманбап туристтик-рекреациялык зоналарын түзүү;
- негизги туристтик борборлорго келүүчү автожолдорду жана чоң жолго кошулуучу жол тармактарын жаңыдан куруу жана реконструкциялоо;
- улуттук мейманканалык чынжырчаны, анын ичинде тарыхый-маданий мурас болгон эстеликтердин базасында түзүү;
- эл аралык стандартка шайкеш тейлөө стандарттарын жакшыртуу;
- миграциялык коркунуч туудурбаган өлкөлөрдөн келген туристтерге карата визалык стратегияны жакшыртуу.

Ички жана эларалык рыноктогу туризм секторун алга жылдыруучу заманбап стратегиясын түзүү үчүн төмөнкү иш аракеттерди жүргүзүү керек:

- кыргызстандын жана чет өлкөлөрдүн массалык маалымат каражаттарында кең масштабдуу көрнөк жарнак-маалымат кампаниясын жүргүзүү;
- туризм тармагында, туристтик мүмкүнчүлүктөрдү көрсөтүү максатындатуристтерди жиберген негизги өлкөлөрдө көргөзмө-жарманкелик ишаракеттерди өнүктүрүү;
- туристтик агымдар чордонунда чет өлкөлүк жана кыргыз туристтери үчүн маалыматтык борборлор тармагын уюштуруу;
- туризм секторундагы кожоюндук кылуучу бизнес субъектилерине жагымдуу инвестициялык шарттарды жана инвесторлор үчүн аныкталган жеңилдиктерди жана преференцияларды Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «Эркин экономикалык зоналар жөнүндө» Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү аркылуу ишке ашыруу.[3].

Туризмди натыйжалуу өнүктүрүү маселелерин чечүү ички туризмди өнүктүрүүгө, Кыргыз Республикасына чет өлкөлүк туристтердин келишин бир топ көбөйтүүгө жана өлкөнүн экономикасына валюталык кирешелерди алып келет, ошондой эле бир жагынан ар кандай деңгээлдеги бюджетке салык төлөмдөрүнүн келишинин өсүшүн камсыз кылып, экинчи жагынан - туризмдеги маанилүү мультипликативдик натыйжаны эске алып,

экономиканын окшош тармактарын өнүктүрүүнү колдойт жана калктын иш аракет жүргүзүүсүн жогорулатат.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Воскресенский В.Ю. Международный туризм. Инновационные стратегии развития: Учебное пособие. - Москва: ЮНИТИ-ДАНА, 2007. –С. 255.
2. Атышов К.А., Турдумамбетов Б.У. Экотуризм: Учебное пособие. Бишкек, 2005. – С.128.
3. Жоодонбеков, Шоокум журналы; Кыргыз туризми: Ойлор жана сунуштар , №9 (26), Бишкек, 2008.-Б. 69.
4. Кыргызстан в цифрах, Статистический сборник - Бишкек, 2016.
5. Туризм в Кыргызстане, Годовая публикация - Бишкек, 2016.


* * *

УДК 342.7

# ГАРАНТИИ КОНСТИТУЦИОННО-ПРАВОВОГО СТАТУСА ЛИЧНОСТИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ
# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ИНСАНДЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК МАКАМЫНЫН КЕПИЛДИКТЕРИ
# GUARANTEES OF THE CONSTITUTIONAL-LEGAL STATUS OF A PERSON IN THE KURGUZ REPUBLIC


***Юлдашов К.К. – старший преподаватель,***
***Сайпидинов Б.Р. – старший преподаватель***
***МНУ им.Токтомаматова К.Ш. г.Жалал-Абад***
***Kobiljon_11@mail.ru***



***Аннотация:*** *В статье освещается особая значимость правового статуса личности. Раскрыты его конституционные гарантии, являющиеся правовым фундаментом всех отраслевых правовых статусов граждан. Правовой статус личности рассматривается как комплексная категория, отражающая взаимоотношения личности и общества, гражданина и государства.*

***Аннотация:*** *Макалада инсандын укуктук макамынын өзгөчө маанилүүлүгү чагылдырылган. Анын жарандардын бардык тармактык укуктук макамдарынын укуктук пайдубалы болгон конституциялык кепилдиктери ачылып көрсөтүлгөн. Инсандын укуктук макамы инсан менен коомдун, жаран менен мамлекеттин өз ара мамилелерин чагылдыруучу комплекстүү категория катары каралган.*

***Annotation:*** *The article highlights the special significance of the legal status of a person. Its constitutional guarantees, which are the legal foundation of all branch legal statuses of citizens, are disclosed. The legal status of a person is viewed as a complex category reflecting the relationship between the individual and society, the citizen and the state.*



***Ключевые слова:*** *правовой статус, личность, конституционные гарантии, права, свободы, обязанности, государство.*

***Ачкыч сөздөр:*** *укуктук макам, инсан, конституциялык кепилдиктер,укуктар, эркиндиктер,милдеттер, мамлекет.*

***Key words:*** *legal status, personality, constitutional guarantees, rights, freedoms, duties, the state.*

В Кыргызской Республике, находящейся на пути активного социально-экономического развития и поставившей перед собой цель построения правового государства, конституционно закреплено, что человек, его права и свободы являются высшей ценностью, признание, соблюдение и защита прав и свобод человека являются прямой обязанностью государства. Основные права и свободы человека неотчуждаемы и принадлежат ему от рождения. Они действуют непосредственно, определяют смысл и содержание деятельности всех государственных органов и органов местного самоуправления. Кыргызская Республика уважает и обеспечивает всем лицам, находящимся в пределах ее территории и под ее юрисдикцией, права и свободы человека. Никто не может подвергаться дискриминации по признаку пола, расы, языка, инвалидности, этнической принадлежности, вероисповедания, возраста, политических или иных убеждений, образования, происхождения, имущественного или иного положения, а также других обстоятельств.[ 1. ст.16]

Под юридическими гарантиями понимаются те правовые способы и средства, с помощью которых обеспечивается реализация прав и свобод человека и гражданина. Юридическими гарантиями по охране и защите прав граждан выступают механизмы, которые призваны обеспечить возможность реального осуществления контроля за соблюдением прав и свобод человека. Эти механизмы в равной мере касаются как гражданина по вопросам защиты своих прав, так и властных структур при выполнении конституционной обязанности по соблюдению и защите прав человека.

Правовой статус личности обозначает политико-правовую категорию, связанную с социальной структурой общества и состоянием соблюдения законов. Основные юридические принципы взаимоотношений личности и государства зафиксированы в правах, свободах и обязанностях человека и гражданина.

Правовой статус личности как самостоятельная юридическая категория говорит о возможности личности пользоваться своими правами и выполнять обязанности, отвечать за их правомерную или неправомерную реализацию. Права, свободы и обязанности составляют единую систему правового статуса личности. Юридическое основание правового статуса личности заключается, прежде всего, в Конституции Кыргызской Республики. Конституционно-правовой статус личности является основой всех отраслевых, особенных и специальных статусов личности. Правильно, на наш взгляд, отмечает профессор В.В. Лазарев, что права человека- это основополагающий элемент правового статуса личности, наряду с обязанностями и законными интересами, взятыми в единстве. [5]

Наряду с развитой системой прав и свобод человека и гражданина Конституция Кыргызской Республики закрепляет и некоторые всеобщие обязательные для всех граждан обязанности, которые можно объединить в три группы:

1) обязанность соблюдать Конституцию Кыргызской Республики, другие законы и выполнять конституционные обязанности (нести военную службу, получить основное общее образование, платить законно установленные налоги и сборы, сохранять природу и окружающую среду, заботиться о сохранении исторического и культурного наследия и др.);

2) осуществление гражданами своих прав и свобод не должно нарушать права и свободы других лиц и, в этой связи, прямое запрещение на использование прав и свобод для насильственного изменения конституционного строя, разжигания расовой, национальной, классовой, религиозной ненависти, для пропаганды насилия и войны. Уважение прав других людей и законов государства должно стать нормой жизни каждого гражданина;

3) определенные ограничения на получение и распространение информации в целях охраны личной, семейной, профессиональной, государственной и коммерческой тайны.

Система обязанностей личности выступает как совокупность требований государства к личности, которые зафиксированы в законодательстве. Обязанность как мера должного поведения содержательно обозначает реализацию прав личности в необходимом, требуемом для общества поведении, нацеленном на социально полезный результат. Система обязанностей не нарушает системы прав, так как они между собой содержательно и формально-юридически сопряжены. Каждый человек имеет обязанности перед обществом, в котором только и возможно осуществление прав личности. Пользование правами связано с ответственностью личности, с ограничениями прав. Но ограничения прав и свобод личности допустимы лишь в целях, определенных в Конституции Кыргызской Республики и в других соответствующих нормативно-правовых актах. Таким образом, правовой статус личности включает в себя весь спектр прав, свобод, обязанностей, гражданство, гарантии защиты личности, правосубъектность, юридическую ответственность.

Правовой статус личности составляет лишь часть ее общественного статуса и характеризует ее связь с государством, как отмечает Л.С. Мамут, основные права и обязанности, свободы и ответственность человека в правовом государстве высоко чтутся и защищаются конституцией. Государство должно создать условия для правомерной реализации законных интересов личности. [4]

В правовой литературе кроме системы прав, свобод и обязанностей в структуру правового статуса включают также общую правоспособность, гарантии, законные интересы, юридическую ответственность. Свободы личности в отличие от прав связаны с действием, с возможностями правомерного выбора вариантов осуществления прав. Никто не может быть лишен свободы на основании, что государство не в состоянии выполнить международные обязательства в области защиты прав человека. Закрепление того или иного субъективного права в законодательстве должно означать реальную возможность индивида свободно пользоваться правом в рамках закона. Субъективные права раскрываются через возможности личности ими пользоваться, совершать определенные действия и требовать соответствующих действий от других лиц, обращаться к государству за защитой и восстановлением нарушенных прав. Право граждан на обращение в государственные органы и органы местного самоуправления, предусмотренное статьей 41 Конституции Кыргызской Республики, является важным средством осуществления и защиты прав и свобод личности. Гарантируется оно обязанностью названных органов предоставить обоснованный ответ в установленный законом срок.

Международные стандарты по правам человека постоянно расширяют содержательно элементы правового статуса личности. В 2017 г. Центром Содействия Международной Защите совместно с Учебным Центром Адвокатов были проведены тренинги для адвокатов на тему «Применение международных механизмов защиты прав человека». Целью тренинга было выработать у участников практические навыки, связанные для обеспечения защиты прав граждан с использованием международных механизмов. В связи с чем государство берет на себя обязанность по приведению внутреннего законодательства в соответствии с обязательствами, по созданию институтов защиты правового статуса личности через судебные и иные государственные органы, через институт Омбудсмена и др.

Гарантии правового статуса личности традиционно подразделяются на общие и специальные (юридические). К общим гарантиям относятся экономические, социальные, политические и иные условия реализации прав и свобод. Например, экономические гарантии создают материальные предпосылки осуществления прав в формах обладания собственностью, вещными правами и т.д. Социальные гарантии создают особую систему социальной защиты путем перераспределения доходов, оказания помощи социально

незащищенным слоям, решения проблем трудоустройства и занятости, обеспечения гарантированных социальных выплат, дотаций, субсидий и др. Политические гарантии связаны с созданием демократических основ деятельности политической системы, стабильных основ для участия в выборах, в различных политических объединениях и инициативах.

Специальные (юридические) гарантии являются правовыми формами, обеспечивающими механизмы реализации прав и свобод, создающие процессуальные формы охраны и защиты правового статуса личности от любых нарушений. К юридическим гарантиям относятся, прежде всего, создание и развитие системы конституционного контроля, конституционного правосудия. Одной из основных задач Конституционной Палаты является защита прав и свобод человека и гражданина, обеспечение верховенства и прямого действия Конституции Кыргызской Республики. В числе важных средств защиты прав человека в последнее время приобрела особое значение индивидуальная жалоба. Наряду с индивидуальной жалобой практическое значение в области защиты прав человека приобретает форма конкретного контроля, которая ориентирует при рассмотрении дел на поиск оптимального варианта защиты прав человека.

В Кыргызской Республике не должны издаваться законы, отменяющие или умаляющие права и свободы человека и гражданина. Запрещается принятие подзаконных нормативных правовых актов, ограничивающих права и свободы человека и гражданина. Права и свободы человека и гражданина могут быть ограничены Конституцией и законами в целях защиты национальной безопасности, общественного порядка, охраны здоровья и нравственности населения, защиты прав и свобод других лиц. [1.ст.20]

Особое значение приобретает деятельность Верховного Суда в области гарантий правового статуса личности, решения которого являются общеобязательными, окончательными, действующими непосредственно, вступающими в силу немедленно после их провозглашения. Верховный Суд может не только признать те или иные решения неконституционными, но и дает конкретные указания о необходимости приведения в соответствие деятельности органов и лиц с Конституцией Кыргызской Республики. К числу важнейших гарантий также относится защита прав и свобод человека общими судами посредством правосудия. Каждому гарантируется судебная защита его прав и свобод. Обязанность рассматривать обращения граждан возложена на каждый суд, входящий в судебную систему, с соблюдением соответствующих правил подсудности. В рамках проводимой в стране судебной реформы принят закон, обязывающий суды публиковать свои акты. Целью закона является достижение открытости и прозрачности судебной системы и обеспечение доступа граждан к судебным актам, материалам и архивам, не являющихся участниками процессов по делам, рассмотренным в открытых судебных заседаниях.

В гражданском процессе права граждан защищаются с помощью института иска или жалобы. В уголовном процессе к числу гарантий можно отнести права обвиняемого и подозреваемого, потерпевшего, презумпцию невиновности и др. Среди административно-правовых форм защиты прав и свобод граждан можно отметить: административный (внесудебный) порядок обжалования действий органов исполнительной власти, специфические формы государственного контроля (Президента, Правительства, министерств и ведомств), прокурорский (общий) надзор за соблюдением законов органами исполнительной власти, деятельность Уполномоченного по правам человека (Акыйкатчы) и др. Каждый представитель органов государственной власти, в том числе правоохранительных органов, суда и прокуратуры, должен быть примером объективности, неподкупности и безупречности в своих действиях и решениях.

Непосредственное значение имеют также законодательные гарантии прав и свобод человека и гражданина в сфере деятельности исполнительной власти.

В Конституции Кыргызской Республики действительно закреплен широкий круг личных, социально-экономических, политических и культурных прав и свобод человека в полном соответствии с международными стандартами. Признание и соблюдение основных прав и свобод человека – основа безопасности, стабильности отношений, как в отдельных странах, так и во всем мире. Грубейшие нарушения прав человека, вплоть до массовых преступлений, происходящие в настоящее время в некоторых странах, обладают заразительным эффектом и характеризуются непредсказуемостью дальнейшего развития. Правовой статус индивида существенно дестабилизируется в результате неурядиц, иногда происходящих в обществе: социальная напряженность, политическое противостояние, сложная криминогенная обстановка, рост преступности, экологические и технологические катастрофы, шоковые методы проведения реформ, коррупция, терроризм и т.д. На правовое состояние личности оказывают свое воздействие и нравственно-психологические факторы - потеря личностью социальных ориентиров и приоритетов, духовной опоры, неадаптированность к новым условиям. Личность испытывает глубокий социальный дискомфорт и неуверенность в завтрашнем дне.

«Мир, прогресс, права человека- эти три цели неразрывно связаны, нельзя достигнуть какой-либо одной из них, пренебрегая другими»- говорил академик А.В.Сахаров. [2]

Уверенность человека в том, что и другие люди имеют, знают и действуют в соответствии с общепринятыми правами и свободами, правилами, условиями взаимоотношений позволяет предвидеть ситуацию, ожидать определенные реакции и поведения членов человеческого общества. Основой справедливости и мира во всем мире являются признание достоинства, присущего всем членам человеческой семьи и равных неотъемлемых прав. [6]

Таким образом, подводя итоги, можно констатировать, что на современном этапе развития Кыргызской Республики правовой статус личности приобретает особую значимость и требуется определение общих закономерностей этих явлений, позволяющих координировать и упорядочивать общественные отношения.

Правовой статус - комплексная категория, отражающая взаимоотношения личности и общества, гражданина и государства, индивида и коллектива, другие социальные связи. Поэтому важно, чтобы человек правильно представлял свое положение, свои права и обязанности, место в той или иной структуре.

Принципы, сформулированные теорией правового статуса личности, формировались исторически и являются неотделимой частью человеческой культуры. Истории известны случаи, когда незначительные, на первый взгляд, нарушения закона, неуважение и попирание прав личности, приводили к различным нежелательным для стоящих у власти последствиям.

Кроме того, по нашему мнению, в настоящее время во всех странах права человека являются мощным пластом общечеловеческой культуры. Осознание своего правового статуса освобождает человека от чрезмерной зависимости от государства, позволяет ему отстаивать свои права от любых посягательств.

– Жалпы эле өнүгүүнүн таасиринин кандайдыр бир этабында кеп- баарлашуу жашоо-тиричиликтин муктаждыгынан пайда болгон.




– Логикалык ой жүгүртүүлөрдүн жыйынтыгында, ааламды башкарып турган өзгөчө күч: "Кудай жараткан," – деген пикир дагы айтылган. Окумуштуулар, лингвисттер, философтор жана эволюциялык теорияны ачкан Ч. Дарвин башында турган эволюционисттер тилдин келип чыгуусу боюнча баш катырып, эчендеген изилдөөлөрдү жүргүзүп келишкен. 1866-жылы, Ч. Дарвиндин "Түрлөрдүн келип чыгышы" аттуу эмгеги жарык көргөндөн 7 жылдан кийин, бул маселени ачык эле жактырбай көпкө чейин каршы болуп жүрүшкөндүктөн, Францияда 1965- жылы тилдин жаралуусуна кызыгуу маселелери изилдене баштаганда эле токтотушкан. Анын себебин: "Париждеги лингвистикалык коом ( основано в 1864 в Париже, в 1866 принят устав. ), алибетте ... далили толук эмес талкууларды талаш суроолорго айландырбоо максатында бул маселе токтотулган"- деп ынандырууга аракеттенген.

Эволюционисттер тилдин жаралышын далилдөөчү, ынандыруучу фактылуу тыянакка келүү үчүн дагы деле изденишүүдө. Бул- жашоо нугу, өсүү!
Бирок, биологиялык түзүлүшү боюнча адамдарды жаныбарлардан айырмалаган негизги белгиси – ой- пикирди үндүн тыбыштык так коштоосу менен чагылдырган тил экени баарыбызга маалым.
“Дүйнөдө 7 миңдей тил, 2,5 миң улут бар. 192 улут эгемен эл. 83 тил кеңири тараган.” ( Кадыров Ы. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар. –Б.: 2011. – 208 б.). Бул багытта дагы түрдүү маалыматтар бар. Демек, изденүүлөр жүрүп жатат!
Ар бир тилдин өзүнө тиешелүү, бири- биринен айырмаланган, турмуш- тиричиликтин кырдаалдарына байланыштуу өнүгүүсүнүн учурунда жаралган тарыхый өзгөчөлүктөрү ар түрдүү жана арбын.

Кыргыз тилинен эле кыскача маалыматка маани берели. Айрым окумуштуулар: “кыргыз тили түрк тилдеринин кыпчак тобунда жана азыркы 36 тамгалуу кыргыз тили араб алфавитинен жана кириллицадан турат”- дешсе, диалектилер боюнча бир тобу: “1.түштүк- чыгыш; 2.түштүк- батыш; 3.түндүк болуп бөлүнүшөт”; экинчи тобу “Кыргыз тилинин жазуусу кеч өнүккөндүктөн: 1.байыркы (VIII- IX к.к.); 2.орто кылымдагы (X-XVк.к. ); 3. жаңы кыргыз тили (XVкылымдан кийинки)”- болуп бөлүнүшөт дешет. Ал эми үчүнчү топ: “ 1. XV- XVIII к.к.; 2. XVIII к.- Октябрь революциясына чейинки; 3. Советтик – бир тилге багыттоо учуру; 4. Советтик мезгилден кийинки” –дешип бөлүшкөн.

“Тилдин тарыхый өнүгүшүнүн бардык этаптарында анын жазма түрүндө сакталып калбагандыктан, аны башка тектеш тилдер менен салыштыруу аркылуу гана чындыкка жетишүүгө болорун изилдөөлөр тастыктайт: болгондо да тилдин байыркы — «жансыз» деп эсептелген фактыларын тектеш тилдерге мүнөздүү фактылар жана алардагы жандуу көрүнүштөр менен салыштыруу аркылуу гана чындык айкындалат. Кыргыз тили Алтай тобундагы тилдердин (башкача айтканда түрк, моңгол-манжур жана финн-угор) катарына кирери белгилүү. Ал эми анын өнүгүү тарыхы академик Б. М. Юнусалиевдин пикири боюнча 3 мезгилге: Байыркы, Орто жана Жаңы мезгил деп бөлүнөт.”- деген дагы пикирлер бар. “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы: 4-том. 2012. 832- бет
Кыргыз тилин изилдөөдө канча пикир болсо да, тилди изилдеген окумуштуулар менен биз талаша албайбыз.

Бирок, 36 тамгалуу кыргыз тилин мамлекеттик тил катары кадырлап, сабаттуу колдонууга биз - педагогдор биринчи кезекте милдеттүүбүз. Советтик мезгилден кийинки- кыргыз тилин өнүктүрүүнүн курчушу- учурдагы биздин аракеттер менен тастыкталат. Ошондуктан мен англис тилчи болсом дагы филолог жана Кыргызстандын атуулу же жараны катары билген мамлекеттик тилдеги сөздөрүбүздү кесиптик иш кагаздарында туура колдонууга аракеттенели демекчимин. Себеби, кыргыз элинин байыркы улуу элден экенин, кыргыз тилинин жазуулары кеч изилденген менен, оозеки тилиндеги сөздөрүнүн көпчүлүгүнүн байыркы сөздөрдү түшүндүрүп, касиети кийин бурмаланып калгандыгына далил болуучу маалыматтарды башка улуттагы тарыхчы, тилчи окумуштуулар дагы байма- бай берүүдө. Айрым окумуштуулардын маалыматтарына көңүл буралы.
1. “Азыркы кезде Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты мынчалык эрте жана көп кезиккен бир да эл болбосо керек.”- деп, “Кыргыздар” аттуу очеркинде улуу академик В.В.Бартольд жазган.





2. Ал эми орустун улуу илимпозу- полковник Григорий Михайлович Федоров, “Байыркы согушкер кыргыз элинин тарыхы” аттуу эмгегин жактап, профессор наамына ээ болгон. Санкт- Петербург шаарынын Ю.В.Андропов атындагы жогорку аскердик маданият институтунун архивинде *“Киргизы № 1,2”* аттуу наамда *“Өзгөчө сырдуу” (“Совершенно секретно”)* деген гриф менен азырга чейин сакталып тургандыгын далилдеген Кыргыз атуулу, аскер тарыхчысы, коомдук ишмер, милициянын майору – Аталиев Жаракбек Самиевич.

«Рассекречено в соответствии с приказом Министра обороны РФ от 8 мая 2007 года N181 «О рассекречивании архивных документов Красной Армии и Военно-Морского Флота за период Великой Отечественной войны 1941-1945 годов» (с изменениями на 30 мая 2009 года)» (Интернет булактары.)

Ж.С. Аталиев **“**Дүйнө жүзүндөгү бардык эл- кыргыздардын уруктары” аттуу 3 бөлүктөн турган китебинде, окутуучусу, Г. М. Федоровдун сабагындагы биздин заманда болгон окуяларга токтолуп, кыргыз тилиндеги сөздөрдүн байыркы маалыматтарынан берет: Мисалы: “Москва- мас көп”, “Киев- кийип”, “Будапешт- буудай бышты”, “Париж- бар ич-сойкулар ушунчалык көп, калганын өзүң билесиң”, “ Майдан- Майдан” (кыргыз, украин тилдеринде тең *эл чогулган талаа*ны түшүндүрөт.). Тарыхый окуялардан жаралган сөздөр: кыргыз жигити менен славян кызы баш кошуп, татарлар пайда болуптур: кыргыз жигитин славян кызы сүйүп калып, 3 жаш чоң болгондуктан, кайын журту казан кошуп, кызды узатышат. Мына ушундан “Казан” деген жердин аты жаралыптыр. Казань - азыр Татарстандын борбору. (*“Сүйүшкөндөрдүн өз эрки качан төшөк булгаса! Казанчынын өз эрки кайдан кулак чыгарса!”- ушундан калган макал).* Кыргыз менен орустан чубаштар- “Чуу баштар” жаралыптыр. 5- 6 жаш улуу кыздарга үйлөнүшүп, чуу- жаңжал менен жашагандан пайда болгон эл экен. *“Орустан досуң болсо, Айбалтаң жаныңда болсун! Орус адамдан коркпойт, балтадан коркот. “* Макалдын жаралышы боюнча уламыш: *“ Кыргыздар орустардын жергесине барганда аскер башы ... орустардын эң кыйынына айбалтаны кезеп, “Эй, Топор!”-* дегенде орустар: *“Да, Топор, Топор!”-* дешип, айбалта орусча ушинтип аталып калыптыр. *“Топор- иттен башка мал бага албаган кедей”-* дегенди түшүндүрөт. Улуу илимпоз Г.М. Федоров “Байыркы согушкер кыргыз элинин тарыхы” аттуу эмгегинде *“ Байыркы көчмөн кыргыздар б.з.ч. XII- IX к.к. бүткүл Евроазияны жана Түндүк Американы өздөрүнө каратышкан жана басып алган жерлерге ат коюшуп, өздөрүнүн мыйзамдарын киргизишкен.”-* деп жазат. Ал эми Адольф Гитлердин архивинде Улуу Ата Мекендик согуш учурунда: *“Эгерде биз Советтер Союзун басып алсак, Кыргыздар дүйнөдөгү эң ардактуу улут катары биздин сыйлообузда болот!”-* деп айтканы сакталып калыптыр. Аны автор: *“А. Гитлер ... биринчи Кудай жараткан адамдар – Адам- Ата менен Ева ( Обо)- Эне кыргыз тилинде сүйлөгөнүн билген.* “Демек, *“Кыргыз тили – Аалам тили экени мына ушунда жатат”* - дейт. Бул китепти окуган адам биздеги намыскөйлүктүн ж.б.у.с. көптөгөн оң, терс сапаттарыбыздын

тарыхый маалыматтарына күбө боло алат. Авторду колдоп, мен кыргыз элин намыскөйлүккө, билимдүүлүккө жана илимдүүлүккө үндөймүн!

Мамлекеттик тилди колдонуунун сабаттуулугунун 2 тарабына:

1). Тилибиздин жаралуу тарыхына, улуулугуна маани берип, кебибиздин мазмунунун сабаттуулугун намыскөйлүк менен өркүндөтүүгө ;

2). Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн маанисин түшүнүп, күнүмдүк, кесиптик сөздөрдү колдонуунун сапаттуулугуна көңүл буралы - дегим келет.

1). Тилдин маанилүүлүгүнөн тарыхий мисалдар: б.з.ч. III к. Кыргыз Каганатынын (Империясынын) Түмөн падышачылыгы мезгилинде, Байыркы кыргыздарга туткун болуп бараткан элине кеңешин айткысы келип, Кытай ханы Кыргыз Каганынан суранып, кытай тилинде минтип кайрылат: "Менин кымбаттуу элим, силер бийик тоолордо жашаган Чоң элге, б.а.Көчмөн Кыргыздарга эл болуп калуу үчүн баратасыңар: биринчиден, дилиңерди берсеңер дагы эч качан тилиңерди бербегиле, бирок кыргыз тилин сөзсүз үйрөнгүлө; экинчиден, эгер өлбөйүн десеңер же күч кубаттуу болууну кааласаңар, алардын жазаларынан алыс болуп, буйруктарына кыңк этпей көнгүлө."- деп, төмөнкү жазалардын түпкүрүн түшүнүүлөрүн айтат. 1- жаза. Качкан кулдун таманын тилип, жылкынын куйругунун кылын салып, тигип коюшат, ал ириңдебей бүтөт, бирок 2 чакырымдан алыс жүгүрө албай, жоокер боло албай, майда жумуштарды жасап, жүрө берет. 2- жаза. Каршылык көрсөткөн кулдун колу- бутун бириктирип, байлап сызга, жылаңачтап олтургузушат. Адам бел ооруулуу болуп, эч кимге каршылык көрсөтө албай калат. "Сызга отургузуп кетти."- деген макал ушундан калган. 3- жаза. Буйругун аткарбаган кулдун чачын кырып, жаңы союлган койдун терисин башына чаптап жаап, күнөстүү жерге 4 күнгө байлап коюшат. Жаңыдан өсө баштаган чачтар кургаган териден өтө албай ичин карай өсүп, "Маңбаш" же "Маңкуртту" жаратып, акыл- эсинен ажырап, бирөөнүн айтканын жасай берүүчү ээрчиме макулукка айланат. 4- жаза. Кулдар кыргыздарды өлтүргөн болсо, оозуна коргошун куюшат. Үчүнчүдөн, билгиле, эстеп калгыла кыргыз калкы- бүт дүйнөнү багындырып алган Аруу – таза кандуу, ишенчээк, өтө өжөр, баскынчы, тобокелчил, бирок- бирине атаандашкан, жакынын алдыга чыгарбаган, текебер, алыскы тууганы тургай, бир тууганынын да ийгилигин көралбаган ичи тар калк. Алар өз ата – бабаларынын арбактарына сыйынган эл ( Кыргыздардын Аруулугу- өз Ата- Бабаларынын арбактарына сыйынгандыгында жатат!) Байлыкка караганда намысты жогору коюшат. ... . Эгер жагынууну кааласаңар, - өз ишиңерге так, жоопкерчиликтүү болуп, түп аталарын мактагыла, аларды баарынан артык көрүшөт, өзгөлөрдү, жаттарды жакшы сыйлашат. Кыргыздарды бири- бирине жамандай бергиле, душмандашып, өздөрүн- өздөрү кырышканда, силер жетилип, аларга катыла аласыңар, өзүңөрчө эл болуп, жашап каласыңар" – деген экен. Мына ушул акылдын таасири менен азыркы Нарында (Теңир тоодо), Андижанда (Ань- Жи-Аньда - кытай кызынын аты) жана Тянь-Шань тоолорунун ичинде б.з.ч. II к. кытай туткундарынан өзүнчө бир хандык түзүлгөн экен. Кантип? Кытай ханы кыргыздарды кыргыздарга кырдыргысы келип, 1- амалын пайдаланат: 4 жашар эркек баладан башкасын кырып, жок кылып, аларды 20 жашка чыкканча согушкер катары, катаал шарттарда тарбияландырат. Атайын даярдалган курама аскерлердин жардамы менен 2- амалын пайдаланып, кыргыздардын кары- картаңдарын гана калтырып, калгандарын тегиз жок кылууга бйрук берет (кыргыздарды түп- тамырынан жок кылуунун жолун ойлойт). Курама аскерлер чабылып - өрттөлгөн журттан кайгылуу чыккан комуз менен кыл кыяктын муңдуу күүлөрүн угушуп, кимдерди өлтүргөндөрүн түшүнүшүп, туруп калышат. Чабуулдун токтоп калганын көрүп, кытай ханы аскер башчыны жөнөтөт. Хандын буйругу менен бакырып келген аскер башчынын башын кыя чабышып, курама аскерлер кытай ханынын аскерин талкалашат. Кытайлар тарбиялаган кыргыз жигити менен кытай кызынан

жаралган калмак аттуу жаңы улут пайда болот. Бирок, алардын өздөрүнчө жашап калышына Аруу, таза кандуу кыргыздар жол бербей, “кыргыз болсоңор кытайча сүйлөмөк белеңер”- деп аларды Дөңдөн (Дондон, азыркы Ростов- на Дону) ары сүрүп чыгарышат. Ошондо, аларды жериген кыргыздарды: “Ылайым өз ата- тегиңерди билбей калгыла. Ата-тегиңерди билгендериңерди жана бийлегендериңерди укпай калгыла”- деп, өгөйлөнгөн эл каргашкан экен. Улуу эл же байыркы эл экенибизге дагы далилдер: кыргыз тилинин башаты болгон - сүрөттүү же элестүү чиймелер Түндүк Америкадагы таштын бетинен да табылган: бул тил өзгөчө чыгармачылык менен, жазма адабиятка чыйыр салган, турмуштун кыйынчылыгынан пайда болгон тил.




3. Кыргыз эли “Орто Азиядагы эң байыркы элдерден экенин б.з.ч. 99- ж. Кытай тарыхынын атасы Цыма Цянь “Тарыхый жазуулар” аттуу эмгегинде “гэгун” деп кыргыздарды атап кеткен.



Ал эми Бань Гу аттуу дагы бир кытай тарыхчысы кыргыздардын атын “Хань Щу” деген эмгегинде алгачкы учураган эл катары эле эмес, кыргыздар эркиндикке чыгып, өз мамлекетин б.з.ч. III к. эле түзө баштаган эл катары маалымдаган. Бул чыгармадагы “го”деген сөз “мамлекетти” түшүндүрөрүн окумуштуулар далилдешкен. Демек, мамлекеттүүлүккө жетишкен кыргыз элинин тили: “эчен кылым ашкан жол, ташка тамга баскан жол” – деп бекеринен айтылбайт.

Учурда 2009- жылдагы тактоолор боюнча Кыргызстанда 3 млн. 830миң 556 адамдын эне тили- кыргыз тили; кыргыз тилинде эркин сүйлөгөндөр - 271 миң 187, алардын 212 миң 63ү Кыргызстандык өзбектер. Кыргызстанда кыргыз тилинде сүйлөгөндөрдүн жалпы саны - 4 млн.568 миң 480, 6 млн. элдин 3,2си КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ СҮЙЛӨГӨН АДАМДАР. Ооба, чет өлкөлүк кыргыздарды кошкондо мамлекеттик тилде сүйлөгөндөрдүн саны көп, бирок сабаттуулугуна байланыштуу мамлекеттүүлүктү бекемдөөгө кошкон салымына ой жүгүртүп, сапатычы?- деп кээде ойлонууга аргасызбыз!

Таза, сабаттуу тилде сапаттуу сүйлөө – асыл касиеттердин бири. Эрктүү, туруктуу, көздөгөн мыкты тилектерине жете алган Адам болуу бизге ыйык милдет катары б.з.ч.байыркы доордон калганына күбө болуп жатабыз.

Учурдун талабына ылайык, бар сөздөрдү адамдар кебинде канчалык деңгээлде сабаттуу пайдалана алышат?- деген суроону өзүбүздүн кыргыз тилибизге же мамлекеттик тилибизге байланыштырып, айрыкча окуу жайларда жоопкерчилик менен практикалык иш чараларды өткөрсөк болот. Бир нече сөздөрдүн негизги маанилери бузулуп колдонулуп, алар эрежеге айланып жаткандыгына көңүлүңүздөрдү бургум келет. Мисалы, жашка байланыштуу: *"каарып" эмес, " карып"*; берилип угуу маанисинде, "муюуп" эмес, "муюп"; кар "ээрип" эмес,"эрип"; "баардык" эмес, "бардык", бирок: баары; наристелүү болгондо: " уулду"- эмес, "уулдуу" болот; кышында "каар" эмес, "кар" жаайт; "ооруканага" ооруш үчүн барышпайт, ооруканага ооруулуу жатып, айыгыш үчүн барат (дээрлик бардык жарнактарда "оорукана" деп жазуу оңдолбой жатат! ); түш жорулат- жоорулбайт, жылкы жооруп ооруйт, туурасы: түш жоруу; "жоорутул" эмес, "жортуул", "күнөлүү" эмес, "күнөөлүү", "окуутучулар" эмес, "окутуучулар" ж.б.у.с. (мугалимдердин каталары!) Кесиптердин алгачкысы жана авангарды катары, заманбап талаптардын бири- негизги компетенттүүлүктөрдү эске алып, ар бир мугалим - педагогдор жамааты: биринчиден, ой жүгүртүүсүн тартипке салса, экинчиден, ар бир баарлашкан адамынын кары- жашына, кесибине, түшүнүк деңгээлине, башка пикирди кабылуу мүнөзүнө ж.б.у.с. адамдык касиеттерин эске алып, кесибине түздөн- түз тиешелүү педагогикалык, психологиялык билиминин негизинде, татыктуу мамилелешсе, үчүнчүдөн, мамлекеттик тилибиздин оозеки, жазуу түрлөрүн ар кандай чөйрөдө колдонууда тескей билсе, төртүнчүдөн, билим берүү системасына изденгенден тажабаган, кесибин барктаган, замандан артта калбаган, чыгармачыл, мамлекеттик тилдин тазалыгынын маанилүүлүгүн далилдүү аракеттери менен көрсөтө алган, өз укугун учурунда коргой алган кесипкөйлөр тандалса, бешинчиден, саясий, коомдук иштерге тартууда жергиликтүү бийликтен баштап жогорку бийликке чейин, иш чараларды өткөрүүдө "адамдын санын көбөйтүү үчүн" билим берүү тармагындагы мугалимдерди, окутуучуларды, окуучуларды, студенттерди ж.б. кызматкерлерди "кол баладай" пайдаланууну аң- сезимдүүлүк менен чектесе (себеби, өз кесибине берилүүнүн жоопкерчилигин коомдук иштерге же жетекчиликтин "татаалдыгына" шылтоологондордун саны өлкөбүздүн кыргыз улутундагыларда кескин көбөйгөндүктөн, окуу жайлардагы окуу- тарбия иштеринин пландары толук аткарылбай, бийликте уюштуруучулук же тарбиялык багыттагы иштерди аткарууга жөндөмсүз кадрлардын көптүгүнөн, алардын тынымсыз буйруктарынан жаралган мүчүлүштүктөрүнүн таасири билим жана тарбия жаатындагы терс көрүнүштөрдү жаратууда), алтынчыдан, чала сабаттуулугубузду ар бир педагог аттуу моюнга алып, түйшүктүү милдетибизди таза, толук, өзүбүз канааттангандай аткарууга белсенип киришсек, башкалардын эскертүүсүнө караганда жеңил да, калыс да болот. "Жамандын шылтоосу көп"- деген элибиздин таамай айткан макалы бар. Ушундай каймана, бирок мааниси терең курч сөздөрдүн улуулугун унутуп, майдаланып, бири- бирибизди түшүнгөн намыскөйлүгүбүз жоголуп бараткандай сезилет. Жетинчиден, мамлекеттик тилдин сабаттуулугуна жетишүү менен мугалим- педагогдор ар тараптан өзүн- өзү өстүрсө - эмгегибиздин өтө төмөн бааланганынан, кошумча акча табуу көйгөйүнө кирип кеткенибизди өкмөт алдында далилдеп, укугубузду коргоп, маянабызды, кеминде 20 000 сомго жеткирүү талабын коюуга тилибиздин күчү жетмек, башка кесиптегилерге үлгү боло алмакпыз.

Ал эми Кыргыз өкмөтү тарабынан педагогдордун маянасын оозго аларлык көбөйтсө, коррупцияга каршы бир орчундуу кадам болмок! Себеби, базар экономикасы мугалимдерди дагы өз эмгегинин баалуулугун жана чыгармачылдык изденүүлөр көп чыгымдарды талап кыларын эсептегенге үйрөттү. "Ардактуу кесибибиз" үй- бүлөдөгү көйгөйлөргө, заманбап түшүнүктөгү балдарыбыздын шылдыңдоолоруна айланууда! Жеке тажрыйбамдын негизин окурман- кесиптештериме ынандырып айтып, келечек

муундардын алдында чамабызга жараша таза, майда шылтоосуз жашайлы, иштейли демекчимин. Алибетте, татыктуу адистердин, мугалимдердин катары кескин суюлганынын негизги себеби - маянанын өтө аздыгында экенин өкмөт билерине жана чара көрөрүнө ишенебиз! "Жашоо каражаты жетиштүү болуп, жумуш орундарындагы шарттарыбыз заманбап түзүлсө, чет өлкөлөргө жумуш издеп эмес, саякатка гана барат элек!"- дегендердин саны мугалимдердин арасында гана болбой, карапайым калктын ичинде толтура.

Ошентип, базар экономикасында билимдүүлүгүбүздү пайдаланып, кепти сабаттуу колдонууга болгон көз караштарыбыз боюнча пикирлерибизди жана аракеттерибизди аныктоо максатында чыгармачыл топторду түзүп семинарларды дагы өтүп жатабыз.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Кадыров Ы. "Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар " 2011- жыл.
2. Бартольд В.В **"**Киргизы." Исторический очерк. Фрунзе 1927- жыл.
3. "Кыргызстан" улуттук энциклопедиясы: 4-том. 2012- жыл 832- бет
4. Аталиев Ж.С. "Дүйнөдөгү бардык элдер – Кыргыздардын уруктары" Б. 2017- жыл
5. Интернет булактары.


* * *

УДК 82-13

# ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН "КУТ АЛЧУ БИЛИМ" ПОЭМАСЫ ЖАНА АЙРЫМ ЫР САПТАРЫНЫН КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ
# ПОЭМА " БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ" И ХУДОЖЕСТВЕННАЯ ОСОБЕННОСТЬ КАЧЕСТВ НЕ КОТОРЫХ СТИХОВ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА
# LITERARY PECULIARITIES OF POEMS AND SӨME LINES OF "KUT ALCHU BILIM" BY JUSUP BALASAGYN

***Шерипбаев А.Р. – улук окутуучу, ЖАМУ***

***Аннотация:*** *Дастандын кээ бир бөлүмдөрүн талдоого алуу менен автордун жашаган доору, өмүрү, чыгармачылыгы, социалдык абалы, жашоого болгон көз карашы жана айрым ыр түрмөктөрүнүн көркөмдүк маселелери каралды.*

***Аннотация:*** *Жизненная эпоха, жизнь, творчество, социальное состояние, взгляды на жизнь и вместе с этим взяты некоторые части поэмы, а также рассмотренны художественные примеры из отрывков стихов автора.*

***Annotation:*** *Life epoch, a life, creation, social status, views on life and at the same time some of the poem, and also considered examples from literary works excerpts of the author's poems.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Түрк тили, дастан, кыргыз тили, кыргыз эли, ыр түрмөктөрү, ислам дини, кут, көркөмдүк өзгөчөлүгү, өмүр, өлүм.*

***Ключевые слова:*** *Турецкий язык, легенда, кыргызский язык, кыргызский народ, клубок стихов, исламская вера, счастье, удача, благодать, художественнная особенность, жизнь, смерть.*

***Key words:*** *Turkish language, legend, Kyrgyz language, Kyrgyz people, a tangle of poem, Islamic faith, happiness, luck, grace, artistic feature, life, death*

Жусуп Баласагын Кыргызстандын аймагындагы Баласагын шаарында (азыркы Токмок шаарына жакын жердеги байыркы шаар) туулган. Бирок, акындын өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат аз. Автор дастандын кириш сөзүндө эле:

Эске тут, бул китепти жазган адам,
Атактуу, сыпаа, сөзмөр болгон абдан.
Акылдуу, түркүн-түркүн билим алып,
Жүрүптүр эл ичинде ойноп-күлүп.
Ал жетип журт ичинде урмат-баркка,
Бай экен калыс сөзгө, акыл наркка.
Күз-Ордо-анын туулуп өскөн жери,
Жатык тил, учкул сөздүү тууган эли!
Шык айдап туулган жерден чыгып кетти,
Бүт көрдү бөтөн жерде бул китепти.
Багыттап бардык дитин жазып накта,
Эмгегин аяктады Кашкар жакта.

Акындын өмүрү, социалдык абалы, билими тууралуу так маалыматты өз чыгармасынан алабыз. Бул маалымат боюнча Ж.Баласагын ар тараптуу билим алган, сылык-сыпаа, тектүү жерден чыккан, дүйнө-мүлкү бар, албетте, бир жерде турууга мүмкүнчүлүк бербеген чоң акындык дарамети, талант шыгы бар адам болгондугу үчүн "Шык айдап тууган жерден чыгып кетти, бүткөрдү бөтөн жерде бул китепти" - деп дастанды Кашкарда жазып бүткөндүгү тууралуу маалыматтарды берет.

Дастанды изилдөөчүлөр б елгилегендей Ж.Баласагын Ибн-Сина, Аль-Фараби, Беруни, Рудаки өңдүү Чыгыштын улуу ойчулдарынын эмгектери жана Курани Каримдин аяттары менен, Мухаммед Алейхи саламдын хадистери, Фирдоусинин "Шах-намеси" менен жакындан тааныш болуп, Баласагын, Кашкар, Бухара, Самаркан, Багдад ж.б. шаарлардан "түркүн-түркүн билим алган акылман, илимпоз"-,өзгөчө математика, астрономия, тарых, тил илимдери боюнча чоң улама аалым, философ, полиглот "ойчул акын катары карап, орто кылым доорунда көркөм ой жүгүртүүнүн өзгөчө бийиктигин аныктаган сөз устаты деп баалоого милдеттүүбүз"
1.Шериев Ж. Баласагындык Жусуп. "Кут билим".-Китепте: Байыркы жана орто кылымдар түрк адабияты. Б.,1996, 103-бет.

"Китепти окуй турган окурманым,
Көркүнө түрк сөзүнүн нак тунарсың."[1]
"Китеп көп араб, тажик тилдеринде ,
Бул китеп эң биринчи биздин тилде."[2] - деп, кашкайта накта түрк тилинде жазылган алгачкы китеп экендигин баса белгилеп жатат. Мунун тууралыгын "орус түркологиясынын атасы" атыккан, "Манасты" эл оозунан (Ч.Валихановдон кийин ) биринчилерден болуп жазып алып, немис тилине которгон, бардык түрк элине орток окумуштуу академик В.В.Радлов: "1891.-жылы мен Вамбердин көз карашы менен толук макул болуп,"Кут билим" байыркы уйгур тилинде жазылган деген пикирде элем. "Кут билимде" уйгур деген сөз бир дагы жолу кездешпейт... Менин "Кут билим " уйгур тилинде эмес деген пикирге келишиме да бир нерсе... өз эне тилинде биринчи китеп экенин көрсөткөн автордун сөзү негиз болуп отурат...",- дейт.(Жусуп Баласагын. Китепте: Кыргыз адабиятынын тарыхы IV том. Бишкек, 2012, 75 бет.)

Муну акыркы жарым кылым аралыгында кыргыз тарыхчы, филолог окумуштуулары Ө.Караев, К.Артыкбаев, З.Эралиев, С.Сыдыковдор изилдешип, бул дастан уйгур тилинде эмес, накта түрк тилинде жазылганын такташып, Караканиддер мамлекетин

---

[1] Жусуп Баласагын. Куттуу билим. М.:"НИК",1993. 32-бет.
[2] Жусуп Баласагын. Куттуу билим. М.:"НИК",1993. 34-бет.

түзгөн элдин көпчүлүгү кыргыздар болгондугун өз аргументтерин келтирүү менен ынанымдуу далилдешкен.

Ал эми Жусуп Баласагын менен түздөн-түз замандаш болгон Махмуд Кашгари (экөө тең өз заманынын билимдүү адамы болгон, түрк тилинде өз чыгармаларын жазышкан, жердеш болушкан.) экөөнүн кездешкени, чыгармачылык байланышы боюнча так маалыматтар жок.

Махмуд Кашгари "Түрк сөздөрүнүн жыйнагында.": "Андан соң кыргыз, кыпчак , огуз, тухси, йагма, чигил, ыграк, чаруктар. Алардын нукура түркчө жалгыз тили бар",- дейт.

(Махмуд ибн Хусейин Кашгари "Түркий" тилдер сөз жыйнагы. (которгон Т.Чороев),-китепте: Кыргыздар. II том. -Б.:"Кыргызстан", 1993, 447-бет.

Ал эми адабиятчы А.Абдыразаков жогорку окумуштуулардын пикирин талдап келип,: "Мына ушул уруулардын бардыгы кыргыздардын жеринде жашап, кыргыз элин түзүшкөнү тарыхый чындык. Көрүнүп тургандай кыргыз тили накта түрк тили экени талашсыз чындык. Түрк атанын балдары экенибиз, болгондо да байыркы жана Орхон-Енисей доорунан бери эле өз тилибизди сактап , өнүктүрүп келе жаткан кыргыз-түрк эли экенибиз дапдайын болуп турат . Түркий тилдеги элдер менен ата-бабабыз бир, түпкү атабыз түрк экени "Манас" эпосунда да эчактан бери айтылып келе жатат. Демек, дастандын тили, Карахандар мамлекетинин мамлекеттик тили XI кылымдагы кыргыздар сүйлөгөн тил болгон жана азыркы кездеги кыргыз элинин тилине өтө эле жакын , түшүнүктүү тил десек эч кандай жаңылыштык болбойт,"-деген пикирине кошулбай коюуга болбойт.

Жусуп Баласагын да өз заманынын таланттуу уулу катары, замандаш акындары сыяктуу өз чыгармасын Кудай тааланы жана пайгамбарларды, алардын ата-бабаларын даңазалоо менен баштап, аны көбүнчө эскерип, ой корутундуларын ислам жол-жоболорунун негизинде жыйынтыктаган.

Тирүүлөрдүн баарынан кудай улуу,
Бир өзүнө татыктуу урмат кылуу.
Ал улук да, күчтүү дагы ченемсиз,
Агаруу да, көгөрүү да жок ансыз.
Жаралгандын бардыгы муңдуу дечи,
Муң билбес жаратканым жалгыз өзү.
Бардыгын сен жараттың, жанды, денди,
Баары өлөт, сенсиң жалгыз түбөлүктүү.

Акындын Кураны Карим менен мыкты тааныш экендигин жана бул ыр түрмөктөрү анын мазмунунун түздөн-түз чагылышы экендигин далилдейт.

Бул ыр түрмөктөрдүн ислам динине мазмундаш келишин мыйзам ченемдүү көрүнүш катары эсептөө керек. Акындын ою боюнча Кудайдын улуулугу, жалгыздыгы, бүтүндүгү, мээримдүүлүгү, түбөлүктүүлүгү жердеги бардык нерселер анын гана каалоосу , тилек-ниети менен боло тургандыгын кыт куйгандай сүрөттөп берүүгө жетишкен.

Жаратты Жерди, Көктү, Күн, Ай, түндү,
Жашоонун жан-жаныбар жасап түрдүү.
Сен жараттың сандаган тирүүлөрдү,
Түздү, тоону, деңизди, өрөөндөрдү.
Сен асманга жылдыз чачтың көп эле,
Түндү кууп, Күн чыгардың төбөгө.
Ал кандай, кайда экен деп сурай көрбө,
Сөздү тый, Кудай деген бардык жерде.

Автор өзү жашаган доордогу бардык диний аалымдар, акындар сыяктуу эле ислам дининин жол-жоболорунан чыга алган эмес. Жаратқандын берген ырыскысына ыраазы болуп, шүгүрчүлүк келтирип, каниет кылып, ак иштеп, таза жашоо керек экендигин дайыма кулакка куюп, эскертип турган. Падышабы, увазирби, дыйканбы, аскер башчыбы, кедейби,а малчыбы, дарыгерби дайыма ак иштеп, адамдык милдетинди так аткар деп насаат айтат. Мында да жакында эле дүйнөдөн кайткан бүткүл адамзаттын уулуна айланган Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы өзөк идеялык-тематикалык маани, башкы проблема "Канткенде адам уулу адам болот?"деген маани-мазмун баштан-аяк чечмеленип жүрүп отурат.

Дастандын көркөмдүк өзгөчөлүгү жөнүндө сөз кылганда анын формалык жагдайы тууралуу учкай ой айтууга туура келет. Дастан башынан аягына чейин суроо-жооп, диолог, ой жүгүртүү, аналитикалык талдоолорго жыш толгон маанилерди бейт формасында берилет. Чыгармадагы каармандарды да жөнү жок жерден ханды Кунтууду Элик, увазирди Айтолду деп атаган эмес. Себеби адамзаттын жашоосу деги эле жер жүзүндөгү жандуу, жансыздын баарын бай-кедей, эркек-аял, алдуу-алсыз, ак-кара деп ылгабай, нурун тегиз тийгизген Күн менен Ай. Ошондуктан дастандагы каармандарды да символдоштуруп, ат коюп, бийлөөчүлөр да өз букараларына бирдей мамиле кылуусун каалаган жана дастандын өнүгүү багытын да ошондой тартипте өнүктүргөн.

Бир бек болду дүйнөдө, өзү баатыр,
Сөз, ишинен тамырдай тарады акыл.
Ал Күнтууду- дүйнөдө атагы ашкан,

Бактылуу бардык жакта даңкташкан-деп, "Баяндын башкы каарманы, жеткен адилет Күнтууду Элик туурасында айтылат" деген бөлүмдө мүнөздөп, андан ары төмөнкүдөй талап коёт.

Өкүмдар! Адилеттүү болсун жазаң,
Саясатың жаманбы-ишиң жаман.
Жыл сайын бийлигим бек болсун десең,
Элди башкар, күч эмес, мыйзам менен.

Бул бейттер, биринчиден автордун өзүндө чоң интеллектуалдык деңгээл бар экендигинен кабар берсе, экинчиден акын гуманист ойчул жана мамлекеттик башкаруудан да бир топ эле кабардар экендигин тастыктайт.

Дастандан азык алган дареги, көрөңгүсү тууралуу жазуучу Т.Сыдыкбеков: "Кантсе да, байыркыдан оозеки жат окулган дастандар, икаялар, накыл сөздөр, макал-лакаптар Жусуп акындын илхамын чакырганы байкалат. Чытырман токойдогу отун-отунчунун аяк астында белен жаткан сыяктуу , калк рухунун казнасында кылымдап сакталган сөз куту акындын дилин тынчытпастан шыгын ойготкондугу, кеменгерлигин тереңдетип, чеберчилигин жетилткендигин анын дастаны күнү бүгүнкүдөй баяндайт"[1]. Бул пикирлерди изилдөөчү-окумуштуулар Ж.Шериев, А.Эркебаев, А.Абдыразаков, К.Артыкбаевдер да ырасташат.

Дастандын көркөмдүк өзгөчөлүгү жөнүндө сөз кылганда, адегенде эле анын аталышына токтолууга туура келет. Дастан кыргыз тилине "Куттуу билим" , "Кут алчу билим", "Кут даарыган билим", "Бактылуу болуунун илими" деп бир нече аталышта жүрөт, баарында тең негизги маселе "Кут" деген түшүнүк менен айкалышып келет.

Кыргыз эли илгертен алган жарын, жарык дүйнөгө келген перзентин, жаңы конуп барган конушун, салган үйүн жана кийген же сатып алган кийимин кут болсун же болбосо куттуу болсун(мисалы: жаңы конуш кут болсун ,уулдуу болсо койчуман куттуу болсун, кыздуу болсо кырк жылкы куттуу болсун, үйлөнсө алган жарың же келинчегиң куттуу болсун)деп куттук айтышкан. Өнгөн-өскөн эл-жерди да куттуу эл, куттуу өрөөн, кут

[1] Сыдыкбеков Т Кут белгиси билик. Китепте: Жусуп Баласагын. Куттуу билим. М.:"НИК", 1993. 9-бет.

даарыган жер, куттуу мекен, кутман талаа деп ыйыктын ыйыгы катары маани беришкен. Белгилүү жазуучу Чыңгыз Айтматовдун "Саманчынын жолу" повестинин башталышы да:- Амансыңбы, куттуу талаам?-деп Толгонай бирде Жер-Эне, бирде куттуу талаам, кутман талаам деп кайрылып, диолог түрүндө окуя өнугүп олтурат. Азыркы күндө "кут" сөзү кыргыз элинин жашоо образына ылайык маанисин бир топ кеңейтип, куттуктоо деген түшүнүк жеке турмуштан баштап мамлекеттер аралык мамилеге чейин өсүп жетти.

Дастанда Чыгыш поэзиясындагы түбөлүктүү темалар өлүм, өмүр, жашоо, жаштык, карылык темаларына арналган ыр түрмөктөрүнүн маани- мазмуну, көркөмдүк өзгөчөлүгү да, философиялык чечмелөөсү да окурманды кайдыгер калтырбайт. "Өткөн жаштыкка кайгырып, карылык туурасында" деген бөлүмдө:

Жигит кезим булуттай учуп өттү,
Өмүр дагы шамалдай өтүп кетти.
Жаштык кезим ойлосом ичим жалын,
Кармай албай өзүмдү кайгырамын, - деп өмүрдүн учкан зымырык куш сыяктуу тез эле өтүп кеткендигине өкүнүп , аны учкан булутка , шамалга салыштырып, "Жаштык кезим ойлосом ичим жалын" деп, өмүрүнүн гүл мезгилин, жигиттик курагын"Кармай албай өзүңдү качыргамын" -дейт да :

Жигиттик кез ойлосом ичим күйөт,
Алып кеттиң көркүмдү , таппай издеп!-деп алы- күчү кетип, өң- түсүн ак чалып калганын дастан башталганда эле:

Карып калдым, элүүдө менин жашым,
Капкара кундуз эле, аккуу башым,-деп жаштыгын кундуз чачка, карылыгын ак куу башка салыштырып, өткөн өмүрүнө үшкүрүнөт.

Кундуздай кара чачты кыроо басты,
Толгон айдай курагым кайда калды?
Жаздай элем жаңы ачкан түркүн гүлдүү,
Гүл кубулуп, күзгү жел чачып ийди!

Бул бейттердеги маани акындын өзүнүн өмүр мисалынан алынганына шек жок. Ошондуктан ар бир ыр түрмөгү, ар бир ыр сабы элестүү, образдуу чыгып, чыныгы чоң таланттын дараметинен жаралганын айгинелеп турат.

Ошол эле учурда жаштык кезин, гүлгүн куракты жашыл жазга, толгон айга, чыккан күнгө, түркүн түстүү гүлгө салыштыруу "Чыгыш поэзиясынын гүлдүүлүк" салтынан таасирленгенин айгинелейт.

Поэмада адам жашоосундагы өлүм менен өмүрдүн тирешүүсү Айтолдунун образы аркылуу берилет. Адам өмүрүн жашында жаңы туулган айга, мезгил өтүшү менен толгон айга салыштырылып, анан барып алдан-күчтөн тайып, ак чач басып, карып-арып калган карылык мезгилин өлүм үшүн алып, ичиркентип, жарык дүйнө менен коштошкусу келбей турганы пессимисттик маанайда "акыры өлөр болгон соң, не жаралдым дүйнөгө" деген суроону коёт.

Белгилүү да, төрөлгөнгө өлүм бар,
Тике турган-акыр бир күн куланар.
Кайгырба, кейибегин-мен кетемин,
"Төрөлгөн-өлбөйт" - десе ишенбегин.
Неге туулдум? - акыры өлөр болгон соң?
Неге күлдүм? - кайгы күтүп турган соң?

Бул саптардагы өмүр-өлүм жөнүндөгү акындын философиясы бир туруп рубаи жанрынын улуу устаты Омар Хаямдын рубаилериндеги ойлорду эске салып, көркөмдүк жагдайы да окшоштой сезилет.

Дүйнө берип өлбөс болсо адамдар,

Өлбөс болуп калмак анда жакшылар.
Өлүмгө дабаа болбойт алтын-күмүш,
Өлүмдү токтото албайт билим же күч.
Өлүмгө дабаа болсо дары-дармек,
Эмчилер өлүм билбей жүрө бермек.

Демек, төрөлүү бар жерде, өлүм да бар. Ошон үчүн исламда өлүм “ак” деп айтылат. Өлүм гана адамды бай-кедейге, улуу-кичүүгө, жаш-карыга бөлбөйт, эч кимди ылгабайт, эч кимге жан тартпайт, эч кимге боору оорубайт. Өлүмдү дүйнө - мүлк менен, акыл - билим менен, дары-дармек менен токтотуп же арачалап калууга болбой тургандыгын көр пендеге эскертип, мусулман пендеси жаш-карыга карабай, өлүмгө дайыма даяр болуш керек деген ойду кыйытат.

Дастандын көркөм өзгөчөлүктөрү катары изилдөөчүлөр Д.А.Кононов, Т.Сыдыкбеков, Ж.Шериев ж.б. элдик макалдар, учкул сөздөр, туруктуу сөз айкаштары, ассонанс, аллитерация сыяктуу көркөм каражаттардын толтура экендигин бас белгилешкен. Ушундай көркөм каражаттарын кеңири колдонуудан дастандын тилинин, көркөмдүүлүгүнүн, кулакка угумдуулугунун, маани-мазмунун ажары ачылып отурат.

Намыстуу баатыр жигит жоону басат,
Бир гана уятсыздар жоодон качат.
Эмине эксең-жериңе ошол өнөт,
Эмине берсең-ошону төлөп берет.
Сак бол шарият колдон келсе,
Сактанганды сактайм дейт, сак өзүң.
Бир сөз бар, сөз мааниси өтө терең,
Жакшы сөз-жарым ырыс болот деген.
Улук болсоң, кичик тут сен өзүңдү,
Улуксуңбу? Сылык кыл мүнөзүңдү.
Төрдөн орун тийсе нааданга,
Улагада калганыңа арданба.

Мында да баатырдык, мекенчилдик, ынтымактуулук, наадандык ж.б. маселелер тууралуу учурдагы кыргыз эли колдонуп жүргөн макалдардын, учкул сөздөрдүн башатын дастандан кезиктирүүгө болот. Ушинтип сөз мааниси талданып, сөз шурусу бири-бирине уланып жүрүп отурат. Мындай учкул сөзгө, макалга, фразеологизмдерге жык толо ыр түрмөктөрүн ар бир беттен кеңири учуратууга болот.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Абдразаков А. “Кыргыз адабиятынын тарыхый өнүгүш маселелери”. Бишкек, 2011.
2. Жусуп Баласагын. Куттуу билим. М.:”НИК”,1993.
3. Кыргыз адабиятынын тарыхы, IV том. Бишкек, 2012.
4. Махмуд ибн Хусейин Кашгари “Түркий тилдер сөз жыйнагы”. (которгон Т.Чороев),-китепте: Кыргыздар. II том. -Б.:”Кыргызстан”, 1993.
5. Сыдыкбеков Т Кут белгиси билик. Китепте: Жусуп Баласагын. Куттуу билим. М.:”НИК”, 1993.
6. Шериев Ж. Байыркы жана орто кылымдар түрк адабияты. Бишкек, 1996
7. Эркебаев А. Байыркы түрк адабияты - орток рухий байлыгыбыз. Китепте: Кыргыз адабиятынын аз изилденген барактары. Б., 2004.

* * *

УДК 93-94

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИНИН МАДАНИЯТЫНЫН ТАРБИЯДАГЫ ОРДУ
# РОЛЬ КЫРГЫЗСКОЙ НАРОДНОЙ КУЛЬТУРЫ В ВОСПИТАНИИ
# THE ROLE OF KYRGYZ PEOPLE CULTURE IN EDUKATIION

***Бакивалиева К. – старший преподователь,***
***ЖАГУ ТИПФ, г. Таш-Кумыр,***
***rir82@mail.ru.***
***Турдубаева М. – старший преподователь,***
***ЖАГУ ТИПФ, г. Таш-Кумыр***

***Аннотация:*** *Азыркы муундун көпчүлүгү, кыргыз элинин маданиятын, нукура улуттук каада-салттарды билбей калышты. Салтты сактоону каалап, бирок билбестиктен туура эмес жасагандар да көп. Бул баяндама мына ушул кенемтени толтуруу максатында жазылды.*

***Аннотация****: Большинство нынешнего поколения не знают культуру, подлинно национальные обычаи, обряды кыргызского народа. Многие придерживаются обычаев, но из-за незнание их допускают ошибки. Это статья написана с целью устранения этих недостатков.*

***Annotation:*** *Most of the current generation do not know the culture, truly national customs, rites of the Kyrgyz people. Many adhere to customs, but because of their ignorance they make mistakes. This article is written in order to eliminate these shortcomings.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Патриархалдык, материалдык, улут, феодалдык, социалдык, искусство, фабрика, цивилизация, норма, маданият.*

***Ключевые слова:*** *Патриархальный, материальный, этнос, феодальный, социальный, искусство, фабрика, цивилизация, норма, культура.*

***Key words:*** *Patriarchal, material, ethnos, feudal, social, art, factory, civilization, norm, culture.*

Көчмөн жана жарым көчмөн турмуш, патриархалдык-феодалдык түзүлүш кыргыз элинин маданиятына терең из калтырган. Материалдык маданияттын негизги көрсөткүчтөрү болгон элдин турак-жайы, кийим-кечеси, каада-салттары, кол өнөрчүлүгү башкача айтканда материалдык маданияты мурдагыдай эле көчмөн турмушка, чарба жүргүзүүнүн сезондук мүнөзүнө ылайык улантылган.

Кыргыздардын байыркы турак жайы көчүрүлмө жана туруктуу болуп экиге бөлөнгөн. Көчмөн кыргыздар негизинен боз үйлөрдө жашаган. Байлардын үйлөрү чондугу жана жасалгасы менен айырмаланган. Алардын ич кийиз, шырдак, килем, чырмалган чий-чыгдандар менен жабдылган. Алардын үй эмеректери да кымбат баалуулугу менен өзгөчөлөнгөн. Байлар бир нече үй тигишип, биринде өздөрү жашап, экинчисинде меймандарды тосушуп, дагы бирине тамак-аш даярдашкан.

Кыргыз боз үйү-кайталангыс архитектуралык курулуш. Шамалга, жер титирөөгө туруктуу. Кышта жылуу, жайда салкын.

Боз үй миндеген жылдар мурун мал чабачылыгына байланыштуу көчүп конуунун зарылдыгынан келип чыккан. Анын тарыхта эки түрү: түз жерде жашагандарга сүйрөмө, тоолуу жерлерде-жүктөмө түрү белгилүү.

Кыргыздар жашоо шартына ылайык боз үйдүн жүктөмө түрүн өнүктүргөн. Боз үй ар бир кыргыз баласы үчүн ыйык. Анткени, ал ардактап күтүп алчу ата мурасы. Боз үй кыргыз элинин байыркы социалдык турмушунан, маданиятынан, искусствосунан кабар берип турат. Кийин совет мезгилинде боз үй малчылардын жайлоодогу үйүнүн милдетин

аткарып калган. Ошондой болсо да азыркы мезгилде боз үй атайын жасалып, кенири колдонулат.

Боз үйдүн түзүлүшү ар бир жыгачынын жасалышы, ички жасалгасы, андагы буюмдардын жайгашуусу, ар бир адамдын отура турган ордунун күн мурунтан эле аныкталгандыгы, касиеттүү коломтонун ортодо жайгашуусу, ошондой эле түндүккө, керегеге, уукка ж.б карата айтылган макалдар боз үй тек гана баш калкалоочу турак жай эмес, элдин бүтүндөй маданиятын, философиясын билдирип, көчмөн рухтун борбору болуп турганынан кабар берет. Айтор кыргыз элинин салттуу дүйнө тааным маданияты боз үй аркылуу кенири көрсөтүлгөн.

Туруктуу типтеги турак жайлар Кыргызстандын түштүгүндө мурдатан эле болгон. Ал эми Түндүк Кыргызстанда мындай турак-жайлар XIX-кылымда гана курула баштаган. Кыргыздар турак үйлөрдү курууну адегенде өзбек, тажик, уйгурлардан үйрөнүшкөн.

Жергиликтүү шартка, курулуш материалдарына жараша түштүктө үйдүн дубалын ылайдан томолоктолгон кесек менен көтөрүшкөн. Түндүктө болсо дубалды топурактан согушкан же куюлган кыш менен көтөргөн.

Кийим-кечеси. Отурукташкан кыргыздардын байыркы салттык кийимдери өзгөрүүгө учурагандыгы байкалган. Алардын кийим-кечесине өзбектердин, тажиктердин, татарлардын, орус, украиндердин таасири болгон. Көчмөн жана жарым көчмөн мал чабачылыгы басымдуулук кылган жерлерде кийим-кече кол менен даярдалган малдын же жапайы айбандардын терилеринен, жука кийизден, жүндөн токулган таарлардан тигилген. Кийимдер Борбордук Азиялык жана кытайлык кустардык өндүрүштүн кездемелеринен, кийинчереек Россиянын фабрикаларында токулган кездемелерден да тигиле баштаган. Бирок кездеме товарлар өтө кымбатка тугандыктан баалуу кийимдерди байлар гана кийишип, кедейлер чыт сыяктуу арзан кездемелерди алышкан [1].

Негизинен ар бир улут өзүнүн улуттук кийими менен бири-биринен айырмаланат. Улуттук кийим мамлекеттин атрибуттары сыяктуу эле бир элди башка элден өзгөчөлөп турган белги. Улуттук кийим ата-бабадан урпактарына салт катары өтөт. Ошондуктан ата-бабанын кийими өтө ыйык, аны аздектеп кийүү сыймыктуу. Ошентсе да кийимдер элдерден бири-бирине өтүп, бири-бирине таасир тийгизип, ар бир элдин салттарына, эстетикалык көркөм табитине, кийим тигүү өнөрүнө жараша өнүгө берген. Кыргыз кийимдеринин айрым түрлөрү азыркыга чейин сакталса, айрымдары өзгөрүүгө дуушар болгон.

Улуттук кийимдер үчкө бөлүнөт.

1. Баш кийимдер: Ак калпак, тебетей, малакай, топу, такыя топу, шөкүлө, жоолук, элечек.
2. Сырт кийимдер: Беш мант, ичик, кементай, шым, белдемчи, чыптама.
3. Бут кийимдер: өтүк, маасы, келеч ж.б [1].

Азыркы мезгилде улуттук кийим кийүү жагында салтык кийим калпак, тебетей, көйнөк, чапан, кементай, кемселдерге оймо-чийме түшүрүлгөн заманбап түрлөрү жаралып, карыларыбыз, айрым кыз-келиндерибиз ар кандай тойлордо, сатанаттарда кийип отургандары улуттук ан-сезимди козгоп, өзүбүзчө улут экенибизди айгинелеп, салабаттуу түр берип турса, айрым жаштардын өз элинин кийим-кечесин чанганы өкүндүрөт. Биздин мамлекет кыргыз элинин мамлекети. Башка элдердей эле атам замандан калыптанып калган улуттук кийим-кечеси бар. Ошондуктан ааламдашуу, дүйнөлүк масштабдагы өзгөрүүлөр кыргыз элинин өсүп өнүгүшүнө таасири, айрым учурда пайдасы тийүү менен катар эле, миндеген жылдар бою аздектелип, муундан муунга өтүп келаткан улуттук кийимдерибиз унутулуп, кедери кетип, керектүү жерде кийилүүчү кийим кийилбөөчү жерде кийилип, керектүү жерде кийилбей турганы зээнди кейитет. Нукура салттуу кийимдерибизди чанып, мурунку көркүн тамшана адабий чыгармаларга, илимий эмгектерге гана жазып калганыбыз кейиштүүү көрүнүш.

Каада-салттары. Салт-муундан муунга, укумдан тукумга өтүп, узак мөөнөт бою сакталып келген соцалдык жана маданий мурастын элементи. Ал сөзсүз кайталанат. Кайталанбаган жосун салт болуп эсептелбейт. Бирок, кайталангандын баары эле салт эмес. Ал каада. Каада заманга жараша салттын чегинде өзгөрүп турат. Алсак, учурашуу-бул салт эмес. Бирок, аны кандайдыр бир жөрөлгөлөр менен коштолгону, мисалы, кол алышып учурашуу, ийиндерин тийгизип учурашуу, кичүүнүн улууга озунуп салам айтышы салт болуп саналат. Демек, ушул сыяктуу кандайдыр бир кубулуштун жөрөлгөлөр менен коштолуп кайталанышы улуттук каада салттын көрөнгөсүн түзөт. Дегеле салттардын негизги милдеттеринин бири-жаштарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, жоопкерчиликтүү болууга ат-эне, эл-журт алдында милдетти сезе билүүгө, улууларды сыйлоого ж.б жакшы сапаттарга тарбиялоо [2].

Элдин турмуш мүнөзүнүн өзгөчөлүгүнө, чарбалык иш аракетине байланыштуу жралып, тарыхый узак жолду басып, муундан муунга өтүп, коомдук пикирдин күчү менен корголуучу үрп-адаттар адамдардын жүрүм-турум эрежелери улуттун рухий жүзү элдик каада-салттар деп аталат. Элдик каада-салттар этностун, улуттун туубаса өзгөчөлүгүн башка элден айырмачылыгын көргөзөт жана ошол өзгөчөлүктү сактап калууга жөндөмдүү. Жаңы муунду тарбиялоо анын негизги милдети болуп эсептелет [3].

Кыргыздардын ар бир салтанаты элдик оюндар менен коштолгон. Аларга: Ак чөлмөк, ак терек-көк терек, аркан тартмай, дүмпүлдөк, жашынмак, жоолук таштамай, оодарыш, кол күрөш, көз танмай, селкинчек, кыз куумай, тогуз коргоол ж.б кирет. Мына ушундай улуттук оюндар дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында да ойнотулуп келүүдө.

Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары-этностун спорт түрлөрү боюнча уюштурулуучу эл аралык спорттук мелдештин 2 жолусу. Мелдешти өткөрүү демилгеси 2012-жылы Турк Кеңешинин самитинде Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев тарабынан көтөрүлүп, 2014-жылы тарыхта биринчи ирет Кыргызстанда өткөрүлгөн. өткөрүлүүчү спорттун түрлөрү: Ордо, ат чабыш, көк бөрү, эр эниш, тогуз коргоол, аркан тартыш, кыз куумай, кыргыз күрөшү, жаа тартмай, бүркүт салмай, тыйын энмей, жамбы атмай ж.б ойнолду.

Көчмөндөр оюндарынын негизги максаты-көчмөн элдердин маданиятын катышуучу өлкөлөрдүн маданий байланыштары аркылуу бекемдөө менен сактоо жана кайра жаратуу. Көчмөн элдеринин улуттук спорт оюндарынын түрлөрүн сактоо жана дүйнөлүк деңгээлге көтөрүү. Иш-аракети дүйнөдөгү этноспортту өнүктүрүүгө жана жарыялоого багытталган мекемелерди колдоо.

Биринчи дүйнөлүк көчмөндөр оюну Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл областына караштуу Чолпон-Ата шаарында 2014-жылдын 9-14-сентябрында өткөн. Анда 19-өлкөнүн спортчулары катышкан. Ал эми 2016-жылы өткөн Экинчи дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына 52-мамлекеттин минге жакын спортчу катышып, өз өнөрлөрүн элге тартуулашты. Жыйынтыгында кыргыздар алдыңкы орунду ээлеп, сыйлуу байгелерге ээ болушту.

Элдик оюндар, оюн-зооктор элдин өзүнчө эл болуп калыптана башташы менен катар эле пайда болуп, негизинен аларда элдин ой-тилеги, максаты, үмүтү, кубанычы, өкүнүчү, эрдиги, акыйкаттык үчүн күрөшү чагылдырылган. Улуттук оюндар маданиятыбыздын ажырагыс бир бөлүгү, элдин материалдык жана рухий чыгармачылыктарынын бардык тармактары камтыйт. Кыргыз эл оюндары жаштарды мекенди сүйүүгө, адептүүлүккө, эмгекчилдикке, эр жүрөктүүлүккө, ыкчамдыкка ж.б тарбиялоо менен аларды практикалык ишмердүүлүккө көнүктүрөт, ден соолуктарын чыңдайт, өз алдынча аракет жасоого үйротот. моралдык жана эстетикалык рахат тартуулайт.

Кыргыздардын байыртадан келе жаткан карыларды жана улууларды урматтоо, өлгөндөрдүн арбагын сыйлап куран окутуу, ашар ыкмасы менен өз ара жардамдшуу, меймандостук өндүү каада-салттары элибиздин материалдык жана руханий турмушунун денгээлине жараша сакталып өнүгүп келген. Элдик каада салттар бала төрөлгөндө жаштар үйлөнгөндө элдик жана диний майрамдарда кенири көрүнгөн. Жентек той, сүннөт той, тушоо кесүү, коншуну өрүлүктөө ,кызга калын төлөө , сеп камдоо, кийит кийгизүү, ширине берүү өндүү каада –салттарды элдин бардык социалдык катмарлары өздөрүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша кармоого аракет жасашкан [3].Мындай каада-салттар азыркы мезгилге чейин колдонулуп келүүдө. Жаны жыл майрамы Ноорузду кыргыздар өзгөчө шаан-шөкөт менен өткөрүшкөн. Бул майрамда адамдар бири –бирине эн жакшы каалоо –тилектерин айтышкан. Кашташкандар урушкандар бирин –бири кечирип жарашышкан. Эл чогулуп арпадан же буудайдан чон көжө же сүмөлөк кайнатышкан. Бул күнгө сактаган сүрлөрүн бышырып сыйлуу конокторун тосушкан. Мусулман динин туткан бөлөк элдер сыяктуу эле кыргыздар Орозо айт жана Курман айт майрамдарын бардык жөрөлгөлөрү менен тосушкан. Кыргыздар дүйнөдөн өткөн адамды акыркы сапарга узартууга байланыштуу каада салттарды өзгөчө катуу сакташкан. Маркумдун кара ашын өткөрүү, жаназа окутуу, доорон берүү, жыртыш таратуу, топурак салууга келген адамдарды тамактандыруу үчүн бодо мал союу салты сакталган өлгөн адамдын байлыгына, коомогу ээлеген ордуна, кадыр баркына жараша ондогон, жүздөгөн мал союлган. Маркумдун тирүү кезиндеги жашоосун, эмгегин даназалаган кошок кошуу өнөрү өнүгүп өтө мазмундуулугу жана эмоциялуулугу менен айырмаланган. Каада-салттар лирикалык элдик жана турмуштук ырлар менен коштолгон. Сармерден айтышуу, ыр кесе өндүү көнүлдүү кечелер өткөрүлүп анда элдик таланттар өздөрүнүн өнөрлөрүн көрсөтүшкөн. Бүгүнкү күндө да ырчылык жана комузчулук өнөрү муундан –муунга өтүп өркүндөп келүүдө .

Кол өнөрчүлүгү. Байыртадан эле кыргыздарда көркөм өнөрдүн колдонмо түрлөрү-зергерчилик, устачылык, уузчулук кеңири өнүккөн. Жасаган буюмдарына тери, жун, жыгач, темирди кенири колдонушкан. Аялдар кийиз буюмдарын жасашкан тери иштетишкен, малдын жүнүнөн жип ийрип, өрмөк менен килем таар токушкан, көргөндүн көз жоосун алган сайма сайышкан. Зергерлер кемер курларды аялдардын коездуктары сөйкө. Шакек, чач учтук, чолпу, билериктерин оюм чийим түшүрүп, асыл таш чөгөрүп жасашкан. Алтын күмүштү ээритип бедерлегенди ат жабдыктарын кооздогонду абдан мыкты өздөштүрүшкөн. Темир буюмдарды-эмгек куралдарын, курал жаракты жасаганды жакшы билишкен. Кыргыз ууз–усталары тери жүндү колдонууда өсүмдүктүн тамырынан, сабагынан, жалбырагынан ээзели онбос бойок жасашкан. Кийизге териге сайма түшүрүшкөн, булгаарыга наар басышкан. Булгаарыдан кемер кур, көнөк, көнөчөк, көөкөр, үкөк ат жабдыктарын жасашкан. Өтүк, маасы ултарышкан. Кыргыздын көркөм кол өнөрчүлүгү-элдин байыркы маданиятын көркөм ой жүгүртүүсүн рухий дүйнөсүн чагылдырып элдин жашоо – тиричилиги жашоо мүнөзү турмуш шарттары менен тыгыз байланышкан. Ууздар шырдак, жер төшөк, таар, килем жасоодо, керебет жабуу, парда, туш кийиз саюуда өтө эле көп оюндардын түрлөрүн колдонушкан. Аларга күн, жер, булак, суу, бычак учу, ай нуска, беш манжа, көөкөр, умай эне, тумар, ак куу, кыял, жагалмай, канат, ит куйрук, кочкор мүйүз жана башка деп аталган оюм –чийимдер кирет. Булар аталышына жараша мааниге ээ ал түгүл кадимкидей окуганга болот дешчү илгеркилер. Ал эми ат жабдыктарына-ээр, үзөнгү, канжыга, көмөлдүрүк, куюшкан, басмайыл, желдик, тердик, ичмек, жүгөн, нокто, көрпөчө, ат жабуу, камчы кирет. Ээр эркектердики жана аялдардыкы болуп бөлүнөт. Аялдар ээри өтө кооздолуп күмүш чаптырылып оймо чиймелер түшүрүлөт. Ээрди ээрчи усталар темир жасалгаларын темир усталар аларга күмүш жалатууну зергерлер, кайыштан өрүлүп жасалчу буюмдарын-өрүмчүлөр, ат жабуу, көрпөчөнү, кийиз буюмдарын уз аялдар жасашкан [1-4].

Ээр катуу жыгачтан чабылып, чылгый төө тери менен капталып, андан кийин сыртынан булгаары менен капталып, кооздолуп наар түшүрүлгөн. Камчынын сабы ыргай, табылгы, эликтин шыйрагынан жасалган.

Жыйынтыктап айтканда кыргыз элинин кылымдар бою калыптанып, өнүгүп келе жаткан салттуу маданияты жаны баскычка көтөрүлгөн. Элибиздин материалдык маданиятынын негизин түзгөн турак жайы боз үйлөр акырындык менен ар түрдүү курулуш материалдарынан курулган там үйлөргө алмаштырыла баштаган.

Кыргыз элинин салттуу кийимдери да өзгөрүүгө дуушар болуп, отурукташуунун, эмгектин жаны түрлөрүнүн шартына ылайыкталып Европалык үлгүлөрдүн негизинде өзгөргөн. Ошондой эле азыркы учурда кыргыздардын салтык кийим кечеси жакшырып, ар кандай формада өзгөртүлүп жатат. Салттык кийимдерди тиккен чакан ишканалар пайда болууда.

Ошонтип кыргыздар боз үйдүн жасалгаларынан баштап шырдак, ала кийиз, жер төшөк, сабаа, чанач, көнөчөк сыктуу колдонгон буюмдарына ат жабдыктарына, кийген кийимлдерине чейин жөнөкөй эле тиричилик өткөрүү үчүн эмес, эстетикалык рахат да алуу үчүн көркөмдүккө, кооздукка чон маани бергенин көрөбүз.

Корутунду: Кыргыз элинин маданияты барган сайын идеалдуу экени далилденип келе жатат. Аткени ата бабаларыбыздын ар бир сөзүндө, кийиминде жасаган буюмдарында, турак жайы болгон боз үйүндө, жүрүм-турумунда терен философия камтылып, элдин жашоо турмушунун башкаруу элдик каада салттар, адеп ахлактык нормалар менен жүргүзүлгөн. Ар бир адам өз ордун, өзүнүн даражасын билген. Кыргыздардын ыймандык сапаттары көчмөндөр цивилизациясынын уютку-көрөнгөсүнө айланган, ошондуктан кыргыз маданияты гана аны бүгүнкү күнгө чейин сактап келди.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. “Кыргызстандын тарыхы” Ж.Осмонов, 2012-ж Бишкек
2. “Кыгыздар санжыра, тарых, мурас, салт” К. Жусупов, 1991-ж Бишкек.
3. “Ата Мекен тарыхы боюнча маалыматтар” Ө. Осмонов, Бишкек 2012-ж.
4. “Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар” Ы. Кадыров, Бишкек-2011

* * *

УДК 37. 013

## БАЛАНЫН КАЛЫПТАНУУСУНА ҮЙ-БҮЛӨНҮН ЖАНА КООМДУН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ
## ВЛИЯНИЕ СЕМЬИ И ОБЩЕСТВО НА РАЗВИТИЕ РЕБЕНКА
## THE INFLUENCE OF THF FAMILU AND SOCIETU ON THE DEVELOPMENT OF THE CHILD

***Боркошова С.М. – ЖАМУ***
***МК “ЖББ жана ГД” бөлүмүнүн башчысы***

***Аннотация:*** *Бул макалада баланын калыптануусуна эң биринчи үй-бүлөнүн, айрыкча эненин таасири чоң экендиги жазылды. Мекенге кызмат кылган, билимдүү жаштарды тарбиялоодо коомдун ролу да чагылдырылган.*

***Аннотация:*** *В этой статье сказано во-первых о влиянии семьи на ребенка, особенно большое влияние матери. Воспитывать молодеж образованных в службе Родине, а также отображена роль общества.*

***Annotation:*** *This article speake first of the influence of the family on the child,especially the dreat in fluence of the mother. Educate yound people educated in the service of the Motherland ,as well as the role of society*

***Ачкыч сөздөр:*** *Психология, адептүү, үй-бүлө, мектеп, эмгек, ата-эне, билим, коом.*

***Ключевые слова:*** *Психология, нравственность, семья, труд, родители, общественность, образование.*

***Key words:*** *Psychology, parents, family, work education, up brining, school, moral.*

Ар бирибиз жашообузду үй-бүлө деп аталган чакан уядан баштаганбыз. Анткени коомдогу бардык маселелер кайра ошол эле үй-бүлөгө барып такалат. Мейли мектеп же жогорку окуу жайы болсун ,мейли мамлекеттик же бейөкмөт уюм болсун ,коомдо кайсыл гана катмарда болбосун,адам үй-бүлөдө алган табылгасын өмүр бою колдонот. Үй- бүлө бул чакан мамлекет. Кубаттуу мамлекет пландуу үй-бүлөлөрдөн
куралат.Үй –бүлөнүн архитектору –эркек,ал эми куруучусу –аял. Ошол себептен эне үйдүн куту берекеси.

Жарык ааламга келген акактай таза наристени тарбиялап чоңойтуу бул эненин мойнундагы эң чоң
милдет ,түйшүктүү жана жоопкерчиликтүү иш. Өзүбүз чоңойтуп , тарбиялап жаткан баланын психологиясын жакшылап билбей туруп балага туура,толук жеткиликтүү тарбия бере албайбыз. Ал үчүн эне ар тараптан өнүккөн, ден – соолугу таза, билимдүү, боорукер ,мээримдүү,кечиримдүү, сабырдуу, чынчыл, сөзүндө турган, аманатка кыянат кылбаган,башкалардын жакшы сапатын көрө билген,ыймандуу,колунан бардык иш келген, берешен, жоомарт ,мекенин сүйгөн ,чыныгы педагог,психолог инсан болуу менен балага үлгү болуубуз зарыл. Ошондуктан биз энелер өзүбүз эң биринчи тарбиялуу болуубуз өтө манилүү.

Психиканын түзүлүшү реалдуу чындыктын баш мээде чагылышынын натыйжасындагы процесс болгондуктан өзүнчө эрктик, эмоционалдык таануу процесси; сезүү, кабыл алуу, көңүл буруу, элестетүү жана ойлоо процесстери кирет.

Адам дүйнөнү кабыл алууда, үйрөнүүдө, ал объектилерге эч качан кайдыгерлик менен карабайт. Белгилүү эмоциалык абалдар, сүйүнүү, козголуу, ачуулануу, кайгыруу, булар эмоциялык процесстерди түзөт. Психологиялык абалда адам бир эле күндүн ичинде бир канча психикалык абалды башынан кечириши мүмкүн. Өзү катышкан, туш болгон окуя канчалык көп кырдуу болсо анын психикалык абалдары ошончолук түркүн түр менен көрүнөт. [2]

Педагогикалык психология окутуунун жана тарбиялоонун психологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрүн түзөт. Педагогика, психология илими бири-бири менен өтө тыгыз байланыштуу, жеке инсандын ар тараптан туура калыптануусунда эң чоң ролду ойнойт. Баланын психикасын билбей туруп ага толук тарбия бере албайбыз.

Педагогика бардыгы үчүн: мугалимдер үчүн да, ата-энелер үчүн да зарыл илимге айланууга тийиш. В.А. Сухомлинский [5]

Тарбия адам коомунун эң негизги функциясы. Бүткүл адамзаттын иштеп чыккан материалдык жана руханий байлыгын улуу муундар улам кийинкилерге тарбия аркылуу берет. Тарбиясыз коомдо өсүү болбойт. Коомдун келечек тагдырын тарбия аныктайт. “Уул тарбияласаң; - эркекти, кыз тарбияласаң улутту тарбиялайсың” – деген накыл сөзү нукура эле акылдын каймагы. Анткени кыз келечек колукту, эне, чоң эне! Ал эми энелер – тубаса тарбиячы, болгондо да табигый мээрбан тарбиячы. Ар кандай улуттун ажары да, касиети да кызда – эне, чоң эне, таене. Энелер – аял заты – улуттук тарбия системасынын өзөгү. Ошондуктан биздин ата-бабаларыбыз аялзатынын табият жана коом алдындагы миссиясынын улуулугуна баш ийип, таазим этүү менен энени аялды ыйык тутуп, үй-

бүлөдө аларды кут катары көргөндүгүнө Каныкей, Айчүрөк, Жаңыл Мырза, Кишимжан, Акыл Карачач, Курманжан Датка энелерибиздин көркөм элестери далил.

“Кыздын кырк чачы улуу” – деп ага өтө урматтап мамиле кылуу менен катар, “кыздуу үйдө кыл жатпайт”, “Эшигин көрүп төрүнө өт”, “Энесин көрүп кызын ал” – деп кыз тарбиялоого талапты катуу коюп, биздин бабаларыбыз, кыздарды социалдык жактан тезирээк жетилтүүгө умтулушкан. [6]

“Балалуу үй – падышалуу”. Бул макал элибиздин бала жана анын коомдогу орду тууралуу кеменгер ой тыянагы десек болот. Биз анын кызматчысыбыз. “Вазир жакшы – хан жакшы” деген нусканын төркүнү ошол жакта. Демек падыша жакшы болуш үчүн, биз жакшы болушубуз керек.

“Тарбия” – арап тилинде деле “тарбия” деп аталып, адамды белгилүү адептик жүрүм-турумга ээ кылууну билдирсе, “таалим”: 1. Окуу, үйрөнүү, сабат ачуу 2. Билим алуу 3. Машыгуу 4. Түшүнүккө ээ болуу деген мамилелерди туюнтат. Демек баланы тарбиялоо үчүн эң биринчи биз өзүбүз тарбиялуу болушубуз зарыл.

Ибн Сина баланын наристе кезиндеги, бойго жеткен курагындагы психикасынын жетилүү жараянын терең изилдеп үйрөнүп, аны жемиштүү өстүрүүнүн каражатын изилдеген. Адам жарык дүйнөгө же жакшы же жаман же ачуулуу же боорукер болуп келбейт. Ар кыл таасир этүүчү себептердин жыйындысы аны мындай же тигиндей кылып калыптандырат. Сырткы чөйрөнүн таасирин кабыл алып, аны таанып билүү менен гана чектелбестен, анын таасири менен бала жакшы жаман сапатка ээ болот. Балдарды тарбиялоодо өтө кылдаттык менен мамиле жасоо керек. Баланын жан дүйнөсү таза тактай сыяктуу, ага ар кандай сүрөттү оңой эле чиймелеп тартса болот деп жазат улуу окумуштуу.

Омар Хаям ойчул, акын, окумуштуу катары тарбиянын максаты – ыйманы таза, акылы тетик, сезими курч адамды калыптандыруу.

Ибн Сина менен Фараби, Омар Хаям да адамдагы жаман сапат да жакшы сапат да тубаса берилбейт, ал түрдүү себептердин таасири астында калыптанат деген ойго келген.

Тарбиянын негизги милдети, Берунинин ою боюнча, адамдын жоругун жана акылын жаман касиеттерден тазалоо, аны жамандыкка алып баруучу эски ырым-жырым, үрп-адаттан, жалган ишенимден, мансапкорлуктан, көйрөңдүктөн куткаруу... Беруни тарбияны өзүн-өзү тарбиялоо менен өтө тыгыз байланышта караган. [9] Орто кылымдын улуу ойчулу Ибн Сина – тарбиянын негизги максаты инсанды акыл жана дене жагынан шайкеш өстүрүү, андагы оор басырык, токтоо мүнөздү калыптандыруу деп эсептеген.

Жусуп бабабыз инсандагы асыл сапаттарды жетилдирүүнүн эң негизги каражаты окуу, билим, илим экендигине элди ынандырып, малга, пулга жардылык эмес, руханий жардылык адамды кемсинтип, жан дүйнөсүн жардылантып, наадандык касиетке ээ кылып катардан чыгаарын эскертет.[9] Адамды байлык, бийлик көркүнө чыгарбайт. Инсандык касиети анын акылында. Акылды өстүрүүнүн каражаты окуу, эмгек.

Адеп – адамдардын коомдогу жана жеке турмушундагы бири-бири менен, коом менен мамилелеринин жана жүрүш-туруш нормаларынын тарыхый жыйындысы. Адептүүлүк адамдардын жеке мамилелерине, коомго жасаган мамилелерине, бири-бири менен жана коом менен карым катнашына, жакшылык-жамандык, абийирдүүлүк, уятсыздык, айкөлдүк, мыкаачылык деген түшүнүктөрдүн негизинде баа берет. Коом адеп ахлак нормаларын иштеп чыгат жана коргойт. Ага илим, салт-санаа, дин саясат, философия, юриспруденция, көркөм өнөр өңдүү коомдук аң сезимдер да өз таасирин тийгизет. Үй-бүлөдө, балдар бакчасында жана мектепте балдарды адептүүлүккө тарбиялоонун милдети, инсандагы идеялык өзөктү – жарандык көз караштты, ишенимди, сезимди, жүрүм-турумду, сөз менен иштеги биримдикти калыптандыруу. Инсандык адептүүлүк аң-сезими, анын жүрүш-турушу, менен ишмердүүлүгүнө өз таасирин тийгизет.

Баланын жүрөгү башка бирөөлөр жөнүндө кооптоно баштаса, ал бирөөгө сөзсүз жакшылык кылгысы келип, кам көрүп, боорукер инсан болуп жетилет. Бала адам катары толук ишенип, тыянак кыла турган, үлгү ала турган инсан менен чогуу жашашы зарыл. Жакшына мамилелер курчаган чөйрөдө жашаган балада жакшы болууга умтулуу талабы калыптанат.

Адеп-ахлак тарбиясы өтө татаал, көп кырдуу карама-каршылыкка бай жараян. Тарбия жараянында тукум-куучулук, чөйрө жана тарбиячылардын талаптарынын ортосундагы, карама-каршылыктар көп кездешет.

Алсак, мугалимдер жана ата-энелер балдардын талаптарын дайыма эле туура түшүнүп, туура канааттандырууга умтулушпайт. Көпчүлүк учурда алардын каалоосуна тыюу салынат. Катуу жазадан корккон бала убактылуу каалоосун тыят, бирок карама-каршылык жоюлбай кала берет. Жаза коркунучу жоголору менен бала алиги каалоосун дароо канааттандырууга умтулат.

Адеп тарбиясы үзгүлтүксүз жараян, ал бала төрөлгөндөн эле баштап, инсандын бүт өмүрү бою улантылат.

Немис элинин чыгаан ойчул акыны Гете: “Боорукер пенде улуу инсандан кем эмес” – деген экен. Ошондуктан Ата Мекенине жан дили менен берилген патриотту, бардык элдердин маданий дараметин сүйүп, ал элдин өкүлдөрүн урматтаган интернационалистти, айкөл гуманистти тарбиялай турган адам, жөнөкөй эле боорукер, мээрбан, жан-жаныбарларга камкор пендени тарбиялоого тийиш.

Адамдын мээси анын жашоосунун алгачкы 12 жылында калыптанып, бул мезгил аралыгында ал болор-болбос нерсеге ызаланма келет. Каалагандай соккулар баланын ден соолугуна таасир тийгизет. Ошондуктан ата-энелер бул планда өзгөчө сак болуулары керек. Бала чоңойгондо (2 жаштан кийинки мезгилдерде) анын психикасынын калыптанышына жана өнүгүшүнө айлана чөйрө олуттуу таасир бере баштайт, биринчи кезекте үй-бүлө, чоңдор менен мамиленин мүнөзү. [10]

Чындыгында ооздон чыккан жакшы сөз да, адамдын ДНКсына гана эмес, анын ден соолугуна, акыл эсине, аң-сезимине, кулк-мүнөзүнө, ой жүгүртүүсүнө, жан дүйнөсүнө, жадагалса анын өмүрү менен тагдырына да таасир бере алат. Азыркы күндө илимпоздор таң калыштуу төмөнкү жыйынтыкка келишти: “ДНК адамдын ар бир сүйлөгөн сөзүн жана ойлогон оюн кабыл алат. Кандай гана сөз айтылбасын – ал жөн гана сөз эмес, мүмкүн ал сенин жашооңду түп-тамыры менен өзгөртүп жиберүүчү “сөз” болуп калышы да мүмкүн. Башкача айтканда адам ким менен сүйлөшпөсүн, анын ДНКсында генетикалык программалар жазылып калат”. [11]

Чындыгында, психологдор психикалык оорууладан баланын дени сак болуп калыптануусуна жана түрдүү оорулардан айыгуусунун бир гана жолу бул “ыраазы болуу” экенин айтып келишет. Ар бир адам өзүнө, күнүмдүк абалына, айлана-чөйрөсүнө, ата-энесине, аялына (күйөөсүнө), балдарына, бир туугандарына, тууган уруктарына, досторуна, коңшуларына, коллегаларына, өз элине ыраазы болууну адат кылышы керек. Ыраазы болгон адам кечиримдүү да боло алат.

Тарбиячылар (ата-эне, мугалим) үңүлө изилдеп түшүнө албаган баладагы купуя сырлар андагы табият берген жөндөм, таланттар, себилген урук топураксыз жана азыксыз өнбөгөн сыяктуу эле керектүү шарт жаралып, атайын жагдай түзүлбөсө балдардагы түрдүү жөндөмдүүлүктөр өсүп-өнүкпөй калат.

Эл атасы –хан, бек болуп, эл камын ойлогон жүрүш-турушу үлгүлүү, нарк-нускалуу боло турган адамдын ордуна бир түркөй, наадан коомго пайдасы жок, ыймансыз болуп жетилиши да мүмкүн .

Демек, жыйынтыктап айтканда инсандын өсүп жетилүүсүндө анын табиятына ылайык уюштурулган тарбиянын орду өтө чоӊ. Ошондуктан төмөнкүдөй сунуш кылат элем:

1. Баланын көп кырдуу инсан болуп жетилүүсүндө чек жок деген ой "Эр жигитке 72 өнөр аздык кылат" – деген элдик макалда айтылат. Бала табияты купуя сырларга толгон керемет, өзүнчө бир жаратылыш. Купуя сырларды сыйкырчы ачкан сыяктуу билими күчтүү тарбиячылар гана керемет инсандарды тарбиялап чыга алат.
2. Инсандагы адептүүлүк касиетин патриоттук, интернационалисттик, гуманисттик, чынчылдык, акыйкатчылдык, уяттуулук, намыскөйлүк сапаттарын балдарда калыптандырууну үй-бүлө, балдар бакчасы, мектеп, орто жана жогорку окуу жайлар жана коомчулук үзгүлтүксүз жүргүзүүсү зарыл.
3. Азыркы Эгемендүү Кыргыз Мамлекетинин мектептеринин, окуу жайларынын жана коомчулуктун негизги милдети жаш муундардагы Ата Мекенинин гүлдөп өсүүсү үчүн, элинин тагдыры үчүн жоопкерчилик сезимин калыптандыруу.
4. Бүгүнкү Эркин Демократиялык Кыргызстандын доору Кыргызстандыктардын акылына, нравалык потенциалына, эркинин, ишенимдеринин жана мүнөзүнүн бекемдигинин, руханий байлыгынын зор сыноодон өтүүсүн талап кылууда. Ошондуктан дүйнөлүк өнүгүүнүн цивилизациясында адамзат алдындагы чоӊ жоопкерчиликти алуу. Бул үчүн ким болуу керек? Чыныгы адам болуу керек! Кыргызды дүйнөгө тааныткан Чынгыз Айтматов атабыз "Адам үчүн эӊ кыйыны күн сайын адам болуу," – деп бекеринен айтпаган. Бул чынынгы адам Мамлекеттин эӊ кичинекей ячейкасы болгон үй-бүлөдө, балдар бакчасында, мектепте, окуу жайларда, коомдо калыптанат. Ал үчүн баарыбыз биргеликте аракет кылуубуз керек.
5. "Мен таза болсом, сен таза болсоӊ, коом да таза болот"-деп чыныгы мекенин сүйгөн улуу инсан Искак Разаков айткандай, мекенди сүйгөн, элибизге, жерибизге кызмат кылган, илимдүү, билимдүү, ыймандуу, ар тараптан гармониялуу өнүккөн, жүрөгү таза, ден соолугу чыӊ ,келечек муундарды тарбиялап эрезеге жеткирүү ар бирибиздин эӊ чоӊ милдетибиз.
6. Жашоодогу бардык жаш энелердин, кыздарыбыздын кулагына күмүш сырга эч качан баланы алгачкы жаш курагында эне мээриминен ажыратышпаса,баланы башкаларга таштап чет жактарга кетишпесе, жаш наристенин көз жашын агызып,тирүү туруп баланын энеге болгон ыссык сүйүүсүн суутпаса ,ар дайым энелик мээрим бала үчүн өз нурун берип турса кандай жакшы болоор эле.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Ашур Али уулу Мавлян. Ооруу жана шыпаа. – Б.:2017.
2. Бекембай Апыш. Тарбия назарияты – Ош:1996
3. Сабыр Иптар уулу. Кыргыз жан дүйнөсү./ Б.:2017.
4. Козубек Миӊбаев, Курак жана педагогикалык психология/ – Ош:1995
5. Мудрость воспитания книга для родителей. Бим-Бад Б.М., Днепров Э.Д., Корнетов Г.Б. Москва Изд.: "Педагогика", 1989.
6. Шоокум журналы. Бугу, 2017 жыл.


* * *

УДК 37.013.77

# БҮГҮНКҮ КҮНДӨГҮ БАЛДАРДЫН ЖАН ДҮЙНӨСҮ
# ВНУТРЕННИЙ МИР СОВРЕМЕННОЙ МОЛОДЕЖИ
# THE INNER WORLD OF MODERN YOUTH

***Джумабаева Э.А. – Кыргыз тили жана адабияты сабагынын окутуучусу***
***Кочкор – Ата колледжи, Кочкор – Ата шаары.***
***dzumabaevaelmira5gmail.com***

***Аннотация :*** *Жаңы кылым... Жаңы муун... Жаштардын бүгүнкү коомдогу орду. Келечек муун эмне менен алек? Балдардын тарбиясына таасир эткен көрүнүштөр. Балдардын жан дүйнөсү, аларды психологиялык жактан түшүнүү.*

***Аннотация:*** *Новое время...Новое поколение... Роль молодежи в современном обществе. Чем живет будущее поколение. Факторы, влияющие на воспитание детей. Внутренний мир детей , их психологическое состояние.*

***Annotation:*** *New time ... A new generation ... The role of youth in modern society. What does the future generation live. Factors affecting the upbringing of children. The inner world of children, their psychological state.*

***Ачкыч сөздөр:*** *маалымат, технология, социалдык абал, мансап, дүйнө таанымы, интернет, рекетчилик, кылмыштуулук, компьютер, тарбия.*

***Ключевые слова:*** *Сведение, технология, социальное положение, карьера, мировоззрение, интернет, рекетизм, преступление, компьютер, воспитание.*

***Key words*** *: information, technology, social, career, ldeology, internet, retracement, crime, computer, upbringing.*




Ааламды багынткан алп жазуучу Ч. Айтматов: «Баарынан аялуусу – баланын жан дүйнөсү. Ошондуктан анын назик сезимин бузбоо керек», - деп таамай айткан. Келечектин ээси боло турган жаш муундун өкүлдөрү ыйманды ыйык туткан, боорукер инсан болуп жетилишинде аны курчап турган чөйрө, сөз байлыгынын дагы белгилүү өлчөмдө таасир этери чындык. Мында баланын тегерегиндегилер адептүү, бири-бирин кадырлап сыйлоону, сөз байлыгына ээ болгон, түшүнгөн адамдар болуусу зарыл.

Бүгүнкү күндө, адам баласы акыл менен ой чапчып турган азыркы маалымат технологиясынын доорунда сүйлөө маданиятыбыз, адеп-ахлак, ыйман, боорукердик деген сыяктуу улуу түшүнүктөр жаштар тарабынан эмнегедир этибарга алынбай, улуу муундар тарабынын да көз жаздымда калып бараткансыйт. Мунун өзү жаны кылымда жашай, окуй жана иштей ала турган инсандарды калыптандыруу милдети ар бирибизге жүктөлгөндүгү менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан бул муундагы инсандардын зээндүү, зирек болуп чоноюшуна кам көрүү ар бирибиздин ыйык милдетибиз.

Жаштардын бүгүнкү коомдогу орду кандай? Алар кайсы багытта, кайда бара жатышат? Келечек ээлери болгон жаштар учурда эмне менен алек? Төмөндө дал ушул суроолорго жооп табууга аракет жасадым.

Азыркы кезде өспүрүмдөр арасында болуп жаткан ар кандай терс көрүнүштөр, кылмыштуулук, рекетчилик, өз өмүрүн кыюунун себептери эмнеден улам болууда? Биз аны алыстан эле издебей эле койсок болот.

Буга бир канча себептерди алып карасак болот. Булар:

- коомдогу социалдык абал жана акчанын жетишпегендиги;
- үй-бүлөдөгү абал, мисалы ата-эне берген тарбиядан, жада калса бул жерде чоң-ата, чоң-энеин тарбиясы да маанилүү;
- баланын аң-сезиминин деңгээлинен. Бала кезден уккан, көргөн мультфильмдер, кинолордун таасири;
- чогуу жүргөн досторунун б.а. чөйрө таасири;
- улууну урматтоо, кичүүнү сыйлоонун унутта калтырылышы бир эле ата-энени, бүт коомчулукту ойлондурбай койбойт.

Менимче, ата-энелердин акыркы отуз жыл аралыгында алган багыты балдардын обочолонушуна, тил табыша билбешине, начар окушуна жана ээн баш болушуна алып келүүдө, Ал эми ата-энелер коом таңуулап жаткан дүнүйөкорлуктун, мансаптын артынан сая түшүп, убактысы акча табууга, анан аны коротууга кеткендиктен, балдары менен өз ара тыгыз мамиле өрчүтүүгө убакыт бөлө албай калышат.. Атасы да, энеси да иштесе, балдар көбүнесе убактыларын өзүлөрү билгендей өткөрөт. Ал эми көзөмөлдүн жетишсиздиги бир топ окуучу мектепте берилген сабак кызыксыз экендигин айтышат. Дегеле окуучуларды айланасындагы болуп жаткан окуялар кызыктырбай калды. Алар өздөрүнө жаккан жаны нерсени издеп жатышат. Бирок аны табуу оной эмес.




Азыр жаштар убактысын билим алууга, өз тажрыйбасын өнүктрүүгө, чыгармачылыгын өстүрүүгө, дүйнө таанымын кенейтүүгө коротуусу керек эмеспи. Тилекке каршы биздин өлкөдө жаштардын өзүн өнүктүрүүдөн көрө рекетчиликке, кылмыштуулукка жана интернетке болгон кызыгуулары күчтөнүп жатканы өкүнүчтүү.

Азыр интернет дүйнөсүндө желип-жортбогон жаштар дээрлик жокко эсе. Бош убактысын дээрлик интернетте терс көрүнүштөрдү көрүү, ар кандай оюндарды ойноо менен өткөрүшөт.

Маалымат каражаттарынын таасири да эбегейсиз. Мунун эмнеси жаман? «Сайенс» журналына чыккан макалада «Кошмо Штаттардагы беделдүү алты уюм», алардын бири - Америка медицина ассоциациясы, маалымат каражаттары аркылуу көрсөтүлүп жаткан зордук-зомбулук менен балдардын бейжай жүрүм-турумунун ортосунда түздөн-түз байланыш бар экенин бир ооздон ырасташканы айтылган. «Бул боюнча адистердин пикири бирдей болсо да, - деп белгиленет аталган гезитте,- көрүнүктүү телеберүүлөр менен басылмалар экрандан көрсөтүлгөн зордук-зомбулуктун жашоодо ишке ашырыларын жалпы коомчулукка айкын жеткирбейт көрүнөт». Айрым маалымат каражаттарынын да орду бар экендиги ачык айкын байкалат.

*Өспүрүм жана компьютер.* Акыркы жылдарда жаш акылды калыптоодо компьютер омоктуу орун ээлеп калды. «Соңку он жылдыктарда үйдө колдонулуучу компьютерлердин саны кескин көбөйдү, - деп маалымдалат „Педиатрия“ деген журналда.- [АКШда] Мектеп жашындагы (6-17 жаштагы) балдар бар үй-бүлөлөрдүн үчтөн эки бөлүгүндө компьютер колдонулат... 1998-жылы 3-17 жаштагы балдардын 55 пайызынын үйүндө компьютер бар болсо, 2000-жылы ал сан 65 пайызга өскөн». Мындай көрүнүш башка өлкөлөрдө да байкалат. Анткен менен үйүндө компьютер жок болсо эле, жаштар

аны колдонбой калбайт. Бир изилдөөчүнүн ырастоосунда, «5-17 жаштагы балдардын орто эсеп менен 90 пайызы компьютер колдонот жана 59 пайызы Интернетке „кирет“». Бул жаштарга маалыматтын чексиз мейкиндигине жол ачат. Албетте, компьютердин, чоң адамдын көзөмөлү жана жоопкерчилик менен колдонулса, пайдасы жок эмес. Бирок, өкүнүчтүүсү, көп ата-энелер балдарына толук эркиндик берип койгон.

Ар бир ата-эненин бирден-бир максаты баласын туура багып өстүрүү.Баланын тарбиясы ,билим алуусу үй-бүлөдөн башталат, ата-эненин жүрүш – турушунан калыптанат.



Бала канчалык жаш болсо, анын кабыл алуусу ошончо тез, тереэн болот. Жаш кезинде балага ата-энен эн күчтүү, эн сулуу, эн мыкты болуп сезилет. Алгачкы эн сезимтал жылдарын бала ата-энеси менен өткөрөт, алардын сүйлөгөнүн сүйлөп, жасаганын туурайт. Ошондуктан баланын жаш кезинде ата-эне кайдыгер мамиле жасабай,күчүн аябай,колунан келишинче ага тарбия, билим берүүгө милдеттүү. Баланын тарбиясына, анын келечегине биринчи иретте үй-бүлө жооптуу. Бирин-бири сыйлаган, түшүнгөн үй-бүлөдө баласы өзүнүн гана ата-энесин, бир туугандарын, башка туугандарын сыйлагандан сырткары өзүнүн тентуштарын дагын сыйлайт, тегерегиндеги адамдарга да сый мамиле жасайт. Ал эми үй-бүлөнүн мүчөлөлөрүнүн ортосундагы чыныгы жылуу мамиле болбосо анда мындай көрүнүш баланын өрчүшүнө терс таасир бербей койбойт.

Ата-эненин балага коюлган талаптары, өздөрүнүн жүрүш-турушуна шайкеш болуусу керек. Эгерде өзүлөрү аткарбаган нерсени баладан талап кылса, бала аны жасабайт же калпка , эки жүздүүлүккө үйрөнөт. Ошондуктан азыркы доордун кырдаалы менен кыйынчылыктары эмки жаштарга өзгөчө оорчулук келтирүүдө.

Адамда боорукердик сезим жөн жерден жаралбайт. Ал тарбиянын негизинде калыптанат.

Биринчиден, баланы тарбиялоо үчүн ата-эне өзү тарбиялуу болуш керек. Мисалы: өзү тамеки чегип туруп, кантип «Чекпе» дейт, өзү ичип туруп, кантип «Арак ичпе» деп айтат. Көрдүнүздөрбү, трагедиянын башы кайда жатат. «Уяда эмнени көрсөн, учканда ошону аласын»-демекчи өспүрүмдөр ата-энени туурап, сүйлөгөнүн сүйлөйт.Ошондуктан тарбияны биринчи өзүбүздөн баштасак.

Өлкөбүздө жумушсуздуктан улам ата-энелерибиз, жаш өспүрүмдөр жумуш издеп чет өлкөлөрдө жүрүшөт. Мунун натыйжасында кароосуз калган балдар ата-энесинен канчалык алыстаган сайын ,алар көзөмөлүн ошончолук жогорулатат же тескерисинче, убакыттын таардыгына шылтоолоп өз жайына коюшат. Муну менен чондор баласына мурункудай жакшы көрүү сезимин көрсөтүүнү унутат. Бул чон ката, мындан улам бала эмоционалдык дефицитке кабылат. Мындай көрүнүш өспүрүмдөрдүн адамдык сапатына терс таасирин тийгизет.



«Балам чонойду» деп ата-эненин өспүрүмгө чон кишинин милдетин жүктөй салуусу да туура эмес. Эгерде кандайдыр бир тапшырманы аткара албай калса, аны «Чонойдунго, а сенин мээн дале иштебейт» же «Сага канча жолу түшүндүрүш керек?» деген сыяктуу сөздөр менен урушабыз.

«Дарактын түрүнүн сакталышында урук

жана данеги кандай мааниге ээ болсо, адамзаттын жашоосунун уланышы үчүн да *бала* ошондой мааниге ээ» - деп айтылат түркий элдер адабиятында. А.В.Афанасевдин « **үй-** бүлө »деген китебинде «Таалим-тарбия тууралуу маалыматы жок ата-эненин колунда өскөн баланын абалы аянычтуу, үй-бүлөнүн денгээлин даана чагылдырган күзгү – бала. Балдардын уятсыздыгы жана бейбаштыгы ал тарбия алган булактын булганыч экенинен кабар берет» деген ой айтылат.

Ошондон улам элибизде айтылып келген : «Балапан уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат»- деген накыл кепти эстесек болот. Жогорудагы айтылган сөздөрдү тактап кетүү үчүн бир гана мисал келтирсем, үй- бүлөдө балдарга кандай сөздөрдү айтууга болот, кандай сөздөрдү айтууга болбойт экендиги жөнүндө ойлонбойбуз. Ар бир айтылган сөз бала үчүн чоң таалим болуп саналышы керектигин билели . Ата-эне *«Сен жасай албайсын, андай эмес мага бер, сенин колуңдан эч нерсе келбейт»*- деп эч качан айтпоо керек. Баланын колунан келбейт деп ата-эне баарын өзү жасай берсе, бала өзүнө ишенбестен, дайыма ата-энесинин көзүн карап, аларга таянма болуп калыптанып калат. *«Мен айткандай болушу керек»*- бул сөз менен ата-энелер баланын өз алдынча өнүгүшүнө тоскоол болушат. Балада *«апам баарын билет, жакшы жасайт, мен баари бир жасай албайм»* - деген ой сөзсүз пайда болот. Ошондуктан балага айтылуучу ар бир сөздү таразалап туура айтууга маани берели.

Эчен кылымды карыткан биздин элибизде гумандуулукка тарбиялоодо дүйнөдө көлөмү жана теңдеши жок улуу мурасыбыз *«Манас» эпосунан* тартып, томуктай боюна тоодой ой батырган *макал-лакаптар* башкы каражат болуп келген. Манасты ушул күнгө чейин сактап келген улуу муундарыбызга таазим. Эми биз кийинки урпактарга Манастын улуулугун, тереңдигин жана сапатын жоготпой жеткирип бере алабызбы? Ошон учун манас сабагы азыркы учурда абдан маанилүү.

Элдик оозеки чыгармачылыктын кайсы гана түрүн албайлы, баарында тең элдик педагогиканын баалуулуктары уюп тургандыгын көрөбүз. Элдик жөө жомоктор, түрдүү темадагы элдик ырлар ар адамдын интеллектуалдык жактан жетилишине оң таасирин тийгизерин залкар жазуучу Ч.Айтматовдун бир далай эскерүүлөрүнөн айкын сезебиз. Бул жөнүндө ал мындай эскерет: «Кат сабаты ачылбаса да, өзүнчө бир керемет сыйкыр акыл-эс ээси болгон чоң энем элдик ырларды, кошокторду жана жомокторду аябагандай көп билчү. Балалыгымдын таттуу күндөрү ошол чоң энемдин мээрими менен өттү». Чоң эненин айткандарын көкүрөгүнө сиңирген, чоң эненин тарбиясынан таасын тарбия алган, чоң эненин мээрими менен гумандуулуктун бардык касиеттерин тулку боюна сиңирген жазуучу ар бир чыгармасында адамдагы эң ыйык сезимди кыйытма ой менен окурманга жеткирип бере алган. Канчалаган улуу классик жазуучу, акындар чоң энелердин тарбиясы менен өсуп жетилишкендигин эскеришет.

Жыйынтыктап айтканда, адамдагы гумандуулук, боорукерлик, чынчылдык, адептүүлүк сыяктуу касиеттер андагы мыкты сапаттардын көрсөткүчү болуп саналат. Бул мыкты сапаттарды дагы да жогорулаатууда эзелтеден келген тарбиялык мааниге уюган «бабалардын бермет сөздөрүн» келечек муундарыбыздын акыл-эсине сиңдирүүбүз керек деп айткым келет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Апыш Б.Педагогика. Б., 2002-ж.
2. Минбаев К.Жаш курак психологиясы. Ош, 1992-ж.
3. Интернет булактары.
4. «Сынчыл ойлом» программасы Бишкек 1995-ж.
5. Эл агартуу 2001 №1.


* * *

УДК 37.091.33=111

# АНГЛИС ТИЛИ САБАГЫН ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОД МЕНЕН ОКУТУУ
# ИНТЕРАКТИВНЫЙ МЕТОД ОБУЧЕНИЯ НА УРОКАХ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА
# INTERACTIVE METHODS IN TEACHING ENGLISH LESSON

***Казыбекова М.М. – англис тилинин окутуучусу***
***Кочкор-Ата колледжи ЖАМУ, Кочкор-Ата ш.***
***Makhabatkazybekova91@gmail.com***

***Аннотация:*** *Бул макалада ангис тилин окутууда интерактивдүү методдордун орду. Макаланын жүрүшүндө келтирилген мисалдар менен интерактивдүү метод менен окутуу, билим алуунун жаны мүмкүнчүлүктөрүнүн ачылышы. Окуучулардын комуникативдик мүмкүнчүлүктөрүнү өркүндөтүү. Мугалим менен студенттин ортосундагы чыгармачылык кызматташтыкты өстүрүү.*

***Аннотация:*** *В данной статье рассматривается интерактивные методы обучения английскому языку. В процессе анализа приходят к выводу о том, что интерактивные методы обучения открывают новые возможности изучения. Развитие коммуникативных умений и навыков. Развитие творческой активности.*

***Annotation:*** *The article considers using interactive methods in teaching English. Interactive methods in teaching English open up new opportunities for studying. Development of communication skills. Development of creative activity.*

***Ачык сөздөр:*** *интерактивдүү метод, окуучунун инсаны, дидактикалык иш аракет, активдүү методдор, усул, диспут, дискуссия, чыгармачылык жөндөмдүлүк, ой жүгүртүү.*

***Ключевые слова:*** *интерактивный метод, личность ученика, дидактическая деятельность, активный метод, диспут, дискуссия, творческая деятельность, мышление.*

***Key words:*** *interactive method, the identity of the students, didactic activity, active methods, critical thinking, debate, discussion, creativity, thinking.*

Дүйнө жүзүндө болуп жаткан политикалык, социалдык, экономикалык өзгөрүүлөр өсүп келе жаткан жаңы муунга таасирин тийгизбей койгон жок.

Жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү иш берүүчүнүн талабына ылайык: иштөөдө анын чыгармачылык жөндөмүн, өз оюн ачык айкын, так дана билдирүүнү, компетенттүүлүк жана коммуникативдүүлүк жөндөмүн, командада иштөөсүн, койгон максатына жетүүдөгү жөндөмдүүлүгүн карап ага болгон талапты күчөттүү.

Окуучуну билим берүүнүн активдүү субъекти катары койгон, азыркы замандын талабына ылайык билим берүүдө сабак берүүнүн жаңы технологиялары жана билим берүүнүн жаңы методдору кире баштады.

Интерактивдүүлүк деген терминди педагогикалык багыт катары карайбыз.

Интерактивдүүлүк «iner-өз ара, act- аракеттешүү» бул окуучу менен студенттин шыгына, суроо талаптарына негизделип, билим берүүнүн жемиштүүлүгүн арттырууга, өркүндөтүүгө, «инновациалоого» багыттап окутууга болгон мамиле, дидактикалык иш аракеттеридин системасы.

Бул сабак процессинде студент менен мугалим ортосунда өз ара пикир алышууда болушу, биргелешкен демилгелүү иш аркеттери, жыйынтыгында бир иреттүү тыянактуу корутундуга келиши.

Интерактивдүү методдорду окуу процессине (билим берүүгө) киргизүүдө көптөгөн окумуштуларды кызыктырып келе жатат, жана да азыркы күндө интерактивдүү окутуунун бир нече классификациясын кездештирсек болот.

Америка педагогикасынын атасы Джон Дьюйинин теориясында белгилегендей

1. Онтогенезде бала адамзаттын таанып билүүдөгү жолун кайталайт
2. Билимдерди өздөштүрүү- спонтандуу башкарылбаган процесс
3. Бала материалды угуу же сезүү органдары аркылуу гана өздөштүрбөйт, аны ал окутуунун активдүү субъекти катары, өзүндөгү билимге болгон керектөөлөр аркылуу өздөштүрөт.

Интерактивдүү метод жөнүндө профессор С.Байгазиев төмөнкүдөй түшүндүрмөлөрдү берет: «интерактивдүү метод деген негизги педагогикалык жаңы багыттын, мындайча айтканда Инсанга багыттап билим берүү философиясынын туундусу. Ушул педагогикалык философиянын турмушка алып келген жыңылыгы, колдонгон куралы, пайдаланган аспабы

Инсанга багытталган билим берүүнүн башкы дөөлөтү – бул окуучунун инсаны (личносту) анын жеке озгочолуктору менен кызыкчылыктары муктаждыктары менен жөндөмдүүлүктөрү, анын башкы максаты окуучунун инсанын өркүндөтүү, анын кызыкчылыгын шыгын эсепке алуу менен чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн, талантын өстүрүү, ичтеги катылып жаткан мүмкүнчүлүктөрүн ачуу (1,21б)»

Окутуунун интерактивдүү усулу жөнүндө Бенжамин Блум төмөнкүлөрдү белгилейт: «интерактивдүү окутуунун башкы максаттарынын бири – студенттердин чыгармачыл ойлонуу билгичтигине, проблемаларды чечүү, жана максатка ылайыктуу , продуктивдүү чечимдерди кабыл алуу үйрөтүү болуп эсептелет»

Азыркы учурда психологдордун айтымы боюнча «жеке инсан» болуп калыптанууда адамдын чыгармачылык жөндөмдүүлүгү, өз оюн тартынбай, корпой билдирүүсү анын инсан болуп өнүгүүсүндө чоң роль ойнойт. Ал эми окуучууга билим алууда кысым болсо, өз оюн идеяларын ачык айкын баяндоого шарт болбосо баланын психологиясына гана эмес, анын ден соолунуна да терс таасирин тийгизүү ыктымалы чоң.

Интерактивдүү методдор менен сабак өтүүдө мугалим Фасилитатор – насаатчы, багыт берүүчү катары иш алып барат. Интерактивдүү сабакта окуучулар төмөнкүдөй эрежелерди сактоосу керек:

1. Сүйлөө тартибин сакталышы
2. Ар бир баалуу
3. Билгени тартынбай айтуу
4. Башка бирөөнүн пикирин акырына чейин уга билүү
5. Маселенини кыска так чечмелениши

Интерактивдүүлүк шартында мугалим менен окуучунун ортосунда төмөнкү касиеттер болушу мүмкүн:

1. Сабырдуулук
2. Түшүнүктүүлүк
3. Өстүк
4. Сылыктык
5. Сыйлагандык
6. Теңдик

**Пасивдүү метод**



Рис. 1

**Интерактивдүү метод**



Бул эрежелерди сактоо окуучулардын ички маданиятын жогорулашына, бири бирин сыйлоого, жашоодогу ар бир маселе боюнча өз пикири болуп аны тартынбай айтуу көндүмдөрүнүн калыптанышына өбөлгө түзөт.

Интерактивдүү сабактардын жүрүшү көтөрүнкү маанайда болушу керек. Окуучулардын биргелешип иштөөсү үчүн жардамдашуу колдоо, кубаттоо, жана алардын биргелешип иштөөсү үчүн бардык шарттарды түзүү.

Интерактивдүү усулдардын артыкчылыгы болуп окуучунун компетентүүлүгүн өстүрүү, англис тилинде өз оюн тартынбай, эркин айтуу болуп саналат.

Англис тилин окутууда өзгөчө эффективдүүлүккө ээ болгон төмөнкү методдорду карайбыз.

Дискуссия.

Дискуссия эркин пикир алышуу, Дискуссиянын бир нече тиби бар: окуу, тематикалык, интерактивдүү. Дискуссия талашып тартышууга негизделген окутуу ыгы болуп саналат.

Дискуссияда окуучулар оз оюн тартынбай, так айтып аны менен бирге өзүно болгон ишенимди күчөтөт, англис тилин сүйлөөгө болгон тоскоолдуктарды коюлган маселени чечүү менен жеңип өтөт.

Акыл чабулуу.

Акыл чабулуу – бул идеяларды иштеп чыгуучу жана проблемаларды чечүүчү адамдар тобуна эсептелген, процедуралардын спецификалык жыйнамы. Сабакта акыл чабулууну жүргүзүү проблемаларды чечүүнүн, идеяларды иштеп чыгуунун, тизмелерди түзүүнүн жана мүмкүн болгон суроо – жоопторду аныктоонун эң мыкты жол жобосу болуп саналат. Акыл чабулууда окуучулар маселени чечүүго болушунча көптөгөн варианттарды айтышы керек. А мугалим өз кезегинде окуучулардан алган жоопторду ар бирин кабыл алуусу шарт. Бул метод менен окуучулардын сөз байлыгы кеңейет, ситуациядан чыгууда ар турдуу ыкмаларды колдонуу менен анын англис тилинде ойлонуусу күчөйт.

Case-stady/

Бул методдо реалдуу ситуациялар сүрөттөлөт. Окуучуларга ситуацияны жазуу түрүндөө сүрөттөө сунушталат, маселени анализдеп кейсте катылып турган проблеманы чечүүнү

сунушталат. Ушул мезгилде биз теория менен практиканы айкалыштырабыз. Себеби реалдуу маселе, ага дуушар болуп калуу мүмкүндүгү бар. Кейстеги маселени талкууга топко коебуз муну менен бала командада иштөөнү, бирөөнүн оюн уга билүүнү үйрөнөт.

Ролдоштуруу. Бул методдо балдар топтордо иштешет жана өздөрүнө ролдорду бөлүштүрүп алышат, ар бир бала алган ролго карап мугалим да өзүнө роль тандаса болот. Пландаштыруу, уюштуруу менен окуучулар өз таланттарын көргөзө алышат. Бул методдун артыкчылыгы болуп белгилүү бир роль аткаруу менен окуучу өзүндө ар түрдүү эмоцияны өткөрө алат.

Англис тили сабагында ар түрдү англис адабиятындагы чыгармалар менен жогоруудагы метод аркылуу тааныша алышат. Жана чыгармадагы каармандын сезимдерин өзү аркылуу өткөрүү менен англис тилине болгон кызыгуусу артат.

Жогоруда айтылган интерактивдүү методдор (дискуссия, акыл чабуулу, stady case, ролдоштуруу) окутуунун эффективдүүлүгүн, окуучунун сабакка болгон кызыгуусун арттырат.

Методист Чымановдун пикиринде: «Мугалим кайсы гана интерактивдүү методу колдонбосун, аны колдонуунун максатын, алынуучу натыйжаны, колдонууга аткарылуучу иш аракеттерди так аныктап пландаштыруусу зарыл. Ансыз кандай гана метод болбосун ал каалаган натыйжаны бере албайт.» (4,62б)

Интерактивдүү окутуунун усулдары коп. Бирок мугалим отүлүүчү темага карап методдорду иргеп алып, ыкма каражаттарды тандоо ийгиликке жетүүнүн башкы өбөлгөсү экенин унутпоо зарыл.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Байгазиев С.Б. Окутуунун интерактивдүү методдору Б., 2004. 21-бет
2. Мамбетакунов Э.М. Методология и качество педагогических исследований Б., КНУ им. Баласагына 2006
3. Чыманов ж.А. Окутуу методдору. Б., 2007
4. Петренко М.А Интерактивная технология развития творческой активности 2014


* * *

УДК 37. 012

# ПРОФЕССИОНАЛЬНАЯ ПОДГОТОВКА УЧИТЕЛЕЙ ИНФОРМАТИКИ К ИСПОЛЬЗОВАНИЮ ИНФОРМАЦИОННЫХ И КОММУНИКАТИВНЫХ ТЕХНОЛОГИЙ ОБУЧЕНИЯ

# ИНФОРМАТИКА МУГАЛИМДЕРИН ИНФОРМАЦИЯЛЫК ЖАНА КОММУНИКАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУГА КЕСИПТИК ДАЯРДОО

# TRAINING TEACHERS OF COMPUTER SCIENCE FOR THE USE OF INFORMATION AND COMMUNICATION TECHNOLOGY TRAINING


***Омаралиев А.Ч. – к.п.н., доцент, Ошский Государственный Университет,г. Ош,***
***omalik62@mail.ru***

***Төрөгулова Р. – преподаватель, ЖАГУ, г. Джалал-Абад,***
***rtorogulova@mail.ru***


***Аннотация:*** *В статье рассмотрено наиболее широкие возможности профессиональной подготовки учителя информатики реализующаяся в трех направлениях. В первом направлении ИКТ используется при изучении специальных*

*дисциплин. Реализация данного направления происходит на основе активного внедрения в учебный процесс педагогических программных средств ИКТ. Во втором направлении рассматриваются вопросы методов преподавания, ориентированных на применение ИКТ, оно содержит как некоторую инвариантную компоненту, общую для всех специальностей, так и вариативную составляющую. В третьем направлении изучение и практическое использование инструментальных программных средств является составной частью профессиональной подготовки и это направление должно занять свое достойное место в политехнической подготовке любого учителя.*

***Аннотация:*** *Статьяда информатика мугалимдеринин кесиптик даярдыгын үч багыт боюнча ишке ашыруунун кеңири мүмкүнчүлүктөрү каралган. Биринчи багытында, атайын адистиктерди окутууда маалымат – коммуникациялык технологияларын колдонуу. Бул багытта окутуу атайын педагогикалык программалык каражаттардын негизинде жүзөгө ашырылат. Экинчи багытында, маалымат-коммуникациялык технологияларына ылайыкташтырылган окутуунун методдору жөнүндөгү маселе каралат. Ал эми, үчүнчү багытында мугалимдерди кесиптик жана политехникалык даярдоонун негизин инструменталдык программалык каражаттардын практикалык колдонулушу түзөрү айтылат.*

***Annotation:*** *the article considers the broader opportunities for professional training of teachers of computer science as realized in three directions. In the first direction ICT is used in the study of special subjects. The implementation of this direction occurs through the active introduction in educational process of pedagogical software tools of ICT. In the second direction deals with the issues of teaching methods focused on the use of ICT, as it contains some invariant component that is common to all specialties, and a variable component. In the third direction of the study and practical use of the software tools is an integral part of training and this direction should take its rightful place in the Polytechnic training of any teacher.*

***Ключевые слова:*** *Профессиональная подготовка, информационно-коммуникационных технологий, компьютерные обучающие программы (КОП), педагогические программные средство, инструментальные программные средство, оптимизация, планирование, знание, умение, навыки.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Кесиптик даярдык, маалымат-коммуникациялык технологиялары, компьютердик окутуучу программалар, педагогикалык программалык каражаттар, инструменталдык программалык каражаттар, оптималдаштыруу, пландаштыруу, билгичтик, ык, навык.*

***Key words:*** *Professional training, information and communication technologies, computer-based training program (COP), a pedagogical software tool tool software tool, optimization, planning, knowledge, ability, skills.*

Сегодня Кыргызстан вступает в новую стадию своего развития – в эпоху информационного общества, характеризующегося ускорением темпов развития техники, созданием новых интеллектуальных технологии, превращением информации в важнейший глобальный ресурс человечества.

Информатизация охватывает все сферы жизни общества, в том числе и учебный процесс вуза. В условиях стремительного роста учебной информации принятие рациональных, научно-обоснованных решений учебного процесса требует сбора и обработки огромных массивов информации, ее осмысления и анализа с применением современных информационно-коммуникационных технологий (ИКТ). В этой связи одной из важнейших задач, стоящих перед педагогическими вузами, является формирование и развитие информационной культуры (ИК) будущего педагога. Владение информационной культурой обеспечивает будущему специалисту не только высокий уровень

образованности, но и создает прочный фундамент для дальнейшего самостоятельного продвижения по пути овладения профессиональными знаниями, умениями и навыками. Анализ научно-педагогических исследований и учебно-методической литературы показал, что в них обоснован ряд информационно содержательных уровней подготовки учителя: *информационная осведомленность, информационная грамотность, информационная культура, информационная компетентность.*

Следует отметить, что мнение большинства ученых-методистов сходится в том, что *информационная подготовка должна стать составным элементом всех без исключения видов профессиональной подготовки современного учителя, что естественным образом требует их совершенствования и единого подхода к информатизации занятий по соответствующим циклам.* Наиболее широкие возможности для информационной подготовки учителя представляет специальная, методическая и политехническая подготовка, реализующаяся в трех направлениях.

*В первом* направлении ИКТ используется при изучении специальных дисциплин. Реализация данного направления происходит на основе активного внедрения в учебный процесс педагогических программных средств ИКТ. При этом компьютерные обучающие программы (КОП) – наиболее распространенный тип педагогических программных средств (см. Рис.1).




*Рис.1. Компьютерные обучающие программы*

*Во втором* направлении рассматриваются вопросы методов преподавания, ориентированных на применение ИКТ, оно содержит как некоторую инвариантную компоненту, общую для всех специальностей, так и вариативную составляющую.

*В третьем* направлении изучение и практическое использование инструментальных программных средств является составной частью информационной подготовки. Это направление должно занять свое достойное место в политехнической подготовке любого учителя.

Анализ процесса информатизации средней школы, состояния преподавания информатики как общеобразовательной дисциплины показывает, что работающие учителя информатики зачастую не готовы к решению поставленных перед ними задач, что объясняется существованием ряда противоречий. Считаем, что устранение этих противоречий возможно на основе совершенствования профессионально-педагогической подготовки преподавателей информатики в системе повышения квалификации и переподготовки педагогических кадров.

Необходимость овладения ИК обусловлена не только профессиональными функциями и задачами педагога, но и особенностями обучения в педагогическом вузе:

-запоминанием студентами больших объёмов информации и справочных данных, необходимостью пользования электронной библиотекой;

-педагогическими информационными системами и базами данных для знакомства с новейшими достижениями ИК технологии.

Проведенный анализ научных работ о формировании ИК, с учетом требований и характера деятельности современного учителя, позволил нам сформулировать понятие «информационная культура будущего педагога». Под *информационной культурой будущего педагога* мы понимаем интегративное качество личности, представляющее собой динамическую систему ценностей, мотивов, качеств, знаний, умений, навыков, опыта информационной деятельности, отражающее уровень развития информационной компетентности, обеспечивающее личностный и профессиональный рост.

Систематизируя многочисленные исследования и исходя из задач, видов профессиональной деятельности и квалификационных требований к работникам образования нами определены следующие компоненты в структуре информационной культуры будущего педагога. (рис. 2):




*Рис. 2. Структурные компоненты информационной культуры будущего педагога.*

- *теоретико-мировоззренческий* – это система теоретических знаний и представлений об информации, информационной среде, информационных ресурсах, информационных технологиях, информационном обществе и места человека в нем, целях, правовых и этических аспектов информационной деятельности, осознание объективных факторов внешнего мира, убеждения, идеалы, взгляды, принципы и т.п.;

- *мотивационно-ценностный* – это наличие мотивации, интереса к изучению методов и технологий работы с информацией, понимание важности, личностной и социальной значимости информации, информационных технологий, осознание важности непрерывного образования, необходимости совершенствования знаний, потребность в самореализации в качестве субъекта в условиях информатизации образования;

- *программно-технологический* компонент включает практические умения и навыки поиска, приема, переработки, хранения, презентации, передачи, использования информации средствами ИКТ;

- *личностно-творческий* – это способность классифицировать задачи, выбирать и применять адекватные инструментальные средства для их решения, способность творческого подхода в профессиональных неординарных ситуациях, способность создавать собственный информационный продукт на основе самостоятельно найденной, критически оцененной и преобразованной информации, находить и реализовывать способы оптимизации деятельности на основе использования ИКТ, а также профессионально значимые волевые качества, необходимые для реализации информационной деятельности (дисциплинированность, организованность, внимательность, самостоятельность, настойчивость, инициативность, креативность).

В процессе профессионального становления будущего педагога информационная культура выполняет следующие функции: развивающую, преобразующую, ценностно-смысловую, мировоззренческую, познавательную, оптимизирующую, социальную.

Набор специальных знаний, умений и навыков необходимых на всех этапах информационной деятельности, составляющие сущность ИК выступают показателями сформированности информационной культуры будущего педагога. Отмечая большую роль исследований по данной проблеме, необходимо подчеркнуть, что в них не рассматривается целостно профессионально-педагогическая подготовка учителей информатики в процессе повышения квалификации. В связи с этим одной из главных задач нашего исследования является построение *концептуальной модели* указанной подготовки, которая включает в себя: цель и задачи; содержание основных компонентов и структуру; ведущие принципы организации.

Мы считаем, что *цель профессионально-педагогической подготовки* учителя информатики на курсах повышения квалификации – это совершенствование его профессионального мастерства как специалиста, владеющего основами предметной области знаний, педагогической теории, а также профессиональными умениями и навыками. Применительно к методической подготовке учителей информатики в системе повышения квалификации, мы полагаем, что этот вид подготовки должен быть наиболее существенной частью профессиональной подготовки, обладать по отношению к ней интегрирующим свойством и представлять собою непрерывный управляемый процесс формирования и развития профессиональнопедагогических умений учителя.

